# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) *17*

## *"Камсыздандыруу келишимдери"*

## Максаты

**1. "*Камсыздандыруу келишимдери*" ФОЭС (IFRS) 17 ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө таандык *камсыздандыруу келишимдери* боюнча маалыматты таануу, баалоо, берүү жана ачып көрсөтүү принциптерин белгилейт. ФОЭС (IFRS) 17нин максаты болуп мындай келишимдерди туура көрсөткөн жөндүү маалыматтын ишкана тарабынан берилишин камсыз кылуу саналат. Ушул маалымат камсыздандыруу келишимдеринин ишкананын финансылык абалына, финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына карата таасир этүүсүн баалоо үчүн финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары тарабынан колдонулган негиз болуп саналат.**

2. ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ишкана өзүнүн чыныгы укуктарын жана милдеттерин, алар келишимдер, мыйзам же ченемдик актылар менен шарттталгандыгына карабастан, эсепке алышы керек. Келишим – юридикалык жактан корголгон укуктарды жана милдеттерди түзгөн эки же бир нече тараптардын ортосундагы макулдашуу. Келишимде укуктардын жана милдеттердин юридикалык жактан корголгондугу мыйзамдар менен камсыз кылынат. Келишимдер жазуу жүзүндөгү формада, оозеки формада болушу мүмкүн же болбосо, ишкананын демейки иштиктүү практикасынан улам божомолдонушу мүмкүн. Келишимдик шарттарга келишим боюнча ачык белгиленген же божомолдонгон бардык шарттар таандык, бирок ишкана коммерциялык өлчөмү жок (башкача айтканда, келишимдин экономикалык жагына билинээр таасири жок) шарттарды эсепке албашы керек. Келишим боюнча божомолдонгон шарттар мыйзамда же жөнгө салуучу талаптарда каралган шарттарды камтыйт. Кардар менен келишим түзүү практикасы жана жол-жоболору юрисдикцияларга, тармактарга жана ишканаларга жараша өзгөрүлөт. Мындан тышкары, алар бир эле ишкананын алкагында айырмаланышы мүмкүн (мисалы, алар кардарлардын категорияларына же убадаланган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрүнүн мүнөзүнө байланыштуу болушу мүмкүн).

## Колдонуу чөйрөсү

3. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17 төмөнкүлөргө карата колдонушу керек:

(a) *кайра камсыздандыруу келишимдерин* кошуп, ал тарабынан чыгарылган камсыздандыруу келишимдерине;

(b) ал тарабынан кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерине;

(c) ишкана камсыздандыруу келишимдерин да чыгарган учурда, ал тарабынан чыгарылган *дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдерге*.

4. Камсыздандыруу келишимдерине ФОЭС (IFRS) 17деги бардык шилтемелер ошондой эле төмөнкүлөргө да таандык:

(a) төмөнкүлөрдөн тышкары, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери:

(i) чыгарылган камсыздандыруу келишимдерине шилтемелерден; жана

(ii) 6 - 70-пункттарда сыпатталган учурлардан;

(b) 3(c)-пунктундагы камсыздандыруу келишимдерине шилтемеден жана 71-пунктта сыпатталган учурлардан тышкары, 3(c)-пунктунда белгиленген дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер.

© ФОЭС Фонду

5. Чыгарылган камсыздандыруу келишимдерине ФОЭС (IFRS) 17деги бардык шилтемелер ошондой эле камсыздандыруу келишимдерин өткөрүп берүүнүн же бизнестерди бириктирүүнүн натыйжасында ишкана тарабынан алынган, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринен айырмаланган камсыздандыруу келишимдерине да таандык.

6. А тиркемесинде камсыздандыруу келишиминин аныктамасы камтылган, ал эми В тиркемесинин В2 - В30-пункттарында камсыздандыруу келишиминин аныктамасын пайдалануу боюнча колдонмо берилген.

7. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни төмөнкүлөргө карата колдоно албайт:

(a) өзүнүн товарларын же кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуучуга сатууга байланыштуу, өндүрүүчү, дилер же чекене соодагер тарабынан берилген кепилдиктерге (*"Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше"* ФОЭС (IFRS) 15ти караңыз);

(b) кызматкерлердин сыйакылары  программалары боюнча иш берүүчүлөрдүн активдерине жана милдеттенмелерине ("*Кызматкерлердин сыйакылары*" ФОЭС (IAS) 19ду жана "*Акцияларга негизделген төлөмдөр"* ФОЭС (IFRS) 2ни караңыз) жана белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалардын финансылык отчеттуулугунда чагылдырылган пенсиялык төлөмдөр боюнча милдеттенмелерге ("*Пенсиялык программалар боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук"* ФОЭС (IAS) 26ны караңыз);

(c) финансылык эмес объектти келечекте пайдалануу же пайдаланууга укук менен байланыштуу болгон келишимде каралган укуктарга же келишимде каралган милдеттерге (мисалы, айрым лицензиялык төлөмдөргө, роялтиге, өзгөрүлмө жана башка шарттуу ижара төлөмдөрүнө жана ошого окшош беренелерге) (ФОЭС (IFRS) 15ти, *"Материалдык эмес активдер"* ФОЭС (IAS) 38ди жана "Ижара" ФОЭС (IFRS) 16ны караңыз);

(d) өндүрүүчү, дилер же чекене соодагер тарабынан берилген жоюу наркынын кепилдиктерине, жана эгерде алар ижаранын шарттарына киргизилген болсо, ижарачы тарабынан берилген жоюу наркынын кепилдиктерине (ФОЭС (IFRS) 15ти жана ФОЭС (IFRS) 16ны караңыз);

(e) келишимдерди чыгарган тарап мындай келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катары карайт деп мурда ачык формада жарыялаган жана аларды камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулчу тартипте эсепке алган учурлардан тышкары, финансылык кепилдик келишимдерине. Ушул тарап мындай финансылык кепилдик келишимдерине карата же ФОЭС (IFRS) 17ни же *"Финансылык инструменттер: маалымат берүү"* ФОЭС (IAS) 32ни, *"Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү"* ФОЭС (IFRS) 7ни жана *"Финансылык инструменттер"* ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу тууралуу чечим кабыл алышы керек. Келишимди чыгарган тарап мындай чечимди өз-өзүнчө ар бир келишимге карата кабыл алышы мүмкүн, бирок ар бир келишим боюнча кабыл алынган чечим кийин кайра каралууга жатпайт;

(f) бизнестерди бириктирүү боюнча бүтүмдө төлөнүүгө же алынууга жаткан шарттуу ордун толтурууга (*"Бизнестерди бириктирүү"* ФОЭС (IFRS) 3тү караңыз);

(g) мындай келишимдер кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери болуп саналган учурлардан тышкары, ишкана камсыздандыруу полисин кармоочу болуп саналган, камсыздандыруу келишимдерине (3(b)-пунктун караңыз).

© ФОЭС Фонду

8. Айрым келишимдер камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берет, бирок алардын негизги максаты кызмат көрсөтүүлөрүн бекитилген сыйакы үчүн берүүдө турат. Ишкана белгилүү шарттар аткарылып жаткан учурда жана ушул гана учурда, ал чыгарган мындай келишимдерге карата өз каалоосу боюнча ФОЭС (IFRS) 17ни эмес, ФОЭС (IFRS) 15ти колдонушу мүмкүн. Ишкана мындай чечимди өз-өзүнчө ар бир келишимге карата кабыл алышы мүмкүн, бирок ар бир чечим боюнча кабыл алынган чечим кийин кайра каралууга жатпайт. Белгиленген шарттарга төмөнкүлөр кирет:

(a) ишкана айрым кардарга байланыштуу тобокелдиктин баалоосун, ушул кардар менен келишимдин баасын аныктоодо, чагылдырбайт;

(b) келишимде кардарга компенсациялоо кардарга акчалай төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу жолу менен эмес, кызмат көрсөтүүлөр түрүндө каралган; жана

(c) келишим боюнча өткөрүп берилчү камсыздандыруу тобокелдиги мындай кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркына карата айкын эместикке байланыштуу эмес, негизинен, кардар тарабынан кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланууга байланыштуу пайда болот.

### Камсыздандыруу келишимдерин бириктирүү

9. Бир эле же байланышкан контрагент менен түзүлгөн камсыздандыруу келишимдеринин жыйындысы же бир катары бир жалпы максатты көздөшү же ага жетишүү үчүн багышталышы мүмкүн. Мындай келишимдердин мазмунун чагылдыруу үчүн ишканага мындай келишимдердин жыйындысын же бир катарын бир бүтүндүк катары эсепке алуу талап кылынышы мүмкүн. Мисалы, бир келишим боюнча укуктар жана милдеттер бир эле убакта ошол эле контрагент менен түзүлгөн башка келишим боюнча укуктарды жана милдеттерди жокко чыгаруу үчүн гана каралып жатса, ушул келишимдердин жыйынды натыйжасы укуктардын жана милдеттердин жоктугунда турат.

### Камсыздандыруу келишиминен компоненттерди бөлүп чыгуу (B31 - B35-пункттар)

10. Камсыздандыруу келишими, өзүнчө келишим болушса, башка стандарттарды колдонуу чөйрөсүнө таандык боло турган бир же бир нече компоненттерден турушу мүмкүн. Мисалы, камсыздандыруу келишими *инвестициялык компонентти же* сервистик компонентти (же экөөнү тең) камтышы мүмкүн. ишкана келишимдин компоненттерин идентификациялоо жана аларды эсепке алуу тартибин аныктоо үчүн 11-13-пункттарды колдонушу керек.

11. Ишкана төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) келишим бөлүнүүгө жаткан, камтылган туунду инструментти камтыгандыгын, жана аны камтыса, мындай туунду инструментти кантип эсепке алуу керектигин аныктоо үчүн ФОЭС (IFRS) 9ду колдонушу керек;

(b) Инвестициялык компонент айырмалануучу болуп саналган учурда жана ушул учурда гана инвестициялык компонентти негизги камсыздандыруу келишиминен бөлүп чыгарууга (B31 - B32-пункттарды караңыз). Бөлүп чыгарылган инвестициялык компонентти эсепке алуу үчүн ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарын колдонушу керек.

12. Камтылган туунду инструменттер жана айырмалануучу инвестициялык компоненттер менен байланыштуу бардык акча каражаттарынын агымдарын бөлүп чыгаруу максатында, 11-пункттун талаптарын колдонуудан кийин ишкана негизги камсыздандыруу келишиминен айырмалануучу товарларды же камсыздандыруу эмес кызмат көрсөтүүлөрүн камсыздандыруу полисин кармоочуга өткөрүп берүү убадасын бөлүп чыгаруу үчүн ФОЭС (IFRS) 15тин 7-пунктун колдонушу керек.

Ишкана мындай убадаларды ФОЭС (IFRS) 15 ылайык эсепке алышы керек. ФОЭС (IFRS) 15тин 7-пунктун колдонууда мындай убадаларды бөлүп чыгуу үчүн ишкана ФОЭС (IFRS) 17нин B33 - B35-пункттарын колдонушу керек, жана баштапкы таанууда ал төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) камсыздандыруу компонентинин жана айырмалануучу товарларды жана камсыздандыруу эмес кызмат көрсөтүүлөрүн өткөрүп берүү убадасынын ортосунда акча каражаттарынын агымдарынын киришин бөлүштүрүү үчүн ФОЭС (IFRS) 15ти колдонууга; жана

(b) камсыздандыруу компонентинин жана ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эсепке алынган товарларды жана камсыздандыруу эмес кызмат көрсөтүүлөрүн өткөрүп берүү убадаларынын ортосунда акча каражаттарынын агымдарынын чыгышын төмөнкүдөй кылып бөлүштүрүүгө:

(i) ар бир компонент менен түздөн-түз байланыштуу акча каражаттарынын чыгышы ошол компонентке таандык болгондой; жана

(ii) бардык калган акчалардын агылып кетиши ошол компонент өзүнчө келишим болсо, пайда болушу ишкана тарабынан күтүлгөн акчалардын агылып кетишин чагылдырган системалуу жана рационалдуу негизде бөлүштүрүлгөндөй.

13. 11-12-пункттарды колдонуудан кийин ишкана негизги камсыздандыруу келишиминин бардык калган компоненттерине карата ФОЭС (IFRS)17ни колдонушу керек. Мындан ары камтылган туунду инструменттерге ФОЭС (IFRS) 17деги бардык шилтемелер негизги камсыздандыруу келишиминен бөлүп чыгарылбаган туунду инструменттерге таандык, ал эми инвестициялык компоненттерге шилтемелер негизги камсыздандыруу келишиминен бөлүнүп чыкпаган инвестициялык компоненттерге таандык (B31-B32-пункттарда белгиленген инвестициялык компоненттеринен тышкары).

## Камсыздандыруу келишимдеринин агрегациялоо деңгээли

14. Ишкана *камсыздандыруу келишимдеринин портфелдерин* идентификациялашы керек. Портфель окшош тобокелдиктерге кабылуучу жана биргелешип башкарылган келишимдерди өзүнө камтыйт. Бир өндүрүмдүк линейкалардын алкагындагы келишимдердин окшош тобокелдиктерге кабылаары божомолдонот, ошондуктан, алар биргелешип башкарылса, алардын бир портфелге кириши күтүлөт. Ар кандай өндүрүмдүк линейкаларга таандык келишимдердин (мисалы, белгилүү убакытка өмүрдү камсыздандыруу келишимдерине салыштырмалуу бекитилген аннуитеттик төлөмдөр жана бир жолу төлөнүүчү премиялар менен келишимдер) ар кандай тобокелдиктерге кабылаары божомолдонот, ошондуктан, алардын ар кандай портфелге кириши күтүлөт.

15. 16-24-пункттар чыгарылган камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулат. Кармалып турган келишимдерди агрегациялоого карата талаптар 61-пунктта берилген.

16. Ишкана чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин портфелин, жок дегенде, төмөнкүлөргө бөлүштүрүшү керек:

(a) эгерде ошондойлор бар болсо, баштапкы таануу учуруна карата оордотулган болуп саналган келишимдердин тобуна;

(b) эгерде ошондойлор бар болсо, баштапкы таануу учуруна карата кийин оордотулган болуп калаарына олуттуу ыктымалдык жок болгон келишимдердин тобуна; жана

(c) эгерде ошондой бар болсо, портфелде калган келишимдердин тобуна.

© ФОЭС Фонду

17. Эгерде ишканада, 16-пунктка ылайык, келишимдердин бардык жыйындысы бир топко таандык болот деген корутундуга келүүгө мүмкүндүк берген негизделген жана ырасталган маалымат бар болсо, анда ал келишимдер оордотулган болуп саналаарын (47-пунктту караңыз) аныктоо үчүн келишимдердин ошол жыйындысын баалашы жана кийин ошол келишимдер оордотулган болуп калаарына (19-пунктту караңыз) олуттуу ыктымалдуулуктун жок болушун аныкташы мүмкүн. Эгерде ишканада келишимдердин бүткүл жыйындысы бир топко таандык болот деген корутундуга келүүгө мүмкүндүк берген негизделген жана ырасталган маалымат жок болсо, ал кайсы топко таандык экенин аныктоо үчүн ар бир келишимди өз-өзүнчө баалашы керек.

18. Аларга карата ишкана тарабынан премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулган чыгарылган келишимдерге карата (53-59-пункттарды караңыз) ишкана, фактылар жана жагдайлар тескерисинче белгилеген учурлардан тышкары, баштапкы таануу учуруна карата портфелде оордотулган келишимдер жок деген божомолдон улам чечим кабыл алышы керек. Баштапкы таануу учуруна карата оордотулган болуп саналбаган келишимдер кийин оордотулган болуп калаарына олуттуу ыктымалдуулуктун жок болушун аныктоо үчүн ишкана тийиштүү фактылардын жана жагдайлардын өзгөрүү мүмкүнчүлүгүн талдап чыгышы керек.

19. Аларга карата ишкана тарабынан премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулбаган чыгарылган келишимдерге карата (53-59-пункттарды караңыз) ишкана баштапкы таануу учуруна карата оордотулган болуп саналбаган келишимдер кийин оордотулган болуп калаарына олуттуу ыктымалдуулуктун жок болушунун предметине талдоону төмөнкүдөй кылып, жүргүзүшү керек:

(a) пайда болуу учурунда келишимдерди оордотулган катары баалоого алып келген божомолдордо өзгөрүүлөрдүн болушу ыктымалдыгынан улам;

(b) ишкананын ички отчеттуулугунда берилген баалоолор жөнүндө маалыматты колдонуп. Мында баштапкы таануу учуруна карата оордотулган болуп саналбаган келишимдер кийин оордотулган болуп калаарына олуттуу ыктымалдуулуктун жок болушун баалоодо:

    (i) ишкана анын ички отчеттуулугунда берилген, келишимдердин ар кандай түрлөрү боюнча божомолдордогу өзгөрүүлөрдүн алар кийин оордотулган болуп калуу мүмкүнчүлүгүнө таасир этүүсү жөнүндө маалыматты этибарына албай койбошу керек; бирок

    (ii) ишкана анын ички отчеттуулугунда берилген, келишимдердин ар кандай түрлөрү боюнча божомолдордогу өзгөрүүлөрдүн таасир этүүсү жөнүндө маалыматтын үстүнө кошумча маалымат топтоого милдеттүү эмес.

20. Эгерде 14-19-пункттардын колдонулушу, мыйзам же жөнгө салуучу талаптар ишкананын ар кандай тарифтерди же ар кандай мүнөздөмөлөрү менен камсыздандыруу полистерин кармоочулар үчүн пайдалардын деңгээлин белгилөөнүн иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгүн белгилүү бир түрдө чектегендиктен, бир портфелдин курамындагы келишимдер ар кандай топторго түшүп калышына алып келсе, ишкана мындай келишимдерди бир топко киргизүүгө укуктуу. Ишкана ушул пунктту окшоштук боюнча башка учурлар үчүн колдонууга укуктуу эмес.

21. Ишкана 16-пунктта белгиленген топторду кичи топторго бөлүүгө укуктуу эмес. Мисалы, ишкана портфелди төмөнкүлөргө бөлүү чечимин кабыл алышы мүмкүн:

(a) эгерде ишкананын ички отчеттуулугунда төмөнкүлөрдү бөлүп чыккан маалымат берилсе, баштапкы таануу учуруна карата оордотулган болуп саналбаган келишимдердин бир нече топторуна:

    (i) кирешелүүлүктүн ар кандай деңгээлдерин; же

(ii) келишимдер баштапкы таануудан кийин оордотулган болуп калаарына ар кандай ыктымалдыктарды;

(d) эгерде ишкананын ички отчеттуулугунда ошол келишимдердин оордотулуучулугунун даражасы жөнүндө кыйла толук маалымат берилсе, баштапкы таануу учуруна карата оордотулган болуп саналган келишимдердин бир нече топторун.

22. Ишкана бир жыл айырма менен чыгарылган келишимдерди бир эле топко кошо албайт. Ушул шартты аткаруу үчүн ишкана, зарыл болгондо, 16-21-пункттарда белгиленген топторду кичи топторго бөлүшү керек.

23. *Камсыздандыруу келишимдеринин тобу*, эгерде бул 14-22-пункттарды колдонуунун натыйжасы болуп саналса, бир эле келишимди камтышы мүмкүн.

24. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17нин талаптарын таануу жана баалоо бөлүгүндө 14-23-пункттарга ылайык аныкталган чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин топторуна карата колдонушу керек. ишкана ошол топторду баштапкы таануу учуруна карата аныкташы керек жана кийин топтун курамын кайра кароого укуктуу эмес. Келишимдердин тобун баалоо үчүн ишкана 32(a), 40(a)(i) жана 40(b)-пункттарына ылайык, келишимдердин топтору боюнча мындай эсептик баалоолорду бөлүштүрүү жолу менен ошол топту баалоого келишимдерди аткаруу боюнча тийиштүү акча каражаттарынын агымдарын киргизе алган учурда, ишкана *келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын* агрегациялоонун кыйла жогору деңгээлинде баалай алат.

## Таануу

25. Ишкана ал чыгарган келишимдердин тобун төмөнкүдөй күндөрдүн эң эле эртесине карата таанышы керек:

(a) келишимдердин тобу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин башталышы;

(b) келишимдердин тийиштүү тобунда камсыздандыруу полисин кармоочудан биринчи төлөмдү төлөө күнү келгенде; жана

(c) оордотулган келишимдердин тобуна карата – ушул топ оордотулган болуп баштаган күн.

26. Эгерде келишимде төлөмдүн күнү каралган эмес болсо, анда камсыздандыруу полисин кармоочудан алынган биринчи төлөм аны алган учурда жүргүзүлүүгө тийиш деп эсептелет. Ишкана, 16-пунктту колдонуп, фактылар жана жагдайлар ушундай топтун бар болушун тастыктаса, 25(a) жана 25(b)-пункттарында белгиленгендердин эң эле эрте күнү келгенге чейин кандайдыр бир келишимдер оордотулган келишимдердин тобун түзгөндүгүн аныкташы керек.

27. Ишкана келишимдердин ушул тобун таануу учуруна чейин төлөп же алып жаткан чыгарылган келишимдердин тобуна таандык *аквизициялык акча каражаттарынын агымдарына* карата активди же милдеттенмени, 59(a)-пунктуна ылайык ишкана аларды чыгашалар же кирешелер катары таануу чечимин кабыл алган учурлардан тышкары, таанышы керек. Ишкана ушул акча каражаттарынын агымдары таандык болгон камсыздандыруу келишимдеринин тобун таануу учурунда ушундай аквизициялык акча каражаттарынын агымдарына карата таанылган активди же милдеттенмени таанууну токтотушу керек (38(b)-пунктун караңыз).

28. Отчеттук мезгилде камсыздандыруу келишимдеринин тобун таанууда ишкана ага отчеттук мезгил аяктаганга чейин чыгарылган келишимдерди гана киргизиши, жана баштапкы таануу күнүнө карата дисконттоо ставкаларын (B73-пунктту караңыз) жана отчеттук мезгилде берилген камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктерин (B119-пунктту караңыз) баалашы керек. Отчеттук мезгил аяктагандан

кийин, 22-пункт сакталса, ишкана жаңы келишимдерди чыгарып, аларды тийиштүү топторго кошсо болот. Келишим чыгарылган отчеттук мезгилде гана ишкана келишимдерди топторго кошуушу керек. B73-пунктка ылайык, бул баштапкы таануу күнүнө карата ставкаларды аныктоодо өзгөрүүлөргө алып келиши мүмкүн. Ишкана топко жаңы келишимдер кошулуп жаткан отчеттук мезгил башталгандан тартып дисконттоонун кайталап каралган ставкаларын колдонушу керек.

## Баалоо (B36 - B119-пункттар)

29. Ишкана 30-52-пункттарды, төмөнкүлөрдөн тышкары, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген камсыздандыруу келишимдеринин бардык топторуна карата колдонушу керек:

(a) 53-пунктта белгиленген кандай болбосун критерийлерди канааттандырган камсыздандыруу келишимдеринин тобу үчүн ишкана 55-59-пункттарда сыпатталган премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонуп топту баалоону жөнөкөйлөштүрүшү мүмкүн;

(b) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн ишкана 63-70-пункттардын талаптарына ылайык 32-46-пункттарды колдонушу керек. 45 (тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери жөнүндө) жана 47-52- (оордотулган келишимдер жөнүндө) пункттар кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин топторуна карата колдонулбайт;

(c) дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдердин топтору үчүн ишкана 71-пунктта сыпатталган модификацияларды эсепке алуу менен 32-52-пункттарды колдонушу керек.

30. "*Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири* " ФОЭС (IAS) 21 чет өлкөлүк валютада акча каражаттарынын агымдарынын пайда болушуна алып келген камсыздандыруу келишимдеринин тобуна карата колдонуп, ишкана, *келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны* кошуп, келишимдин ошол тобун акча беренеси катары эсепке алышы керек.

31. Камсыздандыруу келишимдерин чыгарган ишкананын финансылык отчеттуулугунда келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары ушул ишкананын милдеттенмелерин аткарбоо тобокелдигин эсепке албашы керек (милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдигинин аныктамасы "*Адилет наркты баалоо*" ФОЭС (IFRS) 13тө келтирилген).

### Баштапкы таанyудагы баалоо (B36 - B95-пункттар)

**32. Баштапкы таанууда ишкана камсыздандыруу келишимдеринин тобун төмөнкүдөй көлөмдөрдүн суммасы катары баалашы керек:**

**(a) төмөнкүлөрдү камтыган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын:**

**(i) келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосун (33 – 35-пункттар);**

**(ii) келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосунда эсепке алынбагандай эле, келечектеги акча каражаттарынын агымдары менен байланыштуу акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана *финансылык тобокелдиктерди* эсепке алуунун максаттары үчүн ондоп-түзөөнү (36-пункт); жана**

**(iii) *финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү* (37-пункт);**

**(b) 38-39-пункттарга ылайык бааланган келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа.**

## Келечектеги акча каражаттарынын агымдарын эсептик баалоо (B36 - B71-пункттар)

33. **Камсыздандыруу келишимдеринин топторун баалоодо ишкана ушул топтогу ар бир келишимдин алкагында турган бардык келечектеги акча каражаттарынын агымдарын эсепке алышы керек (34-пунктту караңыз). 24-пунктка ылайык, ишкана келечектеги акча каражаттарынын агымдарын агрегациялоонун кыйла жогору деңгээлинде баалап, андан кийин мындай баалоонун натыйжасында алынган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын келишимдердин өзүнчө топторуна бөлүштүрүшү керек. Келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосу төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**(a) ушундай келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын суммалары, мөөнөттөрү жана айкын эместиги жөнүндө (B37-B41-пункттарды караңыз), ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү бардык негизделген жана ырасталган маалыматты жаңылыш эмес колдонууга. Бул үчүн ишкана бардык мүмкүн болуучу натыйжалардын диапазонунун күтүлгөн наркын (башкача айтканда, ыктымалдуулукту эсепке алуу менен эсептелген орточо мааниси) баалашы керек;**

**(b) олуттуу рыноктук өзгөрүлмөлөрдүн баалоолору ошол өзгөрүлмөлөр үчүн байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук бааларга ылайык келгенде, ишкананын көз карашын чагылдырышы керек (B42-B53-пункттарды караңыз);**

**(c) учурдагы болууга – эсептик баалоо, ошол күнгө карата жасалган, келечек жөнүндө божомолдорду кошуп, баалоо күнүнө карата бар болгон шарттарын чагылдырышы керек (B54 - B60-пункттарды караңыз);**

**(d) ачык көрсөтүлгөн болууга – ишкана финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик оңдоп-түзөөнү баалоону башка баалоолордон өзүнчө жүзөгө ашырышы керек (B90-пунктту караңыз). Ошондой эле ишкана, эң эле туура келген метод белгиленген баалоолорду бириктирүүнү билдирген учурлардан тышкары, акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдикти эсепке алуу үчүн келечектеги акча каражаттарынын агымдарын оңдоп-түзөөдөн өзүнчө баалашы керек (B46-пунктту караңыз).**

34. Акча каражаттарынын агымдары, эгерде алар ишкана камсыхздандыруу полисин кармоочуну премияларды төлөөгө милдеттендириши мүмкүн болгон же ишканада камсыздындыруу полисин кармоочуга кызматтарды көрсөтүү боюнча колдонуудагы милдеттенме бар болгон отчеттук мезгилде бар болгон колдонуудагы укуктар жана милдеттер менен шартталган болсо, камсыздандыруу келишиминин алкагында болот (B61 - B71-пункттарды караңыз). Кызматтарды көрсөтүүгө колдонуудагы милдет төмөнкүлөр болгондо бүтөт:

(a) камсыздандыруу полисинин белгилүү кармоочусу боюнча тобокелдиктерди кайра баалоого ишкананын иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгү бар болгондо, анын натыйжасында ал мындай тобокелдиктерди толугу менен чагылдырган тарифти же пайдалардын деңгээлин белгилеши мүмкүн; же

(b) төмөндө келтирилген шарттардын экөө тең аткарылганда:

(i) ушул келишимге кирген камсыздандыруу келишимдери боюнча тобокелдиктерди баалоого ишкананын иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгү бар болгондо, анын натыйжасында ал ушул портфел боюнча тийиштүү

тобокелдикти толугу менен чагылдырган тарифти же пайдалардын деңгээлин белгилеши мүмкүн; жана

(ii) тобокелдиктердин кайра бааланышы жүзөгө ашырылган күнгө чейин төлөм үчүн премияларды тарификациялоодо кайра баалоо күнүнөн кийинки мезгилдерге таандык тобокелдиктер эсепке алынбаганда.

35. Камсыздандыруу келишимдеринин алкагынан тышкары болгон күтүлгөн премиялар жана күтүлгөн дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) менен байланыштуу суммаларды ишкана милдеттенме же актив катары тааный албайт. Мындай суммалар келечектеги камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу.

## Дисконтттоо ставкалары (B72 - B85)

**36. Мындай акча каражаттарынын агымдары менен байланыштуу акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктерди финансылык тобокелдиктер акча каражаттарынын агымдарынын баалоосунда эсепке алынбаган көлөмдө эсепке алуу үчүн ишкана келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолорун оңдоп-түзөтүшү керек. 33-пунктта белгиленген келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолоруна карата колдонулган дисконттоо ставкалары төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**(a) акчалардын убакыт ичиндеги наркын, акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүн жана камсыздандыруу келишимдеринин ликвиддүүлүгүнүн мүнөздөмөлөрүн чагылдырууга;**

**(b) мүнөздөмөлөрү камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрүнө, мисалы, мөөнөттөрү, валютасы жана ликвиддүүлүгү боюнча, ылайык келген акча каражаттарынын агымдары каралган финансылык инструменттерге карата байкоо жүргүзүлүүчү учурдагы рыноктук бааларга (алар бар болсо) ылайык келүүгө; жана**

**(c) мындай рыноктук бааларга таасир эткен, бирок камсыздандыруу келишимдери боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарына таасир этпеген факторлордун таасирин жокко чыгарууга.**

## Финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү (B86 - B92-пункттар)

**37. Ишкана акча каражаттарынын агымдарынын пайда болушунун суммасына жана мөөнөттөрүнө карата өзүнө айкын эместикти алгандыгы үчүн талап кылган, финансылык тобокелдик менен шартталган компенсацияны эсепке алуу менен, ишкана келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын эсептик баалоосун оңдоп-түзөтүшү керек.**

### Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа

**38. Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа – келечекте ишкана кызматтарды көрсөткөн сайын тааный турган иштеп табыла элек пайданы билдирген камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча активдин же милдеттенменин компоненти. 47-пунктту (оордотулган келишимдер жөнүндө) колдонуу учурларынан тышкары, камсыздандыруу келишимдеринин тобун кирешелердин же чыгашалардын пайда болушуна алып келбеген суммада баштапкы таанууда ишкана келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны төмөнкүлөрдөн улам, баалашы керек:**

**(a) 32-37-пункттарга ылайык бааланган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүн баштапкы тааныудан;**

© ФОЭС Фонду

**(b) 27-пунктка ылайык аквизициялык акча каражаттарынын агымдарына карата таанылган, келишимдердин тобун баштапкы таануу күнүнө карата активди же милдеттенмени таанууну токтотуудан; жана**

**(c) белгиленген күнгө карата ушул топтун келишимдери боюнча пайда болгон бардык акча каражаттарынын агымдарынан.**

39. Камсыздандыруу келишимдерин өткөрүп берүүнүн алкагында же бизнестерди бириктирүүдө алынган камсыздандыруу келишимдери үчүн ишкана 38-пунктту В93-В95-пункттарда белгиленген тартипте колдонушу керек.

## Кийинки баалоо

**40. Ар бир отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата камсыздандыруу келишимдеринин тобунун баланстык наркы төмөнкүлөрдүн суммасы катары эсептелиши керек:**

**(a) төмөнкүлөрдү камтыган камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмелердин:**

**(i) ушул күнгө карата ушул топко киргизилген жана 33-37 жана В36-В92-пункттарга ылайык бааланган келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө карата колдонулган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын;**

**(ii) 43-46-пункттарга ылайык ушул күнгө карата бааланган келишимдердин ушул тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны; жана**

**(b) ушул күнгө карата ушул топко киргизилген жана 33-37 жана В36-В92-пункттарына ылайык бааланган өткөн мезгилдер үчүн кызмат көрсөтүүлөрүнө карата колдонулчу келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын камтыган, пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмелерди.**

**41. Ишкана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин баланстык наркынын төмөнкүдөй өзгөрүүлөрүнө карата кирешелерди жана чыгашаларды таанышы керек:**

**(a) камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешеге – мезгил ичинде кызматтарды көрсөтүүдөн улам, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени азайтууга карата - В120-В124-пункттарына ылайык бааланган;**

**(b) камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларга – оордотулган келишимдердин топтору боюнча зыяндарга, ошондой эле ушул чыгымдарды калыбына келтирүүгө карата (47-52-пункттарды караңыз); жана**

**(c) камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге же чыгашаларга – 87-пунктка ылайык акчалардын убакыт ичиндеги наркынын таасир этүүсүн жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн чагылдыруу үчүн.**

**42. Ишкана пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенменин баланстык наркынын төмөнкүдөй өзгөрүүлөрүнө карата кирешелерди жана чыгашаларды таанышы керек:**

**(a) камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларга – инвестициялык компонентти жокко чыгарып, мезгил ичинде пайда болгон дооматтардан (камсыздандыруу чыгымдарынан) жана чыгашаларынан улам, ушул милдеттенменин көбөйүүсүнө карата;**

**(b) камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларга – пайда болгон дооматтарга (камсыздандыруу чыгымдарына) жага чыгашаларына таандык келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын кийинки өзгөрүүлөрүнө карата; жана**

**(c) камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге жана чыгашаларга – 87-пунктка ылайык акчалардын убакыт ичиндеги наркынын таасир этүүсүн жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн чагылдыруу үчүн.**

**Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа (B96 - B119-пункттар)**

**43. Отчеттук мезгилдин аягына карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа, ал ошол топко кирген келишимдер боюнча берилүүгө жаткан келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык болгондуктан, пайданын же зыяндын курамында таанылa элек камсыздандыруу келишимдери боюнча пайданы билдирет.**

44. *Тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдери* үчүн отчеттук мезгилдин аягына карата келишимдердин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын баланстык наркы төмөнкүлөрдү эсепке алуу менен оңдолуп-түзөлгөн, отчеттук мезгилдин башына карата балaнстык наркка барабар:

(a) топко кошулган жаңы келишимдердин таасир этүүсүн (28-пунктту караңыз);

(b) B72(b)-пунктта белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен эсептелген, отчеттук мезгилдин ичинде келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын балaнстык наркына чегерилген пайыздарды;

(c) төмөнкүлөр болгон учурлардан тышкары, B96-B100-пункттарда белгиленгендей, келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө карата колдонулчу келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөрдү:

(i) келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнүн көбөйүшү келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын балaнстык наркынан ашып кеткен, бул зыяндын пайда болушуна алып келет (48(a)-пунктун караңыз); же

(ii) келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнүн азайышы 50(b)-пунктуна ылайык камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамында зыяндын компонентине таандык болгон;

(d) курстук айырмалардын келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржага таасир этүүсүн; жана

(e) мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөрүн берүүнүн натыйжасында түшкөн киреше катары таанылган, отчеттук мезгилдин аягына карата (бөлүштүрүүнү жүзөгө ашырганга чейин) калып калган келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны B119-пунктка ылайык, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн учурдагы жана калган мезгилдерине бөлүштүрүү жолу менен аныкталган сумманы.

45. Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери үчүн (B101 - B118-пункттарды караңыз) отчеттук мезгилдин аягына карата келишимдердин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын балaнстык наркы төмөндө (a) – (e) пунктчаларында белгиленген суммаларды эсепке алуу менен оңдолуп-түзөлгөн, отчеттук мезгилдин башына карата анын балaнстык наркына барабар. Ишкана оңдоп-түзөөлөрдүн суммасын өз-өзүнчө идентификациялоого милдеттүү эмес. Анын ордуна айрым же бардык оңдоп-

түзөөлөр боюнча жыйынды сумма эсептелип чыгышы мүмкүн. Ушул оңдоп-түзөөлөр өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) топко кошулган жаңы келишимдердин таасир этүүсүн (28-пунктту караңыз);

(b) төмөнкүлөр болгон учурлардан тышкары, базалык беренелердин адилет наркын өзгөртүүдө ишкананын үлүшүн (B104(b(i)-пунктун караңыз):

(i) B115-пункт колдонулган (тобокелдикти төмөндөтүү жөнүндө);

(ii) базалык беренелердин адилет наркын азайтууда ишкананын үлүшү келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын баланстык наркынан ашып кеткен, бул зыяндын пайда болушуна алып келет (48-пунктту караңыз); же

(iii) базалык беренелердин адилет наркын азайтууда ишкананын үлүшү (ii) пунктчада белгиленген сумманы калыбына келтирет;

(c) төмөнкүлөр болгон учурлардан тышкары, B101 - B118-пункттарда белгиленгендей, келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө карата колдонулчу келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөрдү:

(i) B115-пункт колдонулган (тобокелдикти төмөндөтүү жөнүндө);

(ii) келишимдерди аткаруу боюнча мындай акча каражаттарынын агымдарынын көбөйүшү келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын балaнстык наркынан ашып кеткен, бул зыяндын пайда болушуна алып келет (48-пунктту караңыз); же

(iii) келишимдерди аткаруу боюнча мындай акча каражаттарынын агымдарынын азайышы 50(b)-пунктуна ылайык камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы компонентке таандык;

(d) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа боюнча пайда болгон курстук айырмалардын таасир этүүсүн; жана

(e) отчеттук мезгилде кызмат көрсөтүүнүн натыйжасында камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше катары таанылган, отчеттук мезгилдин аягына карата калып калган (бөлүштүрүүнү жүзөгө ашырганга чейин), абал боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны B119-пунктка ылайык, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн учурдагы жана калган мезгилдерине карата бөлүштүрүү жолу менен аныкталган сумманы.

46. Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын айрым өзгөрүүлөрү камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмеге таандык, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөрдү компенсациялайт, анын натыйжасында камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттеменин жалпы балaнстык наркы өзгөрүлбөйт. Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын өзгөрүүлөрү камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмеге таандык келишимдерди аткаруу боюнча белгиленген акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөрдү компенсациялабаганда, 41-пунктка ылайык, ишкана ушул өзгөрүүлөргө карата кирешелерди жана чыгашаларды таанууга тийиш.

## Оордотулган келишимдер

47. Эгерде келишимдерди аткаруу боюнча ушул келишимге таандык болгон акча каражаттарынын агымдары, мурда таанылган аквизициялык акча каражаттарынын агымдары жана баштапкы таануу күнүнө карата ушул келишим боюнча пайда болгон акча каражаттарынын агымдары жыйындысында каражаттардын таза

чыгышын билдирсе, камсыздандыруу келишими баштапкы таануу күнүнө карата оордотулган болуп саналат. 16(а)-пунктка ылайык, ишкана мындай келишимдерди оордотулган болуп саналбаган келишимдерден өзүнчө, өз алдынча топко бириктириши керек. 17-пункт колдонулган деңгээлде, ишкана өз-өзүнчө келишимдерди эмес, келишимдердин жыйындысын баалоо жолу менен, оордотулган келишимдердин тобун идентификациялашы мүмкүн. Ишкана пайданын же зыяндын курамында оордотулган келишимдердин тобу боюнча каражаттардын таза чыгышына карата зыянды таанышы керек, анын натыйжасында ушул топ боюнча милдеттенменин баланстык наркы ушул келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнө барабар болот, ал эми келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа нөлгө барабар болот.

48. Эгерде төмөнкүдөй өлчөмдөр келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын баланстык наркынан ашык болсо, камсыздандыруу келишимдеринин тобу, кийинки баалоо учуруна карата оордотулган (же кыйла оордотулган) болуп саналат:

(a) келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрү боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарын баалоонун өзгөрүүлөрү менен шартталган, ушул топко таандык болгон келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы жагымсыз өзгөрүүлөр; жана

(b) тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин тобуна карата колдонулчу – базалык беренелердин адилет наркын азайтууда ишкананын үлүшү.

44(c)(i), 45(b)(ii) жана 45(c)(ii)-пункттарына ылайык, ишкана зыянды пайданын же зыяндын курамында ошондой ашып кетүүнүн өлчөмүндө таанышы керек.

49. Ишкана зыяндын компонентин 47 - 48-пункттарга ылайык таанылган чыгымдарды чагылдырган, оордотулган келишимдердин тобу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамында түзүүгө (же көбөйтүүгө) тийиш. Зыяндын компоненти пайданын же зыянын курамында оордотулган келишимдердин тобу боюнча зыяндарды калыбыны келтирүү катары көрсөтүлгөн, мындан улам, камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени эсептөөдөн чыгарылган суммаларды аныктайт.

50. Ишкана оордотулган камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча зыянды тааныгандан кийин, ал төмөнкүлөрдү бөлүштүрүүгө тийиш:

(a) 51-пунктта белгиленген, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмеге карата келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын кийинки өзгөрүүлөрүн системалык негизде төмөнкүлөрдүн ортосунда:

(i) камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентинин; жана

(ii) зыяндын компонентин эсепке албаганда, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин;

(b) келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу келечектеги акча каражаттарынын агымдарын баалоонун өзгөрүүлөрү менен шартталган, ушул топко таандык болгон келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын кийинки азайтууларын, жана базалык беренелердин адилет наркында ишкананын үлүшүнүн бардык кийинки көбөйтүүлөрүн, ушул компонент нөлгө барабар болгуча, зыяндын компонентине гана кошуу зарыл. 44(c)(ii), 45(b)(iii) жана 45(c)(iii)-пункттарына ылайык, ишкана келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны байланышкан акча каражаттарынын агымдарынын ушул

азайышы зыяндын компонентине таандык болгон суммадан ашыкча болгон өлчөмгө ондоп-түзөөгө тийиш.

51. Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмеге карата колдонулчу, 50(а)-пунктуна ылайык бөлүштүрүлүшү керек болгон келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын кийинки өзгөрүүлөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) камсыздандыруу боюнча тартылган чыгымдардын натыйжасында, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенме азайтылган суммадагы дооматтары (камсыздандыруу чыгымдары) жана чыгашалары боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын баалоо;

(b) тобокелдик бошоп чыккандын натыйжасында, пайданын же зыяндын курамында таанылган финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн өзгөрүүлөрү; жана

(c) камсыздандыруу келишимдери боюнча финансылык кирешелер жана чыгашалар.

52. 50(а)-пунктунда талап кылынган системалык бөлүштүрүү 48 - 50-пункттарына ылайык, камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин аягына карата зыяндын компонентине кошулган жалпы сумма нөлгө барабар болушуна алып келиши керек.

## Премияны бөлүштүрүү ыкмасы

53. Ишкана 55 - 59-пункттарда сыпатталган, премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонуп, камсыздандыруу келишимдеринин тобунун баалоосун, топтун иш-аракети башталган учурга карата төмөнкүлөр болгон учурда гана жөнөкөйлөштүрүүгө укуктуу:

(a) ушундай жөнөкөйлөштүрүү ушул топ боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени баалоонун 32 - 52-пункттардын талаптарын колдонуунун натыйжаларынан олуттуу айырмаланбаган натыйжаларына алып келишин ишкана негиздүү күткөндө; же

(b) топтогу ар бир келишимдин камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили (34-пунктка ылайык, ушул күнгө карата аныкталган келишимдин алкагында бардык премиялар менен шартталган төлөөнү кошуп) бир жылды же андан азды түзгөндө.

54. Топ иштеп баштаган учурга карата ишкана камсыздандыруу чыгымы пайда болгонго чейинки мезгилдин ичинде камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин баалоосуна таасир эткен, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын олуттуу өзгөрүлмөлүүлүгүн күтсө, 53(а)-пунктундагы критерий канааттандырылбайт. Келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүлмөлүүлүгү төмөнкүлөр көбөйгөн сайын жогорулайт:

(a) ушул келишимдерге камтылган кандай болбосун туунду инструменттер менен байланыштуу келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын көлөмү; жана

(b) келишимдердин тобу боюнча камсыздандыруу мезгилинин созулгандыгы.

55. Премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонууда ишкана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени төмөнкүдөй кылып баалашы керек:

(a) баштапкы таанууда баланстык нарк төмөнкүлөрдү билдирет:

(i) бар болгондо, баштапкы таануу учуруна карата алынган премияларды;

(ii) 59(a)-пунктуна ылайык, ишкана ушул төлөмдөрдү чыгашалар катары таанууну чечкен учурлардан тышкары, ошол күнгө карата аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын кемитүү менен; жана

(iii) плюс же минус 27-пунктка ылайык аквизициялык акча каражаттарынын агымдарына карата таанылган ошол күнгө карата активди же милдеттенмени таанууну токтотуунун натыйжасында пайда болгон кандай болбосун суммалар;

(b) ар бир кийинки отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата милдеттенменин баланстык наркы отчеттук мезгил башталган күнгө карата баланстык наркты билдирет:

(i) плюс ошол мезгилде алынган премиялар;

(ii) минус 59(a)-пунктуна ылайык, ишкана ушул төлөмдөрдү чыгашалар катары таанууну чечкен учурлардан тышкары, аквизициялык акча каражаттарынын агымдары;

(iii) плюс 59(a)-пунктуна ылайык, ишкана аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын чыгашалар катары таанууну чечкен учурлардан тышкары, аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын амортизациялоо менен байланыштуу, отчеттук мезгилде чыгашалар катары таанылган кандай болбосун суммалар;

(iv) плюс 56-пунктка ылайык жүзөгө ашырылган, каржылоо компонентинин оңдоп-түзөөлөрү;

(v) минус ушул мезгилде кызматтарды көрсөтүүнүн натыйжасында камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше катары таанылган сумма (B126-пунктту караңыз); жана

(vi) минус төлөнгөн же пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенменин курамына которулган инвестициялык компоненттин өлчөмү.

56. Эгерде топко кирген камсыздандыруу келишимдери каржылоонун олуттуу компонентин камтыса, ишкана баштапкы таанууда аныкталган, 36-пунктта белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн чагылдыруу үчүн камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин баланстык наркын оңдоп-түзөтүшү керек. Эгерде баштапкы таануунун учуруна карата ишкана ушул камсыздандыруу төлөмдөрүнүн ар бир бөлүгүн берүүнүн жана тийиштүү премияны төлөө мөөнүтүнүн ортосундагы мезгил бир жылдан ашык эмес болоорун күтсө, ишкана акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн чагылдыруу үчүн камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин баланстык наркын оңдоп-түзөөгө милдеттүү эмес.

57. Эгерде камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин ичиндеги кайсы болбосун учурунда фактылар жана жагдайлар камсыздандыруу келишимдеринин тобу оордотулган болуп саналаарын күбөлөндүрсө, ишкана төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы эсептеп чыгышы керек:

(a) 55-пунктка ылайык аныкталган, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин баланстык наркынын; жана

(b) келишимдердин ушул тобу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгүнө таандык жана 33 - 37 жана B36 - B92-пункттарга ылайык

аныкталган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнүн. Бирок 59(b)-пунктун колдонууда ишкана пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмени акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөбөсө, ал мындай оңдоп-түзөөлөрдү келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын эсебине киргизе албайт.

58. 57(b)-пуктта белгиленген, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмү 57(a)-пунктта белгиленген баланстык нарктан ашыкча болгон деңгээлде ишкана зыянды пайданын же зыяндын курамында таанышы жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени көбөйтүшү керек.

59. Премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонууда ишкана:

(a) баштапкы таануу учуруна карата топтогу ар бир келишим боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили бир жылдан ашык эмести түзгөн шартта, ишкана аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын ошондой чыгымдар пайда болгон учурда чыгаша катары таануу чечимин кабыл алышы мүмкүн;

(b) камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмени, 33-37- жана B36 - B92-пункттарга ылайык, пайда болгон дооматтарга (камсыздандыруу чыгымдарына) таандык келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын суммасында таанышы керек. Бирок ушул акча каражаттарынын агымдары ушул дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) пайда болгон күндөн тартып бир жылдын ичинде төлөнө же алына тургандыгы күтүлсө, ишкана келечектеги акча каражаттарынын агымдарын акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөөгө милдеттүү эмес.

## Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери

60. Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулчу ФОЭС (IFRS) 17нин талаптары 61-70-пункттарда белгиленгендей, модификацияланат.

61. Ишкана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин портфелин 14-24-пункттарга ылайык, ушул пункттардагы оордотулган келишимдерге шилтемени баштапкы таанууда таза пайда бар болгон келишимдерге шилтемеге алмаштыруу керектигинен тышкары, бөлүштүрүшү керек. Айрым кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери үчүн 14 - 24-пункттардын колдонулушу бир келишимден турган топтун таануусуна алып келет.

### Таануу

62. Ишкана 25-пунктту колдонуунун ордуна кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобун таанышы керек:

(a) эгерде кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери пропорционалдуу камсыздандыруу төлөмүн камсыз кылса – кайсынысы кечирээк болгондугуна жараша, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобунун камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили башталган күнгө же кандай болбосун базалык келишимди баштапкы таануу күнүнө карата; жана

(b) бардык башка учурларда - кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобунун камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили башталган күндөн тартып.

© ФОЭС Фонду

## Баалоо

63. 32 - 36-пункттарда каралган, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерине карата баалоого талаптарды колдонууда ишкана - базалык келишимдер белгиленген пункттарга ылайык баалангандай эле – кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын баалоо жана базалык камсыздандыруу келишимдеринин тобу (топтору) боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын баалоо үчүн ырааттуу божомолдорду колдонушу керек. Мындан тышкары, ишкана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын баалоого, күрөөлүк камсыздоонун таасир этүүсүн жана келишпестиктерди жөнгө салууга карата зыяндарды эсепке алуу менен, кайра камсыздандыруу келишимдерин чыгарган тарап менен милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдигинин таасир этүүсүн киргизиши керек.

64. Ишкана 37-пунктту колдонуунун ордуна, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү, ал кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобунун кармоочусу ошол келишимдерди чыгарган тарапка өткөрүлүп берилген тобокелдиктин көлөмүн чагылдыргандай кылып, аныкташы керек.

65. Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобуна карата иштеп табылбаган пайда жок болуп, анын ордуна кайра камсыздандыруу келишимин сатып алуудан таза чыгымдар жана таза пайда бар болгон фактыны чагылдыруу үчүн баштапкы таанууда келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны аныктоого тийиштүү 38-пункттун талаптары модификацияланат. Ошентип, баштапкы таанууда:

(a) ишкана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобун сатып алуудан таза чыгымдарды жана таза пайданы келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа катары таанышы керек, ал төмөнкүдөй көлөмдөрдүн суммасына барабар суммада бааланат: келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын, таанылышы белгиленген күнгө карата токтотулган кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу менен байланыштуу акча каражаттарынын агымдарына карата мурда таанылган активдин же милдеттенменин наркынын, жана, төмөнкүлөр болгон учурлардан тышкары, ушул күнгө карата пайда болгон башка акча каражаттарынын агымдарынын;

(b) кайра камсыздандыруу боюнча төлөмдү алууга таза чыгымдар кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобун сатып алууга чейин болуп өткөн окуяларга таандык, мындай учурда, B5-пункттун талабына карабастан, ишкана мындай чыгымдарды пайданын же зыяндын курамында чыгашалар катары токтоосуз таанууга тийиш.

66. Ишкана 44-пунктту колдонуунун ордуна отчеттук мезгилдин аягына карата кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны отчеттук мезгил башталган күнгө карата аныкталган жана төмөнкүлөрдү эсепке алуу менен ондоп-түзөлгөн баланстык нарк катары баалашы керек:

(a) топко кошулган жаңы келишимдердин таасир этүүсүн (28-пунктту караңыз);

(b) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын баланстык наркына чегерилген, B72(b)-пунктуна белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен эсептелген пайыздарды;

(c) мындай өзгөртүү төмөнкүдөй болсо, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөртүүлөрүн:

(i) төмөнкүдөй болгон учурлардан тышкары, келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу

(ii) ушул өзгөртүү, базалык камсыздандыруу келишимдеринин тобу үчүн келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөбөгөн, базалык камсыздандыруу келишимдеринин тобуна кошулган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүсү менен шартталган;

(d) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа боюнча пайда болгон курстук айырмалардын таасир этүүсүн; жана

(e) ушул мезгилде алынган кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу пайданын же зыяндын курамында таанылган, отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча (бөлүштүрүүнү жүзөгө ашырганга чейин) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын калдыгын B119-пунктка ылайык, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн учурдагы жана калган мезгилдерине карата бөлүштүрүү жолу менен аныкталган сумманы.

67. Келишимди чыгарган тарап менен милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдигинин өзгөртүлүшү менен шартталган, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрү келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык эмес жана келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөтө албайт.

68. Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери оордотулган боло албайт. Мындан улам, 47 - 52-пункттардын талаптары колдонулбайт.

### Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу үчүн премияны бөлүштүрүү ыкмасы

69. Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобунун баалоосун жөнөкөйлөштүрүү үчүн ишкана, эгерде топтун иш-аракети башталган учурга карата төмөнкүлөр болсо, 55 - 56 жана 59-пункттарда сыпатталган, премияны бөлүштүрүү (кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерине таандык, чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин мүнөздөмөлөрүнөн айырмаланган мүнөздөмөлөрдү эсепке алуу менен модификацияланган, мисалы чыгашалардын гана пайда болушу же түшкөн кирешенин ордуна чыгашаларды кыскартуу) ыкмасын колдонушу мүмкүн:

(a) ишкана баалоонун натыйжалары 63 - 68-пункттардын талаптарын колдонуунун натыйжаларынан олуттуу айырмаланбайт деп негиздүү күткөндө; же

(b) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобунда ар бир келишимдин камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили (34-пунктка ылайык ушул күнгө карата аныкталган келишимдин алкагында бардык премиялар менен шартталган төлөөнү кошуп) бир же андан аз жылды түзгөндө).

70. Эгерде топ иш-аракетин баштаган учурга карата ишкана камсыздандыруу чыгымы пайда болгон учурга чейинки мезгилдин ичинде камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча активди баалоого таасир эте турган келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын олуттуу өзгөрүлмөлүүлүгүн күтсө, 69(a)-пунктунун шарты аткарылбайт. Келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын өзгөрүлмөлүүлүгү, мисалы, төмөнкүлөрдүн көбөйүшү менен жогорулайт:

(a) ушул келишимдерге камтылган кандай болбосун туунду инструменттер менен байланыштуу келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын көлөмүнүн; жана

(b) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин узактыгынын.

### Дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер

71. Дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишим олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берүүнү билдирбейт. Мындан улам, камсыздандыруу келишимдерине тийиштүү ФОЭС (IFRS) 17нин талаптары дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдерге карата колдонуу үчүн төмөнкүдөй модификацияланат:

(a) баштапкы таануу күнү болуп (25-пунктту караңыз) ишкана келишим боюнча тарап болгон күн саналат;

(b) келишимдин чектери (34-пунктту караңыз), эгерде алар учурдагы же келечектеги күнгө карата акча каражаттарын берүүгө ишкананын чыныгы милдетинин натыйжасы болуп саналса, акча каражаттарынын агымдары келишимдин алкагында болгондой, модификацияланат. Ишкананын убадаланган акча каражаттарынын бардык суммасын жана тийиштүү тобокелдиктерди чагылдырган, акча каражаттарын берүүгө карата убадага мындай бааны белгилөөгө иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгү бар болсо, ишкананын акча каражаттарын берүүгө чыныгы милдети жок болуп саналат;

(c) мезгилдер боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны бөлүштүрүү (44(e) жана 45(e)-пункттарын караңыз) келишимде каралган инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүн өткөрүп берүүнү чагылдырган, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны ишкана келишимдердин тобунун колдонуу мөөнөтүнүн ичинде системалык негизде таанууга тийиш болгондой, модификацияланат.

## Модификациялоо жана таанууну токтотуу

### Камсыздандыруу келишимин модификациялоо

72. Камсыздандыруу келишиминин шарттарын модификациялоо учурунда, мисалы, келишим боюнча тараптардын макулдашуусу боюнча же ченемдик укуктук жөнгө салуунун өзгөртүлүшүнүн натыйжасында, ишкана, эгерде (a)-(c) пункчаларынын жок дегенде бир шарты сакталса, баштапкы келишимди таанууну токтотуп, ФОЭС (IFRS) 17ге жана башка колдонулчу стандарттарга ылайык модификацияланган келишимди жаңы келишим катары таанышы керек. Келишимдин шарттарында каралган укукту ишке ашыруу модификациялоо болуп саналбайт. Белгиленген шарттар төмөнкүлөрдө турат:

(a) эгерде модификацияланган шарттар келишимге аны колдонуу башталган учурда киргизилген болсо:

(i) модификацияланган келишим, 3-8-пункттарга ылайык, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнөн чыгарылмак;

(ii) ишкана, 10 - 13-пункттарга ылайык, негизги камсыздандыруу келишиминен башка компоненттерды бөлүп чыкмак, анын натыйжасында ФОЭС (IFRS) 17нин талаптары колдонулчу башка камсыздандыруу келишими таанылмак;

(iii) модификацияланган келишимдин 34-пунктка ылайык аныкталган алкактары олуттуу айырмаланмак; же

(iv) модификацияланган келишим, 14 - 24-пункттарга ылайык, келишимдердин башка тобунун курамына киргизилмек;

(b) баштапкы келишим тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп бергенде, бирок модификацияланган келишим мындан ары ушул аныктамага жооп бербегенде, же тескерисинче; же болбосо

(c) ишкана баштапкы келишимге карата 53-59–пункттарда же 69 - 70-пункттарда сыпатталган, премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонгондо, бирок модификациялоо келишим ушул ыкманы колдонуу үчүн 53-пункттагы же 69-пункттагы критерийлерди мындан ары канааттандырбагандыгына алып келет.

73. Эгерде келишимдин модификациялоосу 72-пункттагы шарттардын бирин да канааттандырбаса, ишкана модификациялоодон улам болгон акча каражаттарынын агымдарынын өзгөртүүлөрүн, 40 - 52-пункттарга ылайык, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолорунун өзгөртүүлөрү катары эсепке алышы керек.

## Таанууну токтотуу

**74. Ишкана камсыздандыруу келишимин таанууну төмөнкүдөй болгон учурда гана токтотушу керек:**

**(a) ал төлөнгөндө, башкача айтканда камсыздандыруу келишиминде каралган милдет мөөнөт аяктагандыктан токтотулганда, аткарылганда же жокко чыгарылганда; же болбосо**

**(b) 72-пункттун кандай болбосун бир шарты сакталганда.**

75. Камсыздандыруу келишими төлөнгөндө, ишкана мындан ары тобокелдикке кабылбайт, жана, мындан улам, ал камсыздандыруу келишимин аткаруу үчүн экономикалык ресурстарды өткөрүп берүүгө башка милдеттүү эмес. Мисалы, эгерде ишкана камсыздандыруу келишимин алса, ал базалык камсыздандыруу келишими (келишимдери) төлөнгөндө гана базалык камсыздандыруу келишимин (келишимдерин) таанууну токтотушу керек.

76. Ишкана, келишимдердин тобуна кирген камсыздандыруу келишимин таанууну, ФОЭС (IFRS) 17нин төмөнкүдөй талаптарын колдонуп, токтотот:

(a) ушул топко киргизилген келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары, 40(a)(i) жана 40(b)-пункттарына ылайык, таануусу топто токтотулган укуктарга жана милдеттерге байланыштуу келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркын жана финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү жокко чыгаруу үчүн оңдоп-түзөлөт;

(b) 77-пункт колдонулган учурлардан тышкары, келишимдердин ушул тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа, (a) пунктчасында белгиленген келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүн эсепке алуу менен, 44(c) жана 45(c)-пункттарында талап кылынган көлөмгө оңдоп-түзөлөт; жана

(c) топтогу камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктерин таанууну токтотууну чагылдыруу үчүн күтүлгөн калган камсыздандыруу төлөмү боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктеринин саны оңдоп-түзөлөт. Мезгил ичиндеги пайданын же зыяндын курамында таанылган, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын өлчөмү, B119-пунктка ылайык, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктеринин оңдоп-түзөлгөн санынын негизинде аныкталат.

© ФОЭС Фонду

77. Эгерде ишкана камсыздандыруу келишимин таанууну келишимди үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө байланыштуу токтотсо же , 72-пунктка ылайык, камсыздандыруу келишимин таанууну токтотуп, жаңы келишимди тааныса, ишкана 76(b)-пунктун колдонуунун ордуна төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) 44(c) жана 45(c)-пункттардын талаптарына ылайык, таанылышы токтотулган келишим таандык болгон келишимдердин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны үчүнчү тарапка өткөрүлүп берилген келишимдерге карата колдонулчу (i) жана (ii) ортосундагы айырмага, же болбосо таанылышы 72-пунктка ылайык токтотулган келишимдерге карата колдонулчу (i) жана (iii) ортосундагы айырмага оңдоп-түзөөгө:

(i) 76(a)-пунктуна ылайык, келишимди таанууну токтотуу менен шартталган камсыздандыруу келишимдеринин тобунун балансдык наркынын өзгөртүлүшү;

(ii) үчүнчү тарап ала турган премия:

(iii) ишкана келишимди модификациялоо күнүнө карата жаңы келишимдин шарттарына окшош шарттар менен келишим түзсө, ишкана төлөнүшүн талап кыла турган, модификациялоо үчүн алынган кошумча премиялар алып салынган премия.

(b) ишкана модификациялоо күнүнө карата (a)(iii) пунктчасында белгиленген премияны алды деген божомолду колдонуп, 72-пунктка ылайык таанылган жаңы келишимди баалоого.

## Финансылык абал жөнүндө отчетту берүү

78. Ишкана финансылык абал жөнүндө отчетто балансдык наркты төмөнкүдөй топтор боюнча өз-өзүнчө бериши керек:

(a) активдерди билдирген чыгарылган камсыздандыруу келишимдери;

(b) милдеттенмелерди билдирген чыгарылган камсыздандыруу келишимдери;

(c) активдерди билдирген кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери; жана

(d) милдеттенмелерди билдирген кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери.

79. Ишкана, 27-пунктка ылайык, аквизициялык акча каражаттарынын агымдарына карата таанылган бардык активдерди же милдеттенмелерди камсыздандыруу келишимдеринин тийиштүү топторунун балансдык наркынын эсебине жана кармалган камсыздандыруу келишимдеринин топтору менен байланыштуу (65(a)-пунктун караңыз) акча каражаттарынын агымдарына карата бардык активдерди же милдеттенмелерди кармалып турган камсыздандыруу келишимдеринин топторунун балансдык наркынын эсебине киргизиши керек.

## Финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетто (отчеттордо) таануу жана көрсөтүү (B120 - B136-пункттар)

**80. 41 жана 42-пункттарга ылайык, ишкана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто таанылган суммаларды (мындан ары финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчет (отчеттор) деп аталган) төмөнкүлөргө карата дезагрегациялашы керек:**

**(a) камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларды өзүнө камтыган камсыздандыруу кызматтарын көрсөтүүнүн натыйжаларына (83 - 86-пункттар); жана**

**(b) камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге же чыгашаларга (87 - 92-пункттар).**

81. Ишкана финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн көлөмүн камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн натыйжаларына таандык суммага, жана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге же чыгашаларга таандык суммаларга дезагрегациялоого милдеттүү эмес. Эгерде ишкана мындай дезагрегациялоону жүзөгө ашырбаса, ал финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн өзгөртүлүшүнүн бардык көлөмүн камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн натыйжасынын бир бөлүгү катары эсепке алышы керек.

82. **Ишкана кармалып турган камсыздандыруу келишимдери боюнча кирешелерди же чыгашаларды чыгарылган камсыздандыруу келишимдери боюнча кирешелерден же чыгашалардан өзүнчө көрсөтүшү керек.**

## Камсыздандыруу кызматтарын көрсөтүүнүн натыйжасы

**83. Ишкана чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин топтору боюнча пайда болгон камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени пайданын же зыяндын курамында көрсөтүшү керек. Камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше камсыздандыруу келишимдеринин тобунда каралган камсыздандыруу төлөмүн жана башка кызмат көрсөтүүлөрүн берүүнү, ишкана мындай кызмат көрсөтүүлөрүнө алмашып, укук алууну күткөн, ордун толтурууну чагылдырган суммада чагылдырышы керек. B120 - B127-пункттарда камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени ишкана тарабынан баалоого карата көрсөтмөлөр камтылган.**

**84. Ишкана чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келип чыккан, пайда болгон дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) (инвестициялык компонент боюнча төлөмдөрдү эсеп албаганда), камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча тартылган чыгашаларды жана 103(b)-пунктта белгиленген башка суммаларды камтыган камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларды пайданын же зыяндын курамында бериши керек.**

**85. Пайданын же зыяндын курамында берилген камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашалар инвестициялык компонентти камтыбашы керек. Ишкана премиялар жөнүндө маалыматты, эгерде мындай маалымат 83-пунктка ылайык келбесе, пайданын же зыяндын курамында чагылдыра албайт.**

86. Ишкана, камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерден же чыгашалардан тышкары, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча кирешелерди же чыгашаларды бир сумма менен берүүгө укуктуу (60 - 70-пункттарды караңыз); же болбосо ишкана кайра камсыздандыруучудан алынган зыяндарды компенсациялоо суммаларын, жана белгиленген бир суммага барабар, жыйындысында нетто-көлөмдү билдирген төлөнгөн премияларды бөлүштүрүүнүн суммасын өзүнчө көрсөтө алат. Эгерде ишкана кайра камсыздандыруучудан алынган зыяндарды компенсациялоо суммаларын, жана төлөнгөн премияларды бөлүштүрүү суммаларын өзүнчө көрсөтсө, ал:

(a) базалык келишимдер боюнча дооматтарга (камсыздандыруу чыгымдарына) байланыштуу кайра камсыздандыруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын, кармалып турган кайра камсыздандыруу келишиминин шарттарына ылайык орду толтурула тургандыгы күтүлгөн дооматтардын (камсыздандыруу чыгымдарынын) бир бөлүгү катары эсепке алышы керек;

(b) ал кайра камсыздандыруучудан алууну күткөн жана базалык келишимдер боюнча дооматтарга (камсыздандыруу чыгымдарына) байланыштуу эмес

суммаларды (мисалы, кайра камсыздандыруу комиссиясынын айрым түрлөрү) кайра камсыздандыруучуга төлөнүп берүүгө жаткан премияларды азайтуу катары эсепке алышы керек; жана

(c) төлөнгөн премияларды бөлүштүрүүнү түшкөн кирешени азайтуу катары бере албайт.

## Камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар (B128 - B136-пункттарды караңыз)

**87. Камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар төмөнкүлөрдүн натыйжасында пайда болгон камсыздандыруу келишимдеринин тобунун баланстык наркынын өзгөрүүлөрүн билдирет:**

**(a) акчалардын убакыт ичиндеги наркынын жана акчалардын убакыт ичиндеги наркынын өзгөрүүлөрүнүн таасир этүүсүнүн; жана**

**(b) финансылык тобокелдиктин жана финансылык тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасир этүүсүнүн; бирок**

**(c) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөөгө алып келе турган, бирок 45(b)(ii), 45(b)(iii), 45(c)(ii) же 45(c)(iii)-пункттарына ылайык, аны оңдоп-түзөбөгөн, тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топтору боюнча мындай өзгөртүүлөрдөн тышкары. Мындай өзгөртүүлөр камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларга киргизилет.**

**88. 89-пункт колдонулган учурлардан тышкары, ишкана эсеп саясаты катары төмөнкүдөй эки варианттын бирин тандашы керек:**

**(a) мезгил ичиндеги камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын курамына киргизүүнү; же болбосо**

**(b) B130 - B133-пункттарга ылайык, камсыздандыруу келишимдеринин ушул тобунун колдонуу мөөнөтүнүн ичинде камсыздандыруу боюнча күтүлгөн финансылык кирешелердин же чыгашалардын жалпы көлөмүн системалык бөлүштүрүү жолу менен аныкталган сумманы пайданын же зыяндын курамына киргизүү үчүн мезгил ичиндеги камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды дезагрегациялоону.**

**89. Базалык беренелер ишкана тарабынан кармалып турган тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдерине карата ишкана эсеп саясаты катары төмөнкүдөй эки варианттын бирин тандашы керек:**

**(a) мезгил ичиндеги камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын курамына киргизүүнү; же болбосо**

**(b) B134 - B136-пункттарына ылайык, бар болгон базалык беренелер боюнча пайданын же зыяндын курамына киргизилген кирешелер же чыгашалар менен эсептик шайкеш келбөөнү четтеткен сумманы пайданын же зыяндын курамына киргизүү үчүн мезгил ичиндеги камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды дезагрегациялоону.**

**90. Эгерде ишкана 88(b)-пунктунда же 89(b)-пунктунда сыпатталган эсеп саясатын колдонуу жөнүндө чечим кабыл алса, ал ушул пункттарга ылайык эсептелген камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын суммасынын жана мезгил ичиндеги камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын жалпы суммасынын**

**ортосундагы айырманы башка жыйынды кирешенин курамына киргизиши керек.**

**91. Эгерде ишкана камсыздандыруу келишимдеринин тобун өткөрүп берсе же 77-пунктка ылайык камсыздандыруу келишимин таанууну токтотсо:**

**(a) ал, ишкана 88(b)-пунктунда сыпатталган эсеп саясатын тандагандыгынын натыйжасында, мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топ (же келишим) боюнча бардык калган суммаларды кайра классификацияланган оңдоо катары пайданын же зыяндын курамында кайра классификациялашы керек ("*Финансылык отчеттуулукту берүү*" ФОЭС (IAS) 1ди караңыз);**

**(b) ал, ишкана 89(b)-пунктунда сыпатталган эсеп саясатын тандагандыгынын натыйжасында, мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топ (же келишим) боюнча бардык калган суммаларды кайра классификацияланган оңдоо катары пайданын же зыяндын курамында кайра классификациялай албайт ("*Финансылык отчеттуулукту берүү*" ФОЭС (IAS) 1ди караңыз).**

92. 30-пунктка ылайык, ишкана чет өлкөлүк валютадагы беренелерди ишкананын колдонуудагы валютасына кайра эсептөө максатында, ФОЭС (IAS) 21ге ылайык, камсыздандыруу келишимин акча беренеси катары эсепке алышы керек. Камсыздандыруу келишимдеринин топторунун баланстык наркынын өзгөрүүлөрү боюнча курстук айырмаларды, алар, 90-пунктка ылайык, башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган камсыздандыруу келишимдеринин топторунун баланстык наркынын өзгөрүүлөрүнө таандык болгон жана мындай учурда алар башка жыйынды кирешенин курамына киргизилген учурлардан тышкары, ишкана пайда же зыян жөнүндө отчетко киргизет.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**93. Ишкана тарабынан маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптардын максаты финансылык абал жөнүндө отчетто, финансылык натыйжалуулукжөнүндө отчетто (отчеттордо) жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетто берилген маалымат менен бирге финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдердин ишкананын финансылык абалына, финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына таасир этүүсүн баалоо үчүн негиз берген маалыматты эскертүүлөрдө ачып көрсөтүүдө турат. Ушул максатка жетүү үчүн ишкана төмөнкүлөр жөнүндө сапаттык жана сандык маалыматты ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге карата финансылык отчеттуулукта таанылган суммалар (97 – 116-пункттарды караңыз);**

**(b) ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда колдонулган маанилүү ой жүгүртүүлөр жана ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөр (117 – 120-пункттарды караңыз); жана**

**(c) ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу тобокелдиктердин мүнөзү жана даражасы (121 – 132-пункттарды караңыз).**

94. Ишкана маалыматты ачып көрсөтүү максатына жетүү үчүн зарыл тактоо деңгээлин, жана ар кандай талаптардын маанилүүлүгүнүн деңгээлин аныкташы керек. Эгерде, 97 - 132-пункттарга ылайык ачып көрсөтүлгөн маалымат 93-пунктта белгиленген максатка жетүү үчүн жетиштүү эмес болсо, ишкана ушул максатка жетүү үчүн зарыл болгон кошумча маалыматты ачып көрсөтүшү керек.

© ФОЭС Фонду

95. Ишкана ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматты, же ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматка көптөгөн маанилүү эмес деталдарды киргизүүнүн натыйжасында, же башка мүнөздөмөлөрү бар беренелерди агрегациялоонун натыйжасында пайдалуу маалымат жашырылып калбагандай кылып, агрегациялашы же дезагрегациялашы керек.

96. ФОЭС (IAS) 1дин 29 - 31–пункттары маалыматтын маанилүүлүгүнө жана агрегацияланышына тийиштүү талаптарды белгилейт. Камсыздандыруу келишимдери жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү үчүн пайдалуу боло турган агрегациялоо базасынын мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) келишимдин түрүн (мисалы, негизги продукциялык линейкалар);

(b) географиялык область (мисалы, өлкө же аймак); же

(c) ушул термин *"Операциялык сегменттер"* ФОЭС (IFRS) 8де аныкталгандай, отчеттук сегмент.

## Таанылган суммаларды түшүндүрүү

97. 98 - 109-пункттарда белгиленген маалыматты ачып көрсөтүүгө карата бардык талаптардын ичинен 98 - 100 жана 102 - 105-пункттардын талаптары гана премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулган келишимдерге карата колдонулат. Эгерде ишкана премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонсо, ал ошондой эле төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) 53 жана 69-пункттарда келтирилген критерийлердин кайсылары канааттандырылган;

(b) 56 жана 57(b)-пункттарына ылайык, акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөө жүргүзүлөбү; жана

(c) 59(a)-пунктуна ылайык аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын таануу үчүн ал тараптан таанылган ыкманы.

98. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдердин таза баланстык наркы финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетто (отчеттордо) таанылган акча каражаттарынын агымдарынын жана кирешелердин жана чыгашалардын натыйжасында мезгил ичинде кантип өзгөрүлгөндүгүн көрсөткөн салыштырып текшерүүлөрдү бериши керек. Мындай салыштырып текшерүүлөр чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринен жана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринен өзүнчө берилиши керек. Ишкана, чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринен, мисалы, алар түшкөн кирешенин ордуна чыгашаларды же чыгашалардын кыскартуусун жаратканы менен, айырмаланган кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин мүнөздөмөлөрүн чагылдыруу максатында 100 - 109-пункттардын талаптарын адаптациялашы керек.

99. Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына финансылык натыйжалуулук жөнүндө отчетто (отчеттордо) таанылган акча каражаттарынын агымдарына жана суммаларга тийиштүү өзгөртүүлөрдү идентификациялоого мүмкүнчүлүк берүү үчүн ишкана салыштырып текшерүүлөрдө жетиштүү маалымат бериши керек. Ушул талапты аткаруу үчүн ишкана төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) 100 - 105-пункттарда белгиленген салыштырып текшерүүлөрдү таблица формасында берүүгө; жана

(b) активдерди билдирген келишимдердин топтору боюнча жалпы көлөмгө дезагрегацияланган, мезгил башталган күнгө жана аяктаган күнгө карата таза баланстык наркты жана 78-пунктка ылайык, финансылык абал жөнүндө отчетто берилген суммаларга барабар милдеттенмелерди билдирген

© ФОЭС Фонду

келишимдердин топтору боюнча жалпы көлөмдү ар бир салыштырып текшерүү боюнча көрсөтүүгө.

100. Ишкана мезгилдин башына жана аягына карата калдыктардын салыштырып текшерүүлөрүнүн ар бири үчүн өзүнчө төмөнкүдөй позициялардан ачып көрсөтүшү керек:

(a) зыяндын компонентин алып салуу менен, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча таза милдеттенмелер (же активдер);

(b) зыяндын компоненти (47 - 52 жана 57 – 58-пункттарды караңыз);

(c) пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмелер. 53-59 же 69 - 70-пункттарда сыпатталган премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулган камсыздандыруу келишимдеринин учурунда ишкана төмөнкүлөр үчүн өзүнчө салыштырып текшерүүлөрдү көрсөтүшү керек:

(i) келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын баалоолору; жана

(ii) финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүлөр.

101. Ишкана камсыздандыруу келишимдери үчүн, 53 - 59 же 69 - 70-пункттарда сыпатталган премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулгандардан тышкары, мезгилдин башына жана аягына карата калдыктардын салыштырып текшерүүлөрүнүн ар бири үчүн өзүнчө төмөнкүдөй позициялардан ачып көрсөтүшү керек:

(a) келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын баалоолору;

(b) финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүү; жана

(c) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа.

102. 100 - 101-пункттарда белгиленген салыштырып текшерүүлөрдүн максаты болуп камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн натыйжалары жөнүндө маалыматтын ар кандай түрлөрүн берүү саналат.

103. 100-пунктта белгиленген салыштырып текшерүүлөрдө ишкана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу төмөнкүдөй суммалардын ар бирин өзүнчө ачып көрсөтүшү керек, эгерде муну колдонуу мүмкүн болсо:

(a) камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени;

(b) төмөнкүлөргө бөлүү менен камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларды:

(i) пайда болгон дооматтарга (камсыздандыруу чыгымдарына) (инвестициялык компоненттерди эсепке албаганда) жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча башка тартылган чыгашаларга;

(ii) аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын амортизациялоонун көлөмүнө;

(iii) өткөн мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык өзгөртүүлөргө, башкача айтканда пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмеге таандык келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөртүүлөргө; жана

(iv) келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык өзгөртүүлөргө, башкача айтканда оордотулган келишимдердин топтору боюнча зыяндарга жана ушундай зыяндарды калыбына келтирүүгө;

(c) камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешенин жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашалардын эсебине киргизилбеген инвестициялык компоненттерге.

104. Ишкана 101-пунктта белгиленген салыштырып текшерүүлөрдө камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу төмөнкүдөй суммалардын ар бирин өзүнчө ачып көрсөтүшү керек, эгерде муну колдонуу мүмкүн болсо:

(a) B96 - B118-пункттарга ылайык, келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык өзгөртүүлөрдү, аларды төмөнкүлөргө бөлүү менен:

(i) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөгөн баалоолордун өзгөртүүлөрүнө;

(ii) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөбөгөн баалоолордун өзгөртүүлөрүнө, башкача айтканда оордотулган келишимдердин топтору боюнча зыяндарга жана мындай зыяндарды калыбына келтирүүгө; жана

(iii) мезгил ичинде баштапкы таанылган келишимдердин таасир этүүсүнө;

(b) учурдагы мезгилдин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык өзгөртүүлөрдү, тактап айтканда:

(i) берилген кызмат көрсөтүүлөрүн чагылдыруу максатында пайданын же зыяндын курамында таанылган, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын көлөмүн;

(ii) финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүнүн келечектеги же өткөн мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык эмес өзгөртүлүшүнө; жана

(iii) тажрыйбанын негизинде оңдоп-түзөөлөргө (B96(a), B97(c) жана B113(a)-пункттарын караңыз);

(c) өткөн мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык өзгөртүүлөргө, башкача айтканда пайда болгон доомattарга (камсыздандыруу чыгымдарына) тийиштүү келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөртүүлөрүнө (B97(b) жана B113(a)-пункттарын караңыз).

105. 100 -101-пункттарда көрсөтүлгөн салыштырып текшерүүлөр толук болушу үчүн ишкана мезгил ичинде берилген камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу эмес төмөнкүдөй суммалардын ар бирин өзүнчө ачып көрсөтүшү керек, эгерде муну колдонуу мүмкүн болсо:

(a) төмөнкүлөрдү кошуп, мезгил ичиндеги акча каражаттарынын агымдарын:

(i) чыгарылган камсыздандыруу келишимдери боюнча алынган (же кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери боюнча төлөнгөн) премияларды;

(ii) аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын; жана

(iii) аквизициялык акча каражаттарынын агымдарынан тышкары, пайда болгон доомattар (камсыздандыруу чыгымдары) боюнча төлөмдөрдү жана чыгарылган камсыздандыруу келишимдери боюнча төлөнгөн (же болбосо кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери боюнча орду толтурулган) камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча башка чыгашаларды;

(b) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерин чыгарган тараптын милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдигинин өзгөрүүлөрүнүн таасир этүүсүн;

(c) камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды; жана

© ФОЭС Фонду

(d) камсыздандыруу келишимдеринин таза баланстык наркынын өзгөртүүлөрүн түшүнүү үчүн зарыл болгон отчеттуулуктун кандай болбосун кошумча беренелерин.

106. 53 - 59-пункттарда сыпатталган, премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулгандардан тышкары, чыгарылган камсыздандыруу келишимдери үчүн ишкана мезгилде таанылган камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешенин төмөнкүлөрдү камтыган талдоосун бериши керек:

(a) төмөнкүлөрдү өзүнчө көрсөтүү менен, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин өзгөрүүлөрүнө байланыштуу, B124-пунктта белгиленген суммаларды:

(i) B124(a)-пунктка ылайык, мезгилдин ичинде тартылган камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларды;

(ii) B124(b)-пунктуна ылайык, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүлөрдүн өзгөртүүлөрүн; жана

(iii) B124(c)-пунктуна ылайык, мезгилде кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн натыйжасында пайданын же зыяндын курамында таанылган келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын суммасын,

(b) аквизициялык акча каражаттарынын агымдарынын ордун толтурууга таандык премиялардын бир бөлүгүн бөлүштүрүүнү.

107. 53 - 59 же 69 - 70-пункттарда сыпатталган премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулгандардан тышкары, камсыздандыруу келишимдери үчүн ишкана финансылык абал жөнүндө отчетко таасир этүүнү мезгил ичинде баштапкы таанылган чыгарылган камсыздандыруу келишимдери боюнча жана кармалып турган камсыздандыруу келишимдери боюнча өз-өзүнчө, баштапкы таанууда алардын төмөнкүлөргө таасир этүүсүн белгилеп, ачып көрсөтүшү керек:

(a) аквизициялык акча каражаттарынын агымдарынын көлөмдөрүн өзүнчө көрсөтүү менен, келечектеги акча каражаттарынын чыгууларынын келтирилген наркынын эсептик баалоолоруна;

(b) келечектеги акча каражаттарынын кирүүлөрүнүн келтирилген наркынын эсептик баалоолоруна;

(c) финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүгө; жана

(d) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржага.

108. 107-пунктта талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүдө ишкана төмөнкүлөргө байланыштуу пайда болгон суммаларды өз-өзүнчө көрсөтүшү керек:

(a) камсыздандыруу келишимдерин өткөрүп берүү же бизнестерди бириктирүү боюнча бүтүмдөрдүн алкагында башка ишканалардан сатып алынган келишимдерге; жана

(b) оордотулган болуп саналган келишимдердин топторуна.

109. 53 - 59 жана 69 - 70-пункттарда сыпатталган премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулгандардан тышкары, камсыздандыруу келишимдери үчүн ишканалар отчеттук мезгилдин аягына карата калган, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны ишканалар пайданын же зыяндын курамында таанууну качан күтүп жаткандыгын түшүндүргөн маалыматты, ал үчүн же тийиштүү мезгилдик аралыктарды белгилөө менен сандык ыкманы, же сапаттык маалымат берүү ыкмасын колдонуу менен ачып көрсөтүшү керек. Мындай маалымат чыгарылган камсыздардыруу келишимдери жана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери үчүн өзүнчө берилүүгө тийиш.

## Камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар

110. Ишкана маалыматты ачып көрсөтүп, отчеттук мезгилде камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын жалпы суммаларын түшүндүрүп бериши керек. Тактап айтканда, финансылык отчеттуулуктун пайдалануучулары пайданын же зыяндын жана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган финансылык кирешелердин же чыгашалардын булактарын баалай алышы үчүн ишкана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын жана өз активдери боюнча инвестициялык кирешенин ортосундагы өз ара байланышты түшүндүрүп берүүгө тийиш.

111. Тикелей катышуу шарттары менен келишимдер үчүн ишкана базалык беренелердин курамынын сыпаттамасын берип, алардын адилет наркы жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек.

112. Тикелей катышуу шарттары менен келишимдер үчүн, эгерде ишкана, B115-пунктка ылайык, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын айрым өзгөртүүлөрүн оңдоп-түзөбөө чечимин кабыл алса, ал мындай чечимдин учурдагы мезгилде келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөөгө таасир этүүсү жөнүндө маалыматты берүүгө тийиш.

113. Тикелей катышуу шарттары менен келишимдер үчүн, эгерде ишкана, B135-пунктка ылайык, камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын жана башка жыйынды кирешенин ортосунда дезагрегациялоо үчүн базаны өзгөртсө, ал ыкманын өзгөрүүсү болгон мезгилде төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүшү керек:

(a) ишкана дезагрегациялоо үчүн базаны өзгөртүүгө мажбур болгон себепти;

(b) финансылык отчеттуулуктун ар бир оңдоп-түзөлгөн беренесинин оңдоп-түзөөлөрүнүн көлөмүн; жана

(c) мындай өзгөртүү күнүнө карата, өзгөртүү колдонулган камсыздандыруу келишимдеринин тобунун балансттык наркын.

## Өтүүдө ачып көрсөтүлгөн суммалар

114. Ишкана модификацияланган ретроспективдик ыкманы (C6 - 19-пункттарды караңыз) же адилет нарктын негизиндеги ыкманы (C20 - C24-пункттарды караңыз) колдонуу менен өтүү күнүнө карата бааланган камсыздандыруу келишимдеринин тобу тарабынан кийинки мезгилдерде келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржага жана камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешеге таасир этүүнү финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына идентификациялоого мүмкүнчүлүк бере турган маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Ошентип, ишкана 101(c)-пунктуна ылайык келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын жана 103(a)-пунктуна ылайык камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешенин салыштырып текшерүүсүн төмөнкүлөр үчүн өз-өзүнчө ачып көрсөтүшү керек:

(a) өтүү күнүнө карата бар болгон, ишкана модификацияланган ретроспективдүү ыкма колдонулган камсыздандыруу келишимдери;

(b) өтүү күнүнө карата бар болгон, ишкана адилет нарктын негизиндеги ыкма колдонулган камсыздандыруу келишимдери; жана

(c) бардык башка камсыздандыруу келишимдери.

115. Финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына өтүү күнүнө карата суммаларды аныктоодо колдонулган методдордун жана ой жүгүртүүлөрдүн мүнөзүн жана маанилүүлүгүн түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн, ишкана 114(a) же 114(b)-пункттарына ылайык маалымат ачып көрсөтүлүп жаткан ар бир мезгил үчүн ал

өтүү күнүнө карата камсыздандыруу келишимдеринин баалоосун кантип аныктагандыгын түшүндүрүп бериши керек.

116. Камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды дезагрегациялоо жана аларды пайданын же зыяндын жана башка жыйынды кирешенин курамында таануу жөнүндө чечим кабыл алып жаткан ишкана дезагрегацияланган маалымат берилип жаткан, пайданын же зыяндын курамында таанылган камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын жана камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн өтүү күнүнө карата финансылык кирешелердин же чыгашалардын жалпы суммасынын ортосундагы жыйынды айырманы аныктоо үчүн C18(b), C19(b), C24(b) жана C24(c)-пункттарын колдонушу керек. Ушул пунктка ылайык аныкталган суммалар орун алган бардык мезгилдер үчүн ишкана камсыздандыруу келишимдеринин топторуна таандык, башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдер боюнча башка жыйынды кирешенин курамына киргизилген жыйынды сумманын мезгилдин башына жана аягына карата калдыктарынын салыштырып текшерүүсүн ачып көрсөтүшү керек. Салыштырып текшерүү, мисалы, мезгил ичинде башка жыйынды кирешенин курамында мурда таанылган пайдалардын же зыяндардын суммаларын, жана буга чейинки мезгилдерде башка жыйынды кирешенин курамында мурда таанылган, ушул мезгилде пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган пайдалардын же зыяндардын суммаларын камтышы керек.

## ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуудагы олуттуу ой жүгүртүүлөр

117. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда колдонулган олуттуу ой жүгүртүүлөр жана ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Тактап айтканда, ишкана, төмөнкүлөрдү кошуп, колдонулган баштапкы маалыматтар, божомолдор жана баалоо моделдери жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык камсыздандыруу келишимдерин баалоо үчүн колдонулган методдорду, ушул методдорду колдонуу үчүн баштапкы маалыматтарды аныктоо ыкмаларын. Муну практикада колдонуу мүмкүн эмес болуп саналган учурлардан тышкары, ишкана ошондой эле ушул баштапкы маалыматтар жөнүндө сандык маалыматты бериши керек;

(b) келишимдерди баалоо үчүн колдонулган методдордун жана ыкмалардын кандай болбосун өзгөртүүлөрүн, ар бир өзгөртүүнүн себептерин жана өзгөртүлгөн келишимдердин түрүн;

(c) (a) пунктчасында каралбаган учурларда төмөнкүлөр үчүн колдонулган ыкманы:

(i) дискрециялык укукту жүзөгө ашырууга байланыштуу пайда болгон келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолорундагы өзгөртүүлөрдү, жана тикелей катышуу шарттарысыз келишимдер боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолорундагы башка өзгөртүүлөрдү айырмалап бөлүү (B98-пунктту караңыз);

(ii) финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн өзгөртүүсү камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн компонентинин жана камсыздандыруу боюнча финансылык компоненттин ортосунда дезагрегациялангандыгын же алар толугу менен камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн натыйжасынын курамында берилгендигин белгилеп, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү аныктоо;

(iii) дисконттоо ставкаларын аныктоо; жана

(iv) инвестициялык компоненттерди аныктоо.

118. 88(b) же 89(b)-пункттарына ылайык ишкана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын курамында берилген суммаларга, жана башка жыйынды кирешенин курамында берилген суммаларга дезагрегациялоо жөнүндө чечим кабыл алса, ишкана пайданын же зыяндын курамында таанылган камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын көлөмдөрүн аныктоо үчүн колдонулган методдордун түшүндүрүлүшүн ачып көрсөтүшү керек.

119. Ишкана финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү эсептөө үчүн колдонулган ишеним деңгээли жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Эгерде ишкана финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү аныктоо үчүн ишеним деңгээлине негизделген методдон айырмаланган методду колдонсо, ал ушундай методдун натыйжаларына ылайык келген, колдонулган метод жана ишеним деңгээли жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек.

120. Ишкана, 36-пунктка ылайык, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу болбогон акча каражаттарынын агымдарын дисконттоо үчүн колдонулган кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы (же кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыктарынын диапазону) жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Эгерде ишкана ушул маалыматты камсыздандыруу келишимдеринин бир нече топтору боюнча агрегацияланган формада ачып көрсөтсө, ал мындай маалыматты орточо алынган көлөмдөр же салыштырмалуу тар диапазондордогу маанилер түрүндө бериши керек.

## ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу тобокелдиктердин мүнөзү жана даражасы

121. Ишкана анын финансылык отчеттуулугунун пайдалануучуларына ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын мүнөзүн, суммасын, мөөнөттөрүн жана айкын эместигин баалоого мүмкүнчүлүк берген маалыматты ачып көрсөтүшү керек. 122 - 132-пункттарда, адатта, ушул максатка жетүү үчүн зарыл маалыматты ачып көрсөтүүгө талаптар камтылган.

122. Маалыматты ачып көрсөтүү негизинен камсыздандыруу келишимдери менен байланыштуу пайда болгон камсыздандыруу жана финансылык тобокелдиктерге жана ошол тобокелдиктерди башкаруу ыкмаларына тийиштүү болот. Адатта, финансылык тобокелдиктер кредиттик тобокелдикти, ликвиддүүлүк тобокелдигин жана рыноктук тобокелдикти камтыйт, бирок алар менен чектелбейт.

123. Отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата абал боюнча ачып көрсөтүлгөн, ишкананын тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгү жөнүндө маалымат ушул мезгил ичинде ишкананын тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгү жөнүндө баа берүүгө мүмкүнчүлүк бербесе, анда ишкана ошол фактыны, мезгил аягына карата абал боюнча тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгү эмнеге мүнөздүү болуп саналбагандыгынын себептерин ачып көрсөтүп, мезгил ичинде өзүнүн тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгү жөнүндө, мүнөздүү боло турган кошумча маалыматты бериши керек.

124. ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу пайда болгон тобокелдиктердин ар бир түрү боюнча ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) тийиштүү тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгүн жана ал пайда болгон себептерди;

(b) өзүнүн максаттарын, саясатын жана ушул тобокелдиктерди жана ушул тобокелдиктерди баалоо үчүн колдонулган методдорду башкаруу процесстерин; жана

(c) буга чейинки мезгил менен салыштырмалуу (a) же (b) пунктчалардагы өзгөртүүлөрдү.

125. ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу пайда болгон тобокелдиктердин ар бир түрү боюнча ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата абал боюнча өзүнүн тийиштүү тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгү жөнүндө жалпы сандык маалыматтарды. Мындай маалыматтарды ачып көрсөтүү ишкананын негизги башкаруучу персоналына берилген ички маалыматка негизделиши керек;

(b) 127 - 132-пункттарда талап кылынган, (a) пунктчасын колдонуу анын берилишин камсыз кылбаган маалыматты.

126. Ишкана анын алкагында ал өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырган ченемдик укуктук базанын таасир этүүсү жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек, мисалы, капиталга карата минималдуу талаптар же кирешелүүлүктүн милдеттүү кепилденген ставкалары жөнүндө. Эгерде ФОЭС (IFRS) 17нин талаптары колдонулган камсыздандыруу келишимдеринин топторун аныктоодо ишкана таанууга жана баалоого карата 20-пунктту колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

## Тобокелдиктин бардык түрлөрү – тобокелдиктин концентрациялары

127. Ишкана ошол топтомдорду кантип аныктагандыгынын сыпаттамасын, жана ар бир топтомду айырмалаган жалпы мүнөздөмөнүн (мисалы, камсыздандыруу учурунун, тармактын, географиялык областтын же валютанын) сыпаттамасын кошуп, ишкана ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге байланыштуу пайда болгон тобокелдиктин топтому жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Финансылык тобокелдиктин топтому, мисалы, көптөгөн келишимдер үчүн бир деңгээлде белгиленген кирешелүүлүктүн кепилденген ставкаларына байланыштуу пайда болушу мүмкүн. Ошондой эле финансылык тобокелдиктин топтому финансылык эмес тобокелдиктин топтомуна байланыштуу пайда болушу мүмкүн; мисалы, эгерде ишкана фармацевтикалык компанияларга чыгарылган продукциянын сапаты үчүн жоопкерчиликти камсыздандыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүн берсе жана мында анын ушул компанияларда инвестициялары бар болсо.

## Камсыздандыруу жана рыноктук тобокелдиктер – сезгичтикти талдоо

128. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге байланыштуу пайда болгон тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгүнүн өзгөрүүлөрүнө сезгичтик жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Ушул талаптарды аткаруу максатында ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата негиздүү түрдө мүмкүн болуп саналган, тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгүнүн өзгөртүүлөрү тарабынан пайдага же зыянга жана менчик капиталга таасир этүүнү чагылдырган сезгичтиктин талдоосун:

(i) камсыздандыруу тобокелдиги боюнча – кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери аркылуу тобокелдикти төмөндөтүү

боюнча чараларга чейин жана алардан кийин чыгарылган камсыздандыруу келишимдерине таасир этүүнү көрсөткөн; жана

(ii) рыноктук тобокелдиктин ар бир түрү боюнча – камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгүнүн өзгөрүүлөрүнө карата сезгичтиктин, жана ишкана тарабынан кармалып турган финансылык активдерге байланыштуу пайда болгон кабылуу мүмкүндүгүнүн ортосундагы өз ара байланышты түшүндүргөндөй кылып;

(b) сезгичтиктин ушул талдоосун даярдоодо колдонулган методдорду жана божомолдорду; жана

(c) сезгичтиктин талдоосун даярдоодо колдонулган методдорго жана божомолдорго киргизилген, буга чейинки мезгил менен салыштырмалуу өзгөртүүлөрдү, жана мындай өзгөртүүлөрдүн себептерин.

129. Эгерде ишкана, 128(a)-пунктунда белгиленгендерден айырмаланган суммаларга карата тобокелдикке кабылуу мүмкүндүгүнүн өзгөрүүлөрү тарабынан таасир этүүнү чагылдырган сезгичтик талдоосун даярдап жатса, жана ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдердин натыйжасында пайда болгон тобокелдиктерди башкаруу максаттары үчүн сезгичтиктин ушул талдоосун колдонсо, ишкана сезгичтиктин ушул талдоосун 128(a)-пунктунда белгиленген талдоонун ордуна колдонушу мүмкүн. Мындай ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) сезгичтиктин ушул талдоосун даярдоодо колдонулган методдун, ошондой эле берилген маалыматтын негизинде жаткан негизги параметрлердин жана божомолдордун түшүндүрүүсүн;

(b) колдонулган методдун жана берилген маалыматта ал тараптан келтирилген кандай болбосун чектөөлөрдүн максатынын түшүндүрүүсүн.

### Камсыздандыруу тобокелдиги – дооматтардын пайда болушу

130. Ишкана дооматтардын дисконттолбогон суммаларынын мурдагы баалоолоруна салыштырмалуу иш жүзүндөгү дооматтардын (башкача айтканда, дооматтардын өөрчүшү) жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек. Дооматтардын (камсыздандыруу чыгымдарынын) пайда болушу жөнүндө маалымат отчеттук мезгилдин аягына карата дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) боюнча төлөмдөрдүн суммаларына жана мөөнөттөрүнө карата дагы деле айкын эместик бар болгон олуттуу дооматтын (дооматтардын) ичинен эң эле эртеси пайда болгон мезгилден тартып ачып көрсөтүлүшү керек; мында отчеттук мезгил аяктаганга чейин 10 жылдан ашык мезгил үчүн маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынбайт. Ишкана дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) боюнча төлөмдөрдүн суммаларына жана мөөнөттөрүнө карата айкын эместик адатта бир жылдын ичинде чечилген дооматтардын (камсыздандыруу чыгымдарынын) пайда болушу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес. Ишкана дооматтардын (камсыздандыруу чыгымдарынын) пайда болушу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүлүшүн 100(c)-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлгөн камсыздандыруу келишимдеринин топторунун жыйынды балanстык наркы менен салыштыруусун берүүгө тийиш.

### Кредиттик тобокелдик – башка маалымат

131. ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу кредиттик тобокелдикке карата ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

© ФОЭС Фонду

(a) отчеттук мезгилдин аягына карата кредиттик тобокелдикке максималдуу кабылуу мүмкүндүгүн эң жакшы чагылдырган сумманы, чыгарылган камсыздандыруу келишимдери жана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери үчүн өзүнчө; жана

(b) активдерди билдирген кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин кредиттик сапаты жөнүндө маалыматты.

## Ликвиддүүлүк тобокелдиги – башка маалымат

132. ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдерге байланыштуу пайда болгон ликвиддүүлүк тобокелдигине карата ишкана төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) ишкана ликвиддүүлүк тобокелдигин кантип башкарып жаткандыгынын сыпаттамасын;

(b) милдеттенмелерди билдирген чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин топтору жана милдеттенмелерди билдирген кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн төлөө мөөнөттөрүнүн, отчеттук күндөн кийинки биринчи беш жылдын ичиндеги ар бир жыл үчүн жана жыйындысында биринчи беш жылдан кийин, жок дегенде, тийиштүү топтор боюнча таза акча каражаттарынын агымдарын көрсөткөн талдоосун өзүнчө. Ишкана, 55 - 59-пункттарга ылайык бааланган, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмелерин ушул талдоого кошууга милдеттүү эмес. Талдоо төмөнкүлөрдүн формасында берилиши мүмкүн:

   (i) келишимде каралган калган дисконттолбогон таза акча каражаттарынын агымдары пайда болгон эсептик мөөнөттөр боюнча талдоонун; же

   (ii) келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын эсептик баалоолорунун эсептик мөөнөттөрү боюнча талдоонун;

(c) (b) пунктчасына ылайык, мындай маалымат ачып көрсөтүлбөсө, мындай суммалардын жана келишимдердин тийиштүү топторунун баланстык наркынын ортосундагы өз ара байланышты түшүндүрүү менен, талап боюнча төлөнүүгө жаткан суммаларды.

## А тиркемеси

## ТЕРМИНДЕРДИН АНЫКТАМАСЫ

*Ушул тиркеме "Камсыздандыруу келишимдери" ФОЭС (IFRS) 17нин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **Келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа** | Камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча активдин же милдеттенменин баланстык наркынын компоненти, ал иштеп табылбаган пайданы билдирет, аны ишкана таанышйт, анткени ал топто камсыздандыруу келишимдери боюнча кызматтарды көрсөтөт. |
| **Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгили** | Анын аралыгында ишкана камсыздандыруу учурларын төлөөнү камсыз кылган мезгил. Ушул мезгил камсыздандыруу келишиминин алкагында бардык премиялар таандык болгон төлөөнү камтыйт. |
| **Тажрыйбанын негизинде оңдоп-түзөө** | Төмөнкүлөрдү билдирет:<br>(a) премиялардын (аквизициялык акча каражаттарынын агымдары жана камсыздандыруу премияларына карата салыктар сыяктуу коштоочу акча каражаттарынын агымдарынын) түшүүсүнө карата колдонулчу – мезгилдин башына карата аткарылган, мезгилдин ичинде алынышы күтүлгөн суммалардын баалоосунун жана ушул мезгил үчүн иш жүзүндөгү акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы айырманы; же<br>(b) камсыздандыруу боюнча чыгашаларга (камсыздандыруу келишимдери боюнча аквизициялык чыгашалардан тышкары) карата колдонулчу – мезгилдин башына карата аткарылган, мезгилдин ичинде тартылышы күтүлгөн чыгашалардын суммаларын баалоонун жана мезгил ичинде тартылган чыгашалардын иш жүзүндөгү суммаларынын ортосундагы айырманы. |
| **Финансылык тобокелдик** | Төмөнкү бир же бир нече факторлордун келечекте өзгөрүшү мүмкүн тобокелдиги: берилген пайыздык ставканын, финансылык инструменттин баасынын, товардын баасынын, чет өлкөлүк валютанын алмашуу курсунун, баалардын же ставкалардын индексинин, кредиттик рейтингдин же кредиттик индекстин, же башка өзгөрүлмөнүн, финансылык эмес өзгөрүлмөнүн учурунда, ушул өзгөрүлмө келишим боюнча тарапка мүнөздүү болбогон шартта. |
| **Келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары** | Акча каражаттарынын келечектеги чыгууларынын келтирилген наркынын ачык, жаңылыш эмес жана ыктымалдыкты эсепке алуу менен бааланган эсептик баалоосу (башкача айтканда, күтүлгөн наркы) минус финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүнү эсепке алуу менен, камсыздандыруу келишимдеринин ишкана тарабынан аткарылышына жараша пайда боло турган акча каражаттарынын келечектеги кирүүлөрүнүн келтирилген наркы. |
| **Камсыздандыруу келишимдеринин тобу** | Камсыздандыруу келишимдеринин портфелин, жок дегенде, бир жылдан ашык эмес мезгилдин ичинде түзүлгөн келишимдерге жана, бар болгондо, баштапкы таанууда төмөнкүдөй болгон келишимдерге бөлүүнүн натыйжасында бөлүп чыгарылган камсыздандыруу келишимдеринин жыйындысы: |

© ФОЭС Фонду

(a) эгерде ошондойлор бар болсо, оордотулган болуп саналган;

(b) эгерде ошондойлор бар болсо, кийин оордотулган болуп калат деген олуттуу ыктымалдыктын жок болгондугу менен мүнөздөлгөн; же

(c) эгерде ошондойлор бар болсо, (a) пунктчасына да, (b) пунктчасына да таандык эмес.

| | |
|---|---|
| **Аквизициялык акча каражаттарынын агымдары** | Сатуу чыгымдары, андеррайтинг жана ушул топ таандык болгон камсыздандыруу келишимдеринин портфели менен түздөн-түз байланышкан камсыздандыруу келишимдеринин тобун түзүү менен шартталган акча каражаттарынын агымдары. Мындай акча каражаттарынын агымдары айрым келишимдерге же портфелдин алкагында камсыздандыруу келишимдеринин тобуна тикелей кирбеген акча каражаттарынын агымдарын камтыйт. |
| **Камсыздандыруу келишими** | Бир тарап (камсыздандыруучу) экинчи тараптын (камсыздандыруу полисин кармоочу) олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин аталган болушуна ишенич жок келечектеги айкын эмес окуя (камсыздандыруу учуру) камсыздандыруу полисин кармоочуга терс таасирин тийгизген учурда ага компенсация төлөп берүүгө макулдук берүү аркылуу өзүнө алган келишим. |
| **Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишими** | Камсыздандыруу келишими, аны түзүүдө:<br>(a) келишимдин шарттарында камсыздандырылуучу базалык беренелердин так аныкталган пулунун үлүшүнө катышат деп көрсөтүлгөн;<br>(b) ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга базалык беренелердин адилет наркынан кирешелердин кыйла үлүшүнө барабар болгон сумманы төлөөнү күтөт; жана<br>(c) ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөнүүгө тийиш болгон суммалардын ар кандай өзгөрүүлөрүнүн бир бөлүгү базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүшү менен өзгөрөт деп күтөт. |
| **Тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишими** | Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишими болуп саналбаган камсыздандыруу келишими. |
| **Камсыздандыруу тобокелдиги** | Финансылык тобокелдиктен айырмаланган, келишимди кармоочудан аны чыгарган тарапка өткөрүп берилүүчү тобокелдик. |
| **Камсыздандыруу учуру** | Камсыздандыруу тобокелдигин түзгөн жана камсыздандыруу келишиминде камтылган келечектеги айкын эмес окуя. |
| **Инвестициялык компонент** | Камсыздандыруу учуру келбесе да, камсыздандыруу келишимине ылайык ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берүүгө тийиш болгон сумма. |
| **Дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишим** | Конкреттүү инвесторго камсыздандыруучунун ыктыярына көз каранды эмес суммалардан тышкары, кошумча суммаларды алууга укук берген финансылык инструмент:<br>(a) келишим боюнча жалпы көлөмдүн олуттуу бөлүгүн түзө тургандыгы күтүлүүчү;<br>(b) келишимдин шарттарына ылайык, мөөнөттөрү же суммалары |

чыгарган тараптардын ыктыярына калтырылган; жана

(c) келишимдин шарттарына ылайык, төмөнкүлөрдүн негизинде эсептелген:

(i) келишимдердин белгилүү пулунун же белгилүү түрдөгү келишимдердин кирешелүүлүгүнө;

(ii) чыгарган тарапта бар болгон активдердин белгилүү пулунан жүзөгө ашырылган жана/же жүзөгө ашырылбаган инвестициялык кирешелерине; же

(iii) ушул келишимди чыгарган ишкананын же фонддун пайдасынын же зыянынын.

| | |
|---|---|
| **Пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенме** | Ишкананын, болуп өткөн, бирок алар боюнча камсыздандыруу дооматтары билдириле элек учурларды кошуп, болуп өткөн камсыздандыруу учурларына карата негизделген камсыздандыруу боюнча дооматтарды жана камсыздандыруу боюнча тартылган башка чыгашалардын иликтөөсүн жүргүзүү жана төлөп берүү милдети |
| **Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенме** | Али болуп өтпөгөн камсыздандыруу учурларына карата бар болгон камсыздандыруу келишимдеринин алкагында ишкананын негизделген дооматтарынын иликтөөсүн жүргүзүү жана төлөп берүү милдети (башкача айтканда, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин калган бөлүгүнө карата таандык болгон милдет). |
| **Камыздандыруу полисин кармоочу** | Камсыздандыруу учуру келгенде камсыздандыруу келишими боюнча компенсация алууга укугу бар тарап. |
| **Камсыздандыруу келишимдеринин портфели** | Окшош тобокелдиктерге кабылуусу мүмкүн болгон жана биргелешип башкарылган камсыздандыруу келишимдери. |
| **Кайра камсыздандыруу келишими** | Биринчи ишкана (кайра камсыздандыруучу) тарабынан экинчи ишканага ушундай экинчи ишкана тарабынан чыгарылган бир же бир нече келишимдер (базалык келишимдер) боюнча пайда болгон дооматтарын компенсациялоо үчүн чыгарылган камсыздандыруу келишими. |
| **Финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү** | Ишкана камсыздандыруу келишимдерин аткарышына жараша финансылык эмес тобокелдик менен шартталган акча каражаттарынын агымдарынын келип чыгуу суммасы жана мөөнөттөрү жагынан айкын эместикке жол бербөө үчүн ишкана тарабынан талап кылынган компенсация. |
| **Базалык беренелер** | Камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берилүүгө жаткан айрым суммаларды аныктаган активдер. Базалык беренелер кандай болбосун беренелерди камтышы мүмкүн; мисалы, активдердин шарттуу берилген базалык портфелин, ишкананын таза активдерин же ишкананын таза активдеринин белгилүү кичи топторун. |

# В тиркемеси

## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Ушул тиркеме "Камсыздандыруу келишимдери " ФОЭС (IFRS) 17нин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

B1. Ушул тиркеме төмөнкүдөй маселелер боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт:

(a) камсыздандыруу келишиминин аныктамасы (B2 - B30-пункттарды караңыз);

(b) камсыздандыруу келишиминен компоненттерди бөлүп чыгуу (B31 - B35-пункттарды караңыз);

(c) баалоо (B36 - B119-пукттарды караңыз);

(d) камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше (B120 - B127-пункттарды караңыз);

(e) камсыздандыруу келишимдери боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар (B128 - B136-пункттарды караңыз); жана

(f) аралык финансылык отчеттуулук (B137-пунктту караңыз).

## Камсыздандыруу келишиминин аныктамасы (А тиркемеси)

B2. Ушул бөлүктө А тиркемесинде келтирилген камсыздандыруу келишиминин аныктамасына карата көрсөтмөлөр камтылган. Анда төмөнкүдөй маселелер камтылган:

(a) пайда болушу айкын эмес келечектеги окуя (B3 - B5-пункттарды караңыз);

(b) натуралай формадагы төлөмдөр (B6-пунктту караңыз);

(c) камсыздандыруу тобокелдигинин башка тобокелдиктерден айырмасы (B7 - B16-пункттарды караңыз);

(d) олуттуу камсыздандыруу тобокелдиги (B17 - B23-пункттарды караңыз);

(e) камсыздандыруу тобокелдигинин деңгээлинин өзгөрүүлөрү (B24 - B25-пункттарды караңыз); жана

(f) камсыздандыруу келишимдеринин мисалдары (B26 - B30-пункттарды караңыз).

## Пайда болушу айкын эмес келечектеги окуя

B3. Айкын эместик (же тобокелдик) камсыздандыруу келишиминин маңызын түзөт. Мындан улам, камсыздандыруу келишиминин төмөндө келтирилген аспекттеринин, жок дегенде, бирөөнө карата ал иштеп баштаган учурда айкын эместик бар болот:

(a) камсыздандыруу учурун түзгөн окуя болоорунун ыктымалдыгына;

(b) камсыздандыруу учуру боло турган учурга; же

(c) эгерде камсыздандыруу учуру болсо, ишкана төлөп берүүгө мажбур болгон суммага.

B4. Айрым камсыздандыруу келишимдеринде камсыздандыруу учуру болуп келишим колдонулган мөөнөттүн ичинде зыянды, ал зыян ушул келишимди колдонуу башталганга чейин болгон окуянын натыйжасында пайда болсо да, табуу саналат. Башка камсыздандыруу келишимдеринде камсыздандыруу учуру болуп келишим колдонулган мөөнөттүн ичинде болуп жаткан окуя, ошол окуянын натыйжасында

пайда болгон зыян ушул келишимди колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин табылса да, саналат.

B5. Айрым камсыздандыруу келишимдери болуп өткөн, бирок алардын финансылык натыйжаларына карата дагы эле айкын эместик бар болгон окуяларды жабат. Мисал катары өткөн окуянын жагымсыз кесепеттеринин учурунда төлөөнү камсыз кылган камсыздандыруу келишимин келтирсе болот. Ушундай келишимдер боюнча белгиленген камсыздандыруу чыгымдарын жөнгө салуу боюнча чыгымдардын акыркы суммасын аныктоо камсыздандыруу учуру болуп саналат.

## Натуралай формадагы төлөмдөр

B6. Айрым камсыздандыруу келишимдери боюнча төлөмдөрдү натуралай формада жүргүзүү талап кылынат же ага уруксат берилет. Мындай учурларда ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга камсыздандыруу учуру болгондуктан зыяндардын ордун толтуруп берүү боюнча өз милдетин жөнгө салуу үчүн камсыздандыруу полисин кармоочуга товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берет. Мисал катары ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга ал тарткан зыяндардын суммасынын ордун толтурбай, уурдалган буюмдун ордун толтурган жагдайды келтирсе болот. Башка мисал катары, ишкана өзүнүн жеке бейтапканаларын жана медициналык персоналын ушул камсыздандыруу келишими менен камтылган медициналык кызмат көрсөтүүлөрү үчүн пайдалангандыгын келтирсе болот. Мындай келишимдер, доомattарды (камсыздандыруу чыгымдарын) жөнгө салуу натуралай формада жүзөгө ашырылгандыгына карабастан, камсыздандыруу келишимдери болуп саналат. 8-пунктта сыпатталган шарттарды канааттандырган, бекитилген сыйакыны төлөө үчүн кызмат көрсөтүүлөрүн берүүгө карата келишимдер да камсыздандыруу келишимдери болуп саналат, бирок 8-пунктка ылайык ишкана аларды ФОЭС (IFRS) 17 же "*Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн кирешe*" ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эсепке алуу чечимин кабыл алууга укуктуу.

## Камсыздандыруу тобокелдигинин башка тобокелдиктерден айырмасы

B7. Камсыздандыруу келишимин аныктамасында биринчи тарап экинчи тараптан өзүнө олуттуу тобокелдикти кабыл алгандыгы талап кылынат. ФОЭС (IFRS) 17де камсыздандыруу тобокелдиги «келишимди кармап турган тарап менен ушул келишимди чыгарган тарапка берилүүчү, финансылык тобокелдиктен айырмаланган тобокелдик» катары аныкталат. Аны чыгарган тарапты олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берүүсүз финансылык тобокелдикке тарткан келишим камсыздандыруу келишими болуп саналбайт.

B8. A тиркемесинде келтирилген финансылык тобокелдиктин аныктамасында финансылык жана финансылык эмес өзгөрүлмөлөр белгиленген. Келишим боюнча тараптардын бири үчүн өзгөчөлүү болуп саналбаган финансылык эмес өзгөрүлмөлөрдүн мисалдары белгилүү аймакта жер титирөөлөрдөн болгон чыгашалардын индексин же белгилүү шаарда температуралардын индексин камтыйт. Финансылык тобокелдик, ушул тарапка таандык активге зыян келтире турган же аны жок кыла турган өрттүн пайда болушу же пайда болбошу сыяктуу, келишим боюнча тараптардын бирине мүнөздүү финансылык эмес өзгөрүлмөлөр менен шартталган тобокелдикти жокко чыгарат. Анын үстүнө, финансылык эмес активдин адилет наркынын өзгөрүү тобокелдиги, эгерде ушул адилет нарк мындай активдерге рыноктук баалардын өзгөрүүлөрүн (башкача айтканда финансылык өзгөрүлмөнү) жана келишимдин тараптарынын бири менен кармалып турган белгилүү финансылык эмес активдин абалын (башкача атканда, финансылык эмес өзгөрүлмөнү) чагылдырса, финансылык тобокелдик болуп саналбайт. Мисалы, камсыздандыруу полисин кармоочуда камсыздандыруу кызыкчылыгы бар болгон

белгилүү автомобилдин жоюу наркынын кепилдиги кепил берүүчүнү автомобилдин физикалык абалын өзгөртүү тобокелдигине тартып жатса, анда мындай тобокелдик финансылык эмес, камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналат.

B9. Айрым келишимдер аларды чыгарган тарапты олуттуу камсыздандыруу тобокелдигине кошумча катары финансылык тобокелдикке тартат. Мисалы, көптөгөн жашоону камсыздандыруу келишимдери камсыздандыруу полисин кармоочуларга финансылык тобокелдикти түзүп, кирешелүүлүктүн айрым минималдуу ченемин кепилдешет, жана, ошол эле убакта, аларда, өлүмгө учуроо тобокелдиги түрүндө камсыздандыруу тобокелдиги түзүлүп, камсыздандыруу полисин кармоочунун өздүк эсеби боюнча сальдодон олуттуу ашырып кеткен, каза болгондугу боюнча төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу каралган. Мындай келишимдер камсыздандыруу келишимдери болуп саналат.

B10. Айрым келишимдер боюнча камсыздандыруу учурунун келиши баалардын тигил же бул индексине байланган сумманы төлөп берүү зарылчылыгы пайда болот. Камсыздандыруу учуруна байланыштуу болгон төлөмдүн көлөмү олуттуу болушу мүмкүн болсо, мындай келишимдер камсыздандыруу келишимдери болуп саналат. Мисалы, тиричилик минимумунун индексине байланган өмүр бою берилүүчү аннуитеттик төлөмдөр камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берет, себеби төлөмдөрдү жүргүзүү пайда болушу айкын эмес келечектеги окуяга – аннуитет алуучунун өмүрүнүн узактыгына байланыштуу. Баалардын индексине байлоо туунду инструмент болуп саналат, бирок ал камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп бербейт, себеби индекс колдонулган төлөмдөрдүн саны аннуитет алуучунун өмүрүнүн узактыгына байланыштуу болот. Эгерде ушинтип өткөрүлүп берилген камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болсо, анда туунду инструмент камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берет, жана мындай учурда аны негизги келишимде бөлүп чыгаруу талап кылынбайт (11(a)-пунктун караңыз).

B11. Камсыздандыруу тобокелдиги – бул ишкана камсыздандыруу полисин кармоочудан алган тобокелдик. Бул ишкана камсыздандыруу полисин кармоочу кабылган тобокелдикти камсыздандыруу полисин кармоочудан өткөрүп алышы керектигин билдирет. Ишкана же камсыздандыруу полисин кармоочу үчүн келишим тарабынан түзүлгөн жаңы тобокелдик камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт.

B12. Камсыздандыруу келишиминин аныктамасында камсыздандыруу полисин кармоочу үчүн жагымсыз кесепеттер айтып өтүлгөн. Ушул аныктама ишкана тарабынан жүзөгө ашырылган төлөмдөрдүн көлөмүн белгиленген жагымсыз окуянын финансылык натыйжасына барабар сумма менен чектебейт. Мисалы, аныктама эски бузулган активди жаңы менен алмаштыруу үчүн жетиштүү сумманы камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берилген «эскинин ордуна жаңы» камсыздандыруу төлөмүн камтыйт. Ошондой эле аныктама өмүрдү камсыздандыруу келишими боюнча төлөмдөрдүн көлөмүн өлгөн адамдын багуусунда болгон адамдар тарабынан тартылган финансылык зыяндын суммасы менен чектебейт, жана өлүмдүн же кырсыктын натыйжасында тартылган зыянды сандык баалоо үчүн төлөмдөрдүн алдын ала аныкталган көлөмү белгиленген келишимдерди да эсептен чыгарбайт.

B13. Айрым келишимдер, эгерде пайда болушу айкын эмес макулдашылган келечектеги окуя болсо, төлөмдү жүзөгө ашырууну талап кылат, бирок мында ушул төлөмдүн милдеттүү шарты катары камсыздандыруу полисин кармоочу үчүн жагымсыз кесепеттердин пайда болушун карабайт. Мындай түрдөгү келишим, аны кармап турган тарап аны тийиштүү базалык өзгөрүлмөнүн өзгөрүү тобокелдигине кабылуу мүмкүндүгүн төмөндөтүү үчүн колдонсо да, камсыздандыруу келишими болуп саналбайт. Мисалы, келишимди кармап турган тарап ишкананын активинен акча

каражаттарынын агымдарын корреляциялаган, базалык финансылык же финансылык эмес өзгөрүлмөнү хеджирлөө үчүн туунду инструмент катары колдонсо, анда ушул туунду инструмент камсыздандыруу келишими болуп саналбайт, себеби ал боюнча төлөм активден акча каражаттарынын агымдарынын азаюусунун натыйжасында келишимди кармап турган тарап үчүн жагымсыз кесепеттер пайда болооруна байланыштуу эмес. Келишимдин аныктамасында пайда болушу айкын эмес болгон, жана аны кармап турган тарапка анын жагымсыз таасир этүүсү келишимге ылайык төлөмдү жүзөгө ашыруу үчүн сөзсүз шарт болуп саналган келечектеги окуя көрсөтүлгөн. Келишимге киргизилген ушул сөзсүз шарт, ишкана тарабынан болуп жаткан окуя чынында эле жагымсыз кесепеттерди алып келгендигине текшерүү жүргүзүүнү талап кылбайт, бирок ишканага, эгерде окуя чынында эле жагымсыз таасир этүүгө алып келсе, төлөмдөн баш тартууга уруксат берет.

B14. Келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн кыскаруу же көбөйүү тобокелдиги (башкача айтканда, камсыздандыруу полисин кармоочу келишимди чыгарган тарап анын баасын аныктоодо пландаштырган мөөнөттөн эрте же кечирээк баш тартат деген тобокелдик) камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт, себеби мунун натыйжасында пайда болгон камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөмдөрдү жүзөгө ашыруунун өзгөрүлмөлүүлүгү пайда болушу айкын эмес болгон келечектеги окуянын камсыздандыруу полисин кармоочуга жагымсыз таасир этүүсүнө байланыштуу эмес. Ошондой эле, жогорулатылган чыгашалардын тобокелдиги (башкача айтканда, камсыздандыруу учурлары менен байланыштуу чыгымдарды эмес, келишимди тейлөө менен байланыштуу административдик чыгымдардын күтүлбөгөн көбөйүүсүнүн тобокелдиги) камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт, себеби мындай чыгашалардын күтүлбөгөн көбөйүүсү камсыздандыруу полисин кармоочуга жагымсыз таасирин тийгизбейт.

B15. Мындан улам, ишкананы келишимдин колдонуу мөөнөтүн кыскартуу тобокелдигине, келишимдин колдонуу мөөнөтүн көбөйтүү тобокелдигине же жогорулатылган чыгашалардын тобокелдигине кабылткан келишим, ал ошондой эле ишкананы да олуттуу камсыздандыруу тобокелдигине кабылткан учурлардан тышкары, камсыздандыруу тобокелдиги болуп саналбайт. Бирок, эгерде ишкана ушул камсыздандыруу эмес тобокелдигинин бир бөлүгүн үчүнчү тарапка өткөрүп берүү максатында башка келишим түзүү аркылуу өзүнүн тобокелдигин төмөндөтсө, анда ошол башка келишим үчүнчү тарапты камсыздандыруу тобокелдигине кабылтат.

B16. Эгерде ишкана камсыздандыруу полисин кармоочудан обочолонгон болуп саналса, ошол ишкана камсыздандыруу полисин кармоочудан олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп алса болот. Өз ара камсыздандыруу ишканасына карата, мындай ишканасы ар бир камсыздандыруу полисин кармоочудан тобокелдиктерди өткөрүп алат жана ошол тобокелдикти бириктирет. Камсыздандыруу полисин кармоочулар, ишкананын активдеринде алардын калдык үлүшү бар болгондуктан, ошол бириктирилген тобокелдикти бирге алып жүргөндөрүнө карабастан, белгиленген өз ара камсыздандыруу ишканасы өзүнө тобокелдиктерди өткөрүп алган обочолонгон ишкана болуп саналат.

## Олуттуу камсыздандыруу тобокелдиги

B17. Келишим ал боюнча олуттуу камсыздандыруу тобокелдиги өткөрүлүп берилген учурда гана камсыздандыруу келишими болуп саналат. B7 - B16–пункттарда камсыздандыруу тобокелдиги каралган. B18 - B23-пункттарда камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болуп саналаарын баалоо каралган.

B18. Камсыздандыруу тобокелдиги, коммерциялык өлчөмү жок варианттарды (башкача айтканда, операциянын экономикалык жагына маанилүү таасир этүүсү жок) эсепке албаганда, камсыздандыруу учуру окуялардын өнүгүүсүнүн ар бир өзүнчө алынган

сценарийинде олуттуу болуп саналган кошумча суммаларды чыгарып жаткан тарапты төлөп берүү зарылчылыгына алып келген учурда гана олуттуу болуп саналат. Эгерде камсыздандыруу учуру коммерциялык өлчөмү бар кандай болбосун учурда олуттуу кошумча суммаларды төлөп берүү зарылчылыгына алып келиши мүмкүн болсо, анда буга чейинки сүйлөмдөгү шарт, камсыздандыруу учурунун ыктымалдыгы өтө аз болсо дагы, же ал тургай акча каражаттарынын агымдарынын күтүлгөн (башкача айтканда, ыктымалдуулук эсепке алынуу менен алынган) келтирилген наркы камсыздандыруу келишими боюнча калган акча каражаттарынын агымдарынын күтүлгөн келтирилген наркынын чоң эмес бөлүгүн түзсө дагы, аткарылышы мүмкүн.

B19. Мындан тышкары, келтирилген нарктын негизиндеги эсептен улам, келишимди чыгарган тарапта зыяндын пайда болушу мүмкүн болгон коммерциялык өлчөмү бар сценарий бар болгондо гана, келишим олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берет. Бирок, кайра камсыздандыруу келишими келишимди чыгарган тарапты олуттуу зыяндын пайда болуу тобокелдигине кабылтпаса да, мындай келишим, эгерде ал кайра камсыздандырууга өткөрүлүп берилген базалык камсыздандыруу келишимдеринин бир бөлүгү менен байланыштуу дээрлик бардык камсыздандыруу тобокелдигин кайра камсыздандыруучуга өткөрүп берсе, олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берди деп саналат.

B20. B18-пунктта белгиленген кошумча суммалар келтирилген нарктын негизинде аныкталат. Эгерде камсыздандыруу келишиминде мөөнөтү айкын эмес окуя болгон учурда төлөм каралса, жана ушул төлөм акчалардын убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу менен оңдоп-түзөтүлбөсө, төлөмдүн келтирилген наркы, анын номиналдык наркы бекитилген болуп саналса да, көбөйгөн сценарийлер орун алышы мүмкүн. Мисал катары, камсыздандыруу полисин кармоочу каза болгон учурда бекитилген төлөм жүргүзүлгөн, жана мында камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мөөнөтүнүн аяктоосу бекитилбеген камсыздандырууну келтирсе болот (көп учурда мындай камсыздандыруу бекитилген суммага өмүр бою камсыздандыруу деп аталат). Камсыздандыруу полисин кармоочу бир убакытта каза болоорунда күмөн жок, бирок каза болуу күнү айкын эмес болуп саналат. Камсыздандыруу полисин кармоочу божомолдонгондон эрте каза болгон учурда төлөмдөр жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Мындай төлөмдөр акчалардын убакыт ичиндеги наркын эсепке алуу менен оңдоп-түзөтүлбөгөндүктөн, жалпысынан келишимдердин портфели боюнча зыян жок болсо да, олуттуу камсыздандыруу тобокелдиги бар болушу мүмкүн. Ошондой эле, камсыздандыруу полисин кармоочуга өз убагында төлөмдөрдүн кечиктирилиши каралган келишимдик шарттар да олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин жок кылышы мүмкүн. Кошумча суммалардын келтирилген наркын аныктоо үчүн ишкана 36-пунктта белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонушу керек.

B21. B18-пунктта белгиленген кошумча суммалар, эгерде камсыздандыруу учуру болбосо (коммерциялык өлчөмү жок болгон сценарийлерден тышкары), төлөнүүгө жаткан суммалардан ашык төлөнүп берилген суммалардын келтирилген наркын билдирет. Ушул кошумча суммалар дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) жөнгө салууга карата чыгымдарды жана камсыздандыруу чыгымдарын баалоого карата чыгымдарды камтыйт, бирок төмөнкүлөрдү четтетет:

(a) келечекте камсыздандыруу полисин кармоочудан мындан аркы кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдү алуу мүмкүн эместигине байланыштуу зыянды. Мисалы, өмүрдү инвестицияга байланган камсыздандыруу келишимине карата камсыздандыруу полисин кармоочунун өлүмү мындан ары ишкана ага инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүн берип, ошол үчүн сыйакы ала албастыгын билдирет. Бирок өз ара фонддун башкаруучусу кардардын болушу ыктымал өлүмүнө байланыштуу камсыздандыруу тобокелдигин өзүнө өткөрүп ала албагандай эле, ушул экономикалык зыян

камсыздандыруу тобокелдигинин кесепети болуп саналбайт. Мындан улам, инвестицияларды башкаруу үчүн келечектеги сыйакылардын потенциалдык зыяндары, келишим боюнча камсыздандыруу тобокелдиги кандай көлөмдө өткөрүлүп берилгендигин баалоодо жөндүү эмес болуп саналат;

(b) келишим токтотулган же андан баш тартылган учурда алына турган суммаларды талап кылуу укугунан кардардын каза болгондугуна байланыштуу баш тартууну. Анткени ушул суммалардын пайда болушу келишим менен шартталгандыктан, ушул суммаларды талап кылуу укугунан баш тартуу камсыздандыруу полисин кармоочуга бар болгон тобокелдикти компенсациялоо болуп саналбайт. Мындан улам, алар келишим боюнча камсыздандыруу тобокелдиги кандай көлөмдө өткөрүлүп берилгендигин баалоо үчүн маанилүү болбойт;

(c) келишимди кармап турган тарап үчүн олуттуу зыянга алып келбеген окуяга байланыштуу төлөмдү. Мисалы, эгерде активге физикалык зыян келтирилген болсо, келишимди чыгарган тарап 1 миллион а. б.[1] төлөп бериши керек болгон келишим, анын натыйжасында келишимди кармап турган тарап 1 а.б. барабар олуттуу эмес экономикалык зыян тартат. Ушул келишим боюнча келишимди кармап турган тарап аны чыгарган тарапка 1 а.б. байланыштуу олуттуу эмес тобокелдикти өткөрүп берет. Ошол эле убакта, келишим, эгерде келишимде белгиленген окуя болуп өтсө, келишимди чыгарган тарап 999 999 а.б. төлөп берүүгө тийиш болгондугуна байланыштуу камсыздандырылбаган тобокелдикти жаратат. Камсыздандыруу учурунун болгондугу келишимди кармап турган тарап үчүн олуттуу чыгымга алып келген окуялардын өнүгүү варианты жок болгондуктан, ошол келишимди чыгарган тарап келишимди кармап туруучудан олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өзүнө өткөрүп албайт, жана ушул келишим камсыздандыруу келишими болуп саналбайт;

(d) кайра камсыздандыруу келишимдери боюнча алынган зыяндарды компенсациялоо мүмкүндүгү. Камсыздандыруучу аларды өзүнчө эске алышы керек.

B22. Ишкана камсыздандыруу тобокелдигинин олуттуулугунун баалоосун ар бир келишим үчүн өзүнчө жүргүзүшү керек. Мындан улам, камсыздандыруу тобокелдиги, келишимдердин портфели же тобу боюнча олуттуу зыяндардын ыктымалдуулугу аз болсо дагы, олуттуу болушу мүмкүн.

B23. B18 - B22-пункттарынан улам, эгерде өлчөмү тирүү кезинде төлөнүүгө жаткан суммадан ашкан каза болгондугуна байланыштуу учурдагы төлөмдөр келишимде каралса, анда мындай келишим, каза болгондугу боюнча кошумча төлөмдөр олуттуу болуп саналбаган (бул келишимдердин бардык портфелине карата эмес, келишимдин өзүнө карата бааланат) учурлардан тышкары, камсыздандыруу келишими болуп саналат. B21(b)-пунктунда белгиленгендей, келишим токтотулган же андан баш тартылган учурда төлөп берилүүгө жаткан суммаларды талап кылуу укугунан өлүмгө байланыштуу баш тартуу, эгерде талап кылуу укугунан мындай баш тартуу камсыздандыруу полисин кармоочуга бар болгон тобокелдикти компенсациялоо болуп саналбаса, мындай баалоого киргизилбейт. Ошондой эле, камсыздандыруу полисин кармоочунун өмүрүнүн калган мезгилинин ичинде үзгүлтүксүз төлөмдөр жүргүзүлгөн аннуитет жөнүндө келишим, өмүр бою төлөнүүчү төлөмдөрдүн өлчөмү олуттуу эмес болуп саналган учурлардан тышкары, камсыздандыруу келишими болуп саналат.

## Камсыздандыруу тобокелдигинин деңгээлинин өзгөрүүлөрү

[1] а. б. кыскартуусу "акча бирдигин" билдирет.

B24. Айрым келишимдер боюнча камсыздандыруу тобокелдигин чыгаруучу тарапка өткөрүп берүү белгилүү убакыт өткөндөн кийин жүргүзүлөт. Мисалы, белгилүү инвестициялык кирешелүүлүк жана камсыздандыруу полисин кармоочугаа ушул инвестицияны төлөө учурунда анын түшүүлөрүн өмүр бою төлөнүүчү аннуитеттин полисин камсыздандыруу полисин кармоочу белгиленген опционду аткарган убакыттын учурунда башка жаңы аннуитет алуучулар үчүн ишкана тарабынан белгилене турган тарифтер боюнча сатып алуу үчүн колдонууга укук берген опцион каралган келишимди карап чыксак. Мындай келишим боюнча камсыздандыруу тобокелдигин келишимди чыгарган тарапка өткөрүп берүү опцион аткарылгандан кийин гана жүргүзүлөт, себеби ишкананын ошол мезгилдин учурунда ишканага өткөрүп бериле турган камсыздандыруу тобокелдигин чагылдырган негизде аннуитет үчүн тарифти өз ыктыяры боюнча белгилөөгө мурдагыдай эле мүмкүнчүлүгү бар. Мындан улам, опционду аткаруунун натыйжасында пайда боло турган акча каражаттарынын агымдары келишимдин алкагына киргизилбейт, жана опцион аткарылган учурга чейин камсыздандыруу менен байланыштуу эч кандай акча каражаттарынын агымдары келишимдин алкагында жок болот. Бирок, келишимде аннуитет үчүн тарифтер белгиленсе (аннуитет үчүн тарифтерди белгилөө үчүн рыноктук ставкалардан айырмаланган база аныкталса), анда мындай келишим камсыздандыруу тобокелдигин келишимди чыгарган тарапка өткөрүп берет, себеби бул тарап, камсыздандыруу полисин кармоочу өзүнүн опционун аткарган учурда аннуитет үчүн тарифтер ал үчүн жагымсыз болушу мүмкүн деген тобокелдикке кабылышы мүмкүн. Мындай учурда опцион аткарылган учурда пайда болушу мүмкүн болгон акча каражаттарынын агымдары келишимдин алкагында болот.

B25. Камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берген келишим, келишимдин модификациялоосуна байланыштуу, 74 - 77-пункттарга ылайык келишимди таанууну токтотулган учурлардан тышкары, ал боюнча бардык укуктар жана милдеттенмелер төлөнмөйүнчө (башкача айтканда аткарылбаса, жокко чыгарылбаса же мөөнөтү бүткөндө токтотулбаса), ошол бойдон кала берет.

## Камсыздандыруу келишимдеринин мисалдары

B26. Өткөрүп берилүүчү камсыздандыруу тобокелдиги олуттуу болгондо, камсыздандыруу келишимдери болуп саналган келишимдердин мисалдары төмөндө келтирилген:

(a) уурдоодон же зыян келтирүүдөн камсыздандыруу;

(b) товар өндүрүүчүнүн жоопкерчилигин, кесипкөйлүк жоопкерчиликти, жарандык жоопкерчиликти камсыздандыруу же сот чыгашаларын камсыздандыруу;

(c) өмүрдү камсыздандыруу жана сөөк коюу боюнча чыгашаларды алдын ала төлөө (өлүм болооруна күнөм жок болгондугуна карабастан, ал качан болоору, же өмүрдү камсыздандыруунун айрым түрлөрү үчүн, өлүм камсыздандыруу төлөмү колдонулган мезгилдин ичинде болоору айкын эмес болуп саналат);

(d) өмүр бою төлөнүүчү аннуитеттик төлөмдөр жана пенсиялар, башкача айтканда, аннуитет алууга же пенсионерге башкача болгон учурда анын жашоосунун узактыгы жагымсыз таасир этиши мүмкүн болгон кирешенин белгилүү деңгээлин камсыз кылуу үчүн, аннуитетти алуучунун же пенсионердин жашоосунун узактыгы айкын эмес болгон келечектеги окуяга карата компенсациялоо камсыз кылынган келишимдер. (Кызматкерлердин сыйакылары программаларына байланыштуу пайда болгон иш берүүчүлөрдүн милдеттенмелери, жана белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалардын отчеттуулугунда чагылдырылган пенсиялык

төлөмдөр боюнча милдеттенмелер 7(b)-пунктуна ылайык, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнөн чыгарып салынган);

(e) майыптуулук болгон учурга камсыздандыруу жана медициналык камсыздандыруу;

(f) кепил болуу кепилдиктери, лоялдуулук кепилдиктери, милдеттенмелерди аткаруу кепилдиктери жана тендердик кепилдиктер, башкача айтканда, эгерде экинчи тарап келишимде каралган милдетин, мисалы, имаратты куруп берүү милдетин аткара албай калган учурда кармоочуга компенсация берилген келишимдер;

(g) продукцияга кепилдиктер. Өндүрүүчү, дилер же чекене соодагер тарабынан сатылган товарларга карата экинчи тарап тарабынан берилген продукцияга кепилдиктер ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирет. Бирок, түздөн-түз өндүрүүчү, дилер же чекене соодагер тарабынан берилген продукцияга кепилдиктер 7(a)-пунктуна ылайык, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирбейт, анын ордуна алар ФОЭС (IFRS) 15тин же *"Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер"* ФОЭС (IAS) 37нин колдонуу чөйрөсүнө таандык;

(h) менчик титулун камсыздандыруу (жерге же имаратка карата менчик титулуна тийиштүү, камсыздандыруу келишимин чыгаруу учурунда бар болушу анык болбогон дефекттер табылган учурга карата камсыздандыруу). Мындай учурда, дефекттин өзүн эмес, менчик титулуна тийиштүү дефектти табуу камсыздандыруу учуру болуп саналат;

(i) саякаттагандарды камсыздандыруу (саякаттын алдында же саякаттын учурунда тартылган зыяндын ордун толтуруу үчүн камсыздандыруу полистерин кармоочуларга акча каражаттары формасында же натуралай формада берилген компенсация);

(j) өзгөчө кырдаалдарга байланышкан облигациялар, анда, келишимде белгиленген окуя тийиштүү облигациянын эмитентине жагымсыз таасир этсе, негизги сумманын же пайыздардын же болбосо экөөнүн тең төлөмдөрүн азайтуу каралат (келишимде белгиленген окуя олуттуу тобокелдиктин пайда болушуна алып келбеген учурлардан тышкары, мисалы мындай окуя болуп пайыздык ставканын же валюталык тобокелдиктин өзгөрүүсү саналат);

(k) келишимдин тараптарынын бири үчүн өзгөчөлүү болуп саналган климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө байланыштуу төлөмдөр каралган камсыздандыруу своптору жана башка келишимдер.

B27. Төмөндө камсыздандыруу келишимдери болуп саналбагандардын мисалдары келтирилген:

(a) камсыздандыруу келишиминин юридикалык формасы бар, бирок келишимди чыгарган тарапка олуттуу касыздандыруу тобокелдигин өткөрүп берүү каралбаган инвестициялык келишимдер. Мисалы, ишкана камсыздандырылган адамдын өлүмүнө же оорусуна байланыштуу олуттуу тобокелдик тартпаган өмүрдү камсыздандыруу келишимдери камсыздандыруу келишимдери болуп саналбайт; мындай келишимдер финансылык инструменттер же кызмат көрсөтүүлөрүн берүүгө келишимдер болуп саналат (B28-пунктту караңыз). Дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп бербейт; бирок 3(c)-пунктуна ылайык, аларды камсыздандыруу келишимдерин да чыгарган ишкана чыгарса, алар ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык болот;

(b) камсыздандыруу келишиминин юридикалык формасы бар, бирок бардык олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин, камсыздандыруу полисин кармоочу тарабынан жүзөгө ашырылган келечектеги төлөмдөрдүн өлчөмүн оңдоп-түзөгөн, юридикалык жактан корголгон жана жокко чыгарууга жатпаган шарттардын механизми аркылуу, келишимди чыгарган тарапка камсыздандырылган чыгымдардан түздөн-түз байланышта кайрадан өткөрүп берген келишимдер. Мисалы, айрым кайра камсыздандыруу келишимдери же айрым топтук келишимдер бардык олуттуу тобокелдикти кайрадан камсыздандыруу полисин кармоочуларга өткөрүп берет; адатта, мындай келишимдер финансылык инструменттер же кызматтарды көрсөтүүгө келишимдер болуп саналат (B28-пунктту караңыз);

(c) өзүн өзү камсыздандыруу (башкача айтканда, камсыздандыруу менен жабыла турган тобокелдикти сактоо). Мындай учурларда камсыздандыруу келишими болбойт, анткени экинчи тарап менен макулдашуу жок болот. Ошентип, эгерде ишкана өзүнүн башкы же туунду ишканасы же ошол эле контролдоочу тараптын башка туунду ишканасы менен келишим түзсө, бириктирилген финансылык отчеттуулукта камсыздандыруу келишими чагылдырылбайт, анткени экинчи тарап менен макулдашуу жок болот. Бирок, келишимди чыгарган же кармап турган тараптын жеке же өзүнчө финансылык отчеттуулугуна карата, камсыздандыруу келишими орун алат;

(d) болушу айкын окуя пайда болгон учурда төлөмдү талап кылган, бирок ошол эле учурда мындай төлөм үчүн милдеттүү келишимдик шарт катары ошол окуя камсыздандыруу полисин кармоочу үчүн жагымсыз кесепеттерди алып келүү зарылчылыгы каралбаган келишимдер (кумар оюндарынын натыйжаларына карата келишимдер сыяктуу). Бирок бул өлүм же кырсык сыяктуу, келишимде белгиленген окуя болгондугунун натыйжасында тартылган зыянды сандык баалоо үчүн ордун толтуруунун алдын ала аныкталган өлчөмү белгиленген келишимдерди камсыздандыруу келишиминин аныктамасынан четтетпейт (B12-пунктту караңыз);

(e) тарапты камсыздандыруу тобокелдигине эмес, финансылык тобокелдикке дуушар кылган туунду инструменттер, анткени ушул туунду инструменттер белгиленген тараптан бир же бир нече белгилүү өзгөрүлмөлөргө: пайыздык ставкага, финансылык инструменттин баасына, товардын баасына, валюталык курска, баалардын же ставкалардын индексине же башка өзгөрүлмөгө, финансылык эмес өзгөрүлмө болгон учурда – бул өзгөрүлмө келишим боюнча тараптардын бири үчүн мүнөздүү болуп саналбаганда, өзгөрүүлөрүнө гана негизделген төлөмдөрдүн жүзөгө ашырылышын талап кылат (же ага төлөмдөрдү алууга укук берет);

(f) келишимди кармап турган тарапта карызкордун төлөмдөрдү убагында жүргүзүүгө кудурети жок болгондуктан, зыян пайда болбосо дагы, төлөмдөрдү жүргүзүүнү талап кылган, кредитке байланыштуу кепилдиктер; мындай келишимдер *"Финансылык инструменттер"* ФОЭС (IFRS) 9да эсепке алынат (B29-пунктту караңыз);

(g) төлөмдөрдүн өлчөмү, келишимдин бир тарабы үчүн таасир этүүсү мүнөздүү болуп саналбаган климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө байланыштуу болгон (адатта "метеорологиялык туунду инструменттер" деп аталган) келишимдер;

(h) негизги сумманы же пайыздарды же болбосо бир убакта экөөнү тең төлөп берүүлөрдүн, келишимдин бир тарабы үчүн таасир этүүсү өзгөчөлүү болуп саналбаган климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөргө байланыштуу азайтуу каралган (адатта "өзгөчө кырдаалдарга байланышкан облигациялар" деп аталган) келишимдер.

B28. Ишкана B27-пунктта сыпатталган келишимдерге ФОЭС (IFRS) 9 жана ФОЭС (IFRS) 15 сыяктуу башка колдонулчу стандарттарды колдонушу керек.

B29. Кредитке байланыштуу кепилдиктердин жана, B27(f)-пунктунда белгиленген кредиттик тобокелдиктерди камсыздандыруу келишимдеринин кепилдик, аккредитивдердин айрым түрлөрү, кредит боюнча дефолтко карата келишимдер же камсыздандыруу келишими сыяктуу ар кандай юридикалык формасы болушу мүмкүн. Ушул келишимдер, эгерде аларда карыздык инструменттин баштапкы же кайра каралган шарттары менен белгиленген мөөнөттөрдүн ичинде келишимде белгиленген карызкор камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөм кыла албай калгандыгынын натыйжасында келишимди кармап турган тарап тарткан зыяндын ордун толтуруу максатында келишимди чыгарган тарап келишимди кармап турган тарапка белгилүү төлөмдөрдү жүргүзүшү талап кылынса, камсыздандыруу келишимдери болуп саналат. Бирок, мындай камсыдандыруу келишимдери, эгерде мурда келишимди чыгарган тарап мындай келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катары карагандыгы тууралуу ачык формада жарыялаган, жана аларды камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулчу тартипте колдонгон учурлардан тышкары, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнөн чыгарылат (7(e)-пунктун караңыз).

B30. Кредитке байланыштуу кепилдиктер, жана карыз болгон адам төлөмдү белгиленген мөөнөттөрдө төлөй албай калгандыгынын натыйжасында камсыздандыруу полисин кармоочу зыян тартпаса да, төлөмдөрдү жүзөгө ашырууну талап кырган кредиттик тобокелдиктерди камсыздандыруу келишимдери ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирбейт, анткени алар олуттуу камсыздандыруу тобокелдигин өткөрүп бербейт. Мындай келишимдерге төмөнкүдөй төлөмдөр каралган келишимдер таандык:

(a) контрагент базалык карыздык инструментти кармап тургандыгына карабастан; же

(b) белгилүү карызкордун белгиленген мөөнөттөрдө төлөм жүргүзүү кудуретинин жоктугунун натыйжасында эмес, кредиттик рейтинг же кредиттик индекс өзгөртүлгөн учурда.

## Камсыздандыруу келишимдеринен компоненттерди бөлүп чыгуу (10 – 13-пункттар)

### Инвестициялык компоненттер (11(b)-пункт)

B31. 11(b)-пунктуна ылайык, ишкана айырмалануучу инвестициялык компонентти негизги камсыздандыруу келишиминен бөлүп чыгышы керек. Инвестициялык компонент төмөнкүдөй шарттардын экөө тең аткарылган учурда гана айырмалануучу болуп саналат:

(a) инвестициялык жана камсыздандыруу компоненттери бири-бири менен өз ара тыгыз байланышта турбайт;

(b) окшош шарттары менен келишим ошол эле рынокто же ошол эле юрисдикцияда камсыздандыруу келишимдерин чыгарган ишканалар, же башка ишканалар тарабынан өзүнчө сатылат же сатылышы мүмкүн. Ушул маселени чечүүдө ишкана бардык негизделген жеткиликтүү маалыматты эсепке алышы керек. Ишкана инвестициялык компонент өзүнчө сатылгандыгын аныктоо үчүн маалыматтын толук изилдөөсүн жүзөгө ашырууга милдеттүү эмес.

B32. Инвестициялык компонент жана камсыздандыруу компоненти төмөнкүлөр болгон учурларда гана бири бири менен өз ара тыгыз байланышта турат:

© ФОЭС Фонду

(a) ишкана бир компонентти экинчисин эсепке алуусуз баалай албайт. Ошентип, бир компоненттин наркы экинчи компоненттин наркына байланыштуу өзгөрүп турса, ишкана бириктирилген инвестициялык жана камсыздандыруу компоненттерин эсепке алуу үчүн ФОЭС (IFRS) 17ни колдонушу керек; же

(b) камсыздандыруу полисин кармоочу экинчи компонент жок болсо, биринчи компоненттен пайда ала албайт. Ошентип, келишимде компоненттердин биринин колдонуу мөөнөтүнүн же төлөө мөөнөтүнүн кыскартылышы экинчи компоненттин колдонуу мөөнөтүнүн же төлөө мөөнөтүнүн кыскартылышына алып келсе, ишкана бириктирилген инвестициялык жана камсыздандыруу компоненттерин эсепке алуу үчүн ФОЭС (IFRS) 17ни колдонушу керек.

### Айырмалануучу товарларды же камсыздандырылбаган кызмат көрсөтүүлөрүн өткөрүп берүү убадалары (12-пункт)

B33. 12-пунктка ылайык, ишкана камсыздандыруу келишиминен айырмалануучу товарларды же камсыздандырылбаган кызмат көрсөтүүлөрдү камсыздандыруу полисин кармоочуга өткөрүп берүү убадасын бөлүп көрсөтүшү керек. Мындай бөлүп чыгаруунун максаттары үчүн ишкана, мындай ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун натыйжасында ишкана товарды же кызмат көрсөтүүсүн камсыздандыруу полисин кармоочуга өткөрүп берген жагдайлардан тышкары, келишимди аткаруу үчүн ал жүзөгө ашырууга тийиш болгон ишмердүүлүктү көңүлүнө албашы керек. Мисалы, ишкана келишимдин корутундусун даярдоодо ар кандай административдик милдеттерди аткарууга мажбур болушу мүмкүн. Мындай милдеттерди аткаруу милдеттер аткарылганына жараша камсыздандыруу полисин кармоочуга кызмат көрсөтүүлөрүн өткөрүп бербейт.

B34. Камсыздандыруу полисин кармоочуга убадаланган товар же камсыздандыруу кызмат көрсөтүүсү, эгерде полистин кармоочусу товардан же кызмат көрсөтүүсүнөн пайданы өз-өзүнчө, же болбосо камсыздандыруу полисин кармоочуга оңой жеткиликтүү болгон башка ресурстар менен бирге ала алса, айырмалануучу болуп саналат. Оңой жеткиликтүү ресурстар болуп өз-өзүнчө сатылган (ушул же башка ишкана тарабынан) товарлар же кызмат көрсөтүүлөрү, же болбосо камсыздандыруу полисин кармоочу алган ресурстар (ишканадан же башка операциялардын же окуялардын натыйжасында) саналат.

B35. Камсыздандыруу полисин кармоочуга убадаланган товар же камсыздандырылбаган кызмат көрсөтүүсү төмөнкүлөр болсо, айырмалануучу болуп саналбайт:

(a) ушул товарга же ушул кызмат көрсөтүүгө байланыштуу акча каражаттарынын агымдары жана тобокелдиктери келишимдеги камсыздандыруу компоненттери менен байланыштуу акча каражаттарынын агымдары жана тобокелдиктер менен өз ара тыгыз байланышта турат; жана

(b) ишкана товардын же камсыздандырылбаган кызмат көрсөтүүсүнүн камсыздандыруу компоненттери менен интеграциялоосу боюнча олуттуу кызмат көрсөтөт.

## Баалоо (29 – 71-пункттар)

### Келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолору (33 – 35-пункттар)

B36. Ушул бөлүктө төмөнкүдөй маселелер каралат:

(a) ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү болгон бардык негизделген жана ырасталган маалыматты калыс колдонуу (B37 - B41-пункттарды караңыз);

(b) рыноктук өзгөрүлмөлөр жана рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр (B42 - B53-пункттарды караңыз);

(c) учурдагы эсептик баалоолорду колдонуу (B54 - B60-пункттарды караңыз); жана

(d) келишимдин алкагындагы акча каражаттарынын агымдары (B61 - B71-пункттарды караңыз).

### Ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү болгон бардык негизделген жана ырасталган маалыматты калыс колдонуу (33(а)-пункту)

B37. Келечектеги акча каражаттарынын агымдарын баалоонун максаты болуп күтүлгөн наркты аныктоо, же ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз отчеттук күнгө карата жеткиликтүү, бардык негизделген жана ырасталган маалыматты эсепке алуу менен мүмкүн болуучу натыйжалардын бардык дипазонунун ыктымалдыгын эсепке алуу менен бааланган орточо маанисин аныктоо саналат. Ашкере чыгымдарсыз же аракетсиз отчеттук күнгө карата жеткиликтүү, бардык негизделген жана ырасталган маалымат өткөн окуялар жана учурдагы окуялар, ошондой эле келечектеги шарттардын божомолдору жөнүндө маалыматты камтыйт (B41-пунктту караңыз). Ишкананын өздүк маалыматтык тутумдарында бар болгон маалымат ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болуп саналат.

B38. Акча каражаттарынын агымдарын баалоонун баштапкы этабы болуп мүмкүн болуучу натыйжаларынын бардык диапазонун чагылдырган сценарийлерди аныктоо саналат. Ар бир сценарийде конкреттүү натыйжа үчүн акча каражаттарынын агымдарынын пайда болушунун суммасы жана мөөнөттөрү, ошондой эле мындай натыйжанын бааланган ыктымалдыгы аныкталат. Күтүлгөн келтирилген наркты эсептөө үчүн ар бир сценарийден келип чыккан акча каражаттарынын агымдары, мындай натыйжа болорунун ыктымалдыгын эсепке алуу менен, дисконттолот жана бааланат. Мындан улам, бул жерде келечектеги акча каражаттарынын агымдарына карата эң эле ыктымал болгон натыйжаны же «ыктымалдуулугу ыктымалсыздыгына караганда жогору болгон» натыйжаны аныктоо максаты жок.

B39. Мүмкүн болуучу натыйжалардын бардык диапазонун талдоодо максат ар бир мүмкүн болуучу сценарийди аныктоодо эмес, ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү бардык негизделген жана ырасталган маалыматты калыс колдонууда турат. Иш жүзүндө, эгерде алынган баалоо орточо маанини аныктоодо ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү бардык негизделген жана ырасталган маалыматты эсепке алууда турган баалоонун максатына ылайык келсе, толук сценарийлерди иштеп чыгуу талап кылынбайт. Мисалы, ишкананын баалоолору боюнча натыйжалардын ыктымалдыктарын бөлүштүрүү көп эмес көлөмдөгү параметрлерди колдонуп, толугу менен сыпаттоого мүмкүн болгон ыктымалдыктарга жалпысынан ылайык келсе, параметрлердин азыраак көлөмүн баалоо жетиштүү болот. Ошондой эле, айрым учурларда салыштырмалуу жөнөкөй моделдөө көптөгөн толук имитациялык моделдерсиз, тактыктын жол берилүүчү диапазонунун алкагында, жооп бериши мүмкүн. Бирок башка учурларда акча каражаттарынын агымдары комплекстүү базалык факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн жана экономикалык шарттардын өзгөрүүлөрүнө линиялык эмес түрдө жооп кайтарышы мүмкүн. Мисалы, эгерде акча каражаттарынын агымдары ачык эле белгиленген же божомолдонгон опциондордун өз ара байланыштуу катарын чагылдырса, мындай болушу мүмкүн. Мындай учурларда баалоонун максатына жетүү үчүн кыйла татаал стохастикалык моделдөөнү колдонуу талап кылынышы ыктымал.

© ФОЭС Фонду

B40. Иштелип чыккан сценарийлер бар болгон келишимдер боюнча катастрофалык чыгымдардын пайда болушунун ыктымалдуулугунун калыс баалоолорун камтышы керек. Мындай сценарийлер мүмкүн болуучу келечектеги келишимдер боюнча мүмкүн болуучу дооматтарды камтыбайт.

B41. Ишкана алынган маалыматтан улам, бар болгон келишимдер боюнча келечектеги төлөмдөрдүн ыктымалдуулуктарын жана суммаларын, төмөнкүлөрдү кошуп, баалашы керек:

(a) камсыздандыруу полистерин кармоочулар тарабынан билдирилген дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) жөнүндө;

(b) камсыздандыруу келишимдеринин белгилүү болгон же эсептик мүнөздөмөлөрү жөнүндө башка маалыматты;

(c) зарыл болгондо, башка булактардан алынган өткөн мезгилдердин маалыматы менен толукталган, ишкананын өздүк тажрыйбасы жөнүндө өткөн мезгилдердин маалыматын. Өткөн мезгилдердин маалыматы учурдагы шарттарды чагылдыруу үчүн оңдоп-түзөтүлө, мисалы, эгерде:

(i) камсыздандырылган популяциянын мүнөздөмөлөрү өткөн мезгилдердин маалыматтары үчүн негиз катары колдонулган популяциянын мүнөздөмөлөрүнөн айырмаланса (же, мисалы, жагымсыз тандап алуунун натыйжасында айырмалана турган болсо);

(ii) өткөн тенденциялар уланбайт, жаңы тенденциялар пайда болот же экономикалык, демографиялык же башка өзгөрүүлөр бар болгон камсыздандыруу келишимдери менен шартталган акча каражаттарынын агымдарына таасир этиши мүмкүн деген далилдер бар болсо; же

(iii) андеррайтинг жол-жоболору жана дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) жөнгө салуу жол-жоболору сыяктуу ишмердүүлүктүн аспекттеринде өзгөрүүлөр болуп өтсө, бул камсыздандыруу келишимдерин талдоо үчүн өткөн мезгилдеги маалыматтардын колдонулушунун жөндүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн;

(d) бар болгондо, кайра камсыздандыруу келишимдерине жана ушул сыяктуу тобокелдиктерди камтыган башка финансылык инструменттерге (ошондойлор бар болсо), мисалы, «өзгөчө кырдаалдарга байланышкан облигацияларга» жана «метеорологиялык туунду инструменттерге» карата учурдагы баалар, ошондой эле камсыздандыруу келишимдерин өткөрүп берүү боюнча жакынкы бүтүмдөрдүн рыноктук баалары жөнүндө маалыматты. Мындай маалымат, ушундай кайра камсыздандыруу келишимдерине же башка финансылык инструменттерге байланыштуу пайда болгон акча каражаттарынын агымдарынын жана, камсыздандыруу полисин кармоочу менен түзүлгөн базалык келишимдер ишкана тарабынан аткарылган сайын пайда болоору мүмкүн болгон акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы айырманы чагылдыруу үчүн оңдоп-түзөтүлүшү керек.

## Рыноктук өзгөрүлмөлөр жана рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр

B42. ФОЭС (IFRS) 17 өзгөрүлмөлөрдүн эки түрүн аныктайт:

(a) рыноктук өзгөрүлмөлөр – рынокто байкоо жүргүзүүгө же рыноктун маалыматтарынын негизинде түздөн-түз алууга мүмкүн болгон өзгөрүлмөлөр (мисалы, рынокто эркин жүгүртүлгөн баалуу кагаздардын баалары жана пайыздык ставкалар); жана

(b) рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр – бардык башка өзгөрүлмөлөр (мисалы, дооматтардын (камсыздандыруу чыгымдарынын) пайда болушунун тездиги жана оордугу жана өлүмдүүлүктүн деңгээли).

B43. Адатта, рыноктук өзгөрүлмөлөр финансылык тобокелдиктин пайда болушуна алып келет (мисалы, байкоо жүргүзүлүүчү пайыздык ставкалар), ал эми рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр, адатынча, финансылык эмес тобокелдиктин пайда болушуна алып келет (мисалы, өлүмдүүлүктүн деңгээли). Бирок мындай мыйзам ченемдүүлүк такай эле байкалбайт. Мисалы, өзгөрүлмөлөр рынокто байкоо жүргүзүлбөгөн же түздөн-түз рыноктун маалыматтарынын негизинде алынууга мүмкүн эмес болгон финансылык тобокелдиктерге таандык божомолдор орун алышы мүмкүн (мисалы, рынокто байкоо жүргүзүлбөгөн же түзөн-түз рыноктун маалыматтарынын негизинде алынууга мүмкүн эмес болгон пайыздык ставкалар).

## *Рыноктук өзгөрүлмөлөр (33(b)-пункту)*

B44. Рыноктук өзгөрүлмөлөрдүн баалоосу баалоо күнүнө карата байкоо жүргүзүлүүчү бааларга ылайык келиши керек. Ишкана байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу түрдө колдонуп, "*Адилет наркты баалоо*" ФОЭС (IFRS) 13түн 79-пунктунда сыпатталган учурлардан тышкары, байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды өзүнүн эсептик балоолору менен алмаштырбашы керек. ФОЭС (IFRS) 13кө ылайык, эгерде өзгөрүлмөлөрдү чыгаруу зарыл болсо (мисалы, байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук өзгөрүлмөлөрдүн жок болгондугу менен байланыштуу), алар байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук өзгөрүлмөлөргө максималдуу түрдө ылайык келиши керек.

B45. Рыноктук баалар мүмкүн болуучу келечектеги натыйжалар жөнүндө көптөгөн ар кандай пикирлерди өзүнө бириктирет, ошондой эле тобокелдиктерге карата рыноктун катышуучуларынын каалоолорун чагылдырат. Мындан улам, алар белгилүү бир келечектеги натыйжанын божомолун билдирбейт. Эгерде иш жүзүндөгү натыйжа мурдагы рыноктук баадан айырмаланса, бул мындай рыноктук баа «туура эмес» болгондугун билдирбейт.

B46. Рыноктук өзгөрүлмөлөрдү колдонуунун маанилүү аспекти болуп реплицирлеген активдин же активдердин реплицирлеген портфелинин түшүнүгү саналат. Реплицирлеген актив – акча каражаттарынын агымдары келишимде каралган камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча акча каражаттарынын агымдарын, алар пайда болгон суммага, мөөнөттөргө жана айкын эместикке карата бардык сценарийлер боюнча кайталаган актив. Айрым учурларда реплицирлеген актив камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча пайда болгон акча каражаттарынын агымдарынын айрымдары үчүн бар болушу мүмкүн. Мындай активдин адилет наркы актив боюнча акча каражаттарынын агымдарынын күтүлгөн келтирилген наркын да, ушул акча каражаттарынын агымдары менен байланыштуу тобокелдикти да чагылдырат. Камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча пайда болгон айрым акча каражаттарынын агымдары үчүн активдердин реплицирлеген портфели бар болгон учурда, ишкана ушул активдердин адилет наркын акча каражаттарынын агымдарын жана дисконттоо ставкаларын түздөн-түз баалоонун ордуна, келишимдерди аткаруу боюнча тийиштүү акча каражаттарынын агымдарын баалоо үчүн колдонушу мүмкүн.

B47. ФОЭС (IFRS) 17 ишканадан реплицирлеген портфелдин методун колдонууну талап кылбайт. Бирок камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон айрым акча каражаттарынын агымдары үчүн реплицирлеген актив же портфель бар болгон учурда, ишкана башка методду колдонууну чечкенде, ал реплицирлеген портфель методун колдонуу, чынында, акча каражаттарынын агымдарынын маалыматтарынын олуттуу түрдө айырмаланган баалоосуна алып келбегендигине ынанышы керек.

B48. Эгерде өзгөрүлмөлүүлүгү активдердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу болгон акча каражаттарынын агымдарынын жана башка акча каражаттарынын агымдарынын ортосунда олуттуу өз ара байланыш бар болсо, стохастикалык моделдөө методу сыяктуу, реплицирлеген портфелдин методунан айырмаланган методдор кыйла ишеничтүү же колдонууда анча татаал эмес болушу мүмкүн. Ар бир конкреттүү жагдайда байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук өзгөрүлмөлөргө ылайык келүү максатына эң жакшы жооп берген методду аныктоо үчүн ой жүгүртүүлөрдү колдонуу зарыл. Тактап айтканда, колдонулуп жаткан метод камсыздандыруу келишимдерине киргизилген опциондорду жана кепилдиктерди, ошол опциондорго жана кепилдиктерге карата байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук бааларга (алар бар болсо) ылайык келе турган баалоосуна алып келиши керек.

*Рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр*

B49. Рыноктук эмес өзгөрүлмөлөрдү баалоо ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү, ички да, тышкы да бардык негизделген жана ырасталган маалыматты чагылдырышы керек.

B50. Жагдайларга байланыштуу, рыноктук эмес тышкы маалыматтар (мисалы, өлүмдүүлүктүн улуттук статистикасы) ички маалыматтарга караганда (мисалы, ишкананын өзү тарабынан иштелип чыккан өлүмдүүлүктүн статистикасы) көбүрөөк же азыраак жөндүү болушу мүмкүн. Мисалы, өмүрдү камсыздандыруу келишимдерин чыгарган ишкана өзүнүн камсыздандыруу келишимдери боюнча өлүмдүүлүктүн сценарийлери боюнча өлүмдүүлүктүн улуттук статистикасына гана таяна албайт, ал ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү, ички же тышкы булактардан алынган бардык башка негизделген жана ырасталган маалыматты эсепке алышы керек. Ушул ыктымалдуулуктарды аныктоодо ишкана кыйла ынанымдуу болгон маалыматка көбүрөөк таянышы керек. Мисалы:

(a) эгерде көп сандуу популяциянын көрсөткүчтөрүнүн негизинде алынган улуттук маалыматтар камсыздандырылган адамдардын популяциясы үчүн репрезентативдүү болуп саналбаса, өлүмдүүлүктүн ички статистикасы өлүмдүүлүктүн улуттук статистикасына караганда кыйла ишеничтүү болушу мүмкүн. Бул камсыздандырылган адамдардын популяциясынын мүнөздөмөлөрү өлкөнүн калкынын мүнөздөмөлөрүнөн айырмалангандыгы менен шартталган болушу мүмкүн, анын натыйжасында ишкана ички маалыматтарга көбүрөөк жана улуттук статистикага азыраак маани бериши керек;

(b) тескерисинче, эгерде ички статистика мүнөздөмөлөрү өлкөнүн калкынын мүнөздөмөлөрүнө жакын болуп саналган өтө чоң эмес популяциянын негизинде алынган болсо, жана улуттук статистиканын маалыматтары актуалдуу болуп саналса, ишкана улуттук статистикага көбүрөөк маани бериши керек.

B51. Рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр үчүн ыктымалдуулуктарды баалоо байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук өзгөрүлмөлөргө карама-каршы келбеши керек. Мисалы, инфляциянын келечектеги деңгээлинин сценарийлери үчүн ыктымалдуулуктардын баалоосу максималдуу түрдө рыноктук пайыздык ставкаларды билдирген ыктымалдуулуктарга ылайык келиши керек.

B52. Айрым учурларда ишкана рыноктук өзгөрүлмөлөр рыноктук эмес өзгөрүлмөлөргө карабастан өзгөрөт деген корутундуга келиши мүмкүн. Мындай учурларда ишкана рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр үчүн натыйжалардын спектрин чагылдырган сценарийлерди, ар бир сценарийде рыноктук өзгөрүлмөлөрдүн бирдей байкоо жүргүзүлүүчү маанилерин колдонуп, карашы керек.

B53. Башка учурларда рыноктук жана рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр өз ара байланыштуу болушу мүмкүн. Мисалы, келишимдерди мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн көлөмү

(рыноктук эмес өзгөрүлмө) пайыздык ставкалар (рыноктук өзгөрүлмө) менен корреляцияланып жаткандыгынын далилдери болушу мүмкүн. Ошондой эле, турак жайларды же автомобилдерди камсыздандыруу келишимдери боюнча камсыздандыруу чыгымдарынын өлчөмдөрү экономикалык циклдар менен, мындан улам, пайыздык ставкалар жана чыгашалардын суммалары менен корреляцияланып жаткандыгынын далилдери болушу мүмкүн. Ишкана сценарийлер үчүн аныкталган ыктымалдуулуктар ана рыноктук өзгөрүлмөгө байланыштуу финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүлөр ушул рыноктук эмес өзгөрүлмөлөргө байланыштуу байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук бааларга ылайык келгендигине ынанышы керек.

## Учурдагы эсептик баалоолорду колдонуу (33(с)-пункту)

B54. Акча каражаттарынын агымдарынын ар бир сценарийин жана ал боло тургандыгынын ыктымалдуулугун баалоодо ишкана ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү бардык негизделген жана ырасталган маалыматты колдонушу керек. Ишкана, ал буга чейинки отчеттук мезгилде жүргүзгөн эсептик баалоолорду талдап, аларды жаңыртып турушу керек. Мында ишкана төмөнкүлөргө көңүл буруууга тийиш:

(a) жаңыртылган эсептик баалоолор отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча шарттардын туура көрсөтүлүшүн камсыз кылабы;

(b) эсептик баалоордун өзгөрүүлөрү ушул мезгилдин ичинде шарттардын өзгөрүүлөрүнүн туура көрсөтүлүшүн камсыз кылабы. Мисалы, мезгилдин башында эсептик баалоолор негизделген диапазондун аягында турган деп божомолдосок. Эгерде шарттар өзгөрүлбөсө, эсептик баалоолорду мезгилдин аягында диапазондун экинчи аягына жылдыруу мезгилдин ичинде болгонду туура көрсөтпөйт. Эгерде ишкананын эң эле актуалдуу эсептик баалоолору буга чейинки эсептик баалоолордон айырмаланса, бирок шарттар өзгөрүлбөсө, ишкана ар бир сценарийде колдонулган жаңы ыктымалдуулуктар далилденген болуп саналгандыгын талдашы керек. Ишкана мындай ыктымалдуулуктардын эсептик баалоолорун жаңылоодо, ал буга чейинки баалоодо таянган далилдерди да, жеткиликтүү болуп калган жаңы далилдерди да, кыйла ищеничтүү маалыматтарга көбүрөөк маани берип, эсепке алышы керек.

B55. Ар бир сценарийде колдонулган ыктымалдуулуктар отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча шарттарды чагылдырышы керек. Мындан улам, "*Отчеттук мезгилден кийинки окуялар*" ФОЭС (IAS) 10го ылайык, отчеттук мезгил аяктагандан кийин болгон, отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата бар болгон айкын эместикти жойгон окуя ошол күнгө карата бар болгон шарттардын далили болуп саналбайт. Мисалы, отчеттук мезгилдин аягына карата камсыздандыруу келишимин колдонуу мөөнөтүнүн калган алты айынын ичинде катуу шторм болооруна 20%дык гана ыктымалдуулук бар. Катуу шторм отчеттук мезгил аяктагандан кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылууга жактырылганга чейин болуп өттү. Ушул келишимди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары, болуп өткөндүгү белгилүү болгон ушул штормдун таасир этүүсүн эсепке албашы керек. Анын ордуна, баалоого киргизилген акча каражаттарынын агымдары отчеттук мезгилдин аягында божомолдонгон 20%дык ыктымалдуулукту эсепке алат (мында ФОЭС (IAS) 10го ылайык, отчеттук мезгил аяктаган күндөн кийин оңдоп-түзөтүлбөгөн окуя болуп өткөндүгү жөнүндө маалымат ачып көрсөтүлөт).

B56. Күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын учурдагы эсептик баалоолору акыркы убакыт үчүн реалдуу көрсөткүчтөргө сөзсүз эле ылайык келе бербейт. Мисалы, отчеттук мезгилде өлүмдүүлүк деңгээли өлүмдүүлүк деңгээлинин мурдагы көрсөткүчтөрү жана өлүмдүүлүккө карата мурдагы күтүүлөр менен салыштырмалуу 20%га жогору болду деп божомолдойлу. Бирок көрсөткүчтөрдүн

күтүүсүз өзгөрүүсүнө төмөнкүлөрдү кошо алганда, бир нече факторлор таасир этиши мүмкүн:

(a) өлүмдүүлүктүн деңгээлинин узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрү;

(b) камсыздандырылган адамдардын мүнөздөмөлөрүнүн өзгөрүүсү (мисалы, андеррайтинг же бөлүштүрүү бөлүгүндө өзгөрүүлөр же ден-соолуктары абдан бекем камсыздандыруу полистерин кармоочулар тарабынан камсыздандыруу полистерин түйүндүү токтотуу);

(c) капилет өйдө-ылдый болуулар; же

(d) идентификацияланууучу кайталанбаган себептер.

B57. Ишкана көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүлөрүнүн себептерин талдап, акыркы тажрыйбаны, мурдагы тажрыйбаны жана башка маалыматты эсепке алуу менен, акча каражаттарынын агымдарынын жана ыктымалдуулуктардын жаңы баалоосун жүргүзүшү керек. B56-пунктта келтирилген мисалда каза болгондугуна байланыштуу төлөмдөрдүн келтирилген наркы 20дан азыраак пайызга өзгөргөн натыйжа болоору ыктымал. B56-пункттагы мисалда, эгерде өлүмдүүлүк деңгээли, мындан ары да улана бергендиги күтүлгөн себептер боюнча, буга чейинки эсептик баалоолор менен салыштырмалуу кыйла жогору деңгээлде кала берсе, өлүмдүүлүктүн жогору деңгээли менен сценарийлерде колдонулган эсептик ыктымалдуулук көбөйө берет.

B58. Рыноктук эмес өзгөрүлмөлөрдүн эсептик баалоосу камсыздандыруу учурларынын учурдагы деңгээли жөнүндө маалыматты жана тенденциялар жөнүндө маалыматты камтышы керек. Мисалы, узак мөөнөттүн ичинде көптөгөн өлкөлөрдө өлүмдүүлүктүн деңгээлинин туруктуу төмөндөшү байкалып турган. Келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын аныктамасы, ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү бардык негизделген жана ырасталган маалыматты эсепке алуу менен, мүмкүн болуучу тенденциянын ар бир сценарийинде колдонула турган ыктымалдуулуктарды чагылдырат.

B59. Ошондой эле, камсыздандыруу келишимдеринин тобуна кошулган акча каражаттарынын агымдары инфляцияга карата сезгич болсо, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын аныктамасы инфляциянын мүмкүн болуучу келечектеги деңгээлдеринин учурдагы эсептик баалоолорун чагылдырышы керек. Инфляциянын деңгээлдери пайыздык ставкалар менен корреляцияланышы ыктымал болгондугуна байланыштуу, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын баалоосу инфляциянын ар бир сценарийи үчүн ыктымалдуулуктарды, алар дисконттоо ставкаларын эсептөө үчүн колдонулган рыноктук пайыздык ставкалар тарабынан божомолдонгон ыктымалдуулуктарга ылайык келгендей кылып, чагылдырышы керек (B51-пунктту караңыз).

B60. Акча каражаттарынын агымдарын баалоодо ишкана ошол акча каражаттарынын агымдарына таасир этиши мүмкүн болгон келечектеги окуяларга карата учурдагы күтүүлөрдү эске алышы керек. Ишкана ошондой келечектеги окуяларды чагылдырган акча каражаттарынын агымдарынын сценарийлерин иштеп чыгышы керек, ошондой эле ар бир сценарийдин болуу ыктымалдуулугунун калыс баалоолорун аныкташы керек. Бирок ишкана бар болгон милдеттенмелерди өзгөртө турган же алардын токтотулушуна алып келген же бар болгон камсыздандыруу келишими боюнча жаңы милдеттенмелерди түзгөн, келечектеги мыйзамдардын өзгөртүүлөрүнүн учурдагы күтүүлөрүн, мыйзамдардын мындай өзгөртүүсү иш жүзүндө күчүнө кирмейинче, эске албашы керек.

## Келишимдин алкагындагы акча каражаттарынын агымдары (34-пункт)

© ФОЭС Фонду

B61. Сценарийдеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолору бар болгон келишимдин алкагындагы бардык акча каражаттарынын агымдарын камтып, башка эч кандай акча каражаттарынын агымдарын камтыбашы керек. Ишкана бар болгон келишимдин алкактарын аныктоодо 2-пунктту колдонушу керек.

B62. Көптөгөн камсыздандыруу келишимдери камсыздандыруу полистерин кармоочуларга, натыйжасында алар ала турган суммалардын көлөмү, мөөнөттөрү, мүнөзү же айкын эместиги өзгөргөн чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген шарттарды камтышат. Мындай шарттар узартууга опциондорду, баш тартууга опциондорду, конвертацияга опциондорду жана келишим боюнча пайдаларды алуу укугун сактоо менен, премияларды төлөп берүүнү токтотууга опциондорду камтыйт. Камсыздандыруу келишимдеринин тобун баалоо, күтүлгөн нарктын негизинде, ушул топтун камсыздандыруу полистерин кармоочулары аларга жеткиликтүү болгон опциондорду кантип колдоноору тууралу ишкананын учурдагы эсептик баалоосун чагылдырышы керек, ал эми финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү, камсыздандыруу полисин кармоочулардын иш жүзүндөгү жүрүм-туруму күтүлгөн жүрүм-турумдан кантип айырмаланаары тууралуу ишкананын учурдагы эсептик баалоосун чагылдырышы керек. Күтүлгөн наркты аныктоонун ушул талабы топтогу келишимдердин санына карабастан колдонулат; мисалы, ал, топ бир келишимден турса да, колдонулат. Ошентип, камсыздандыруу келишимдеринин тобун баалоодо камсыздандыруу полисин кармоочулар төмөнкүлөрдү кылат деген 100%дык ыктымалдуулукту божомолдоодон улам аракет кылбаш керек:

(a) эгерде айрым камсыздандыруу полистерин кармоочулар андай кылбайт деген кандайдыр бир ыктымалдуулук бар болсо, өздөрүнүн келишимдеринен баш тартат; же болбосо

(b) эгерде айрым камсыздандыруу полистерин кармоочулар андай кылбайт деген кандайдыр бир ыктымалдуулук бар болсо, өздөрүнүн келишимдерин узартат.

B63. Эгерде, келишимдин шарттары боюнча, келишимди чыгарган тарап келишимди узартууга же аны колдонуу мөөнөтүн башка жол менен улантууга милдеттүү болсо, ал, келишимди узартуунун натыйжасында пайда болгон премиялар жана аларга байланыштуу акча каражаттарынын агымдары баштапкы келишимдин алкагында болушун баалоо үчүн 34-пунктту колдонушу керек.

B64. 34-пунктта ишкананын келечектеги күнгө (узартуу күнүнө) карата, ушул күндөн тартып келишим боюнча бардык тобокелдиктерди чагылдырган тарифти белгилөөгө иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгү тууралуу айтылган. Ишканага, ошол күнгө карата чыгарылган жана бар болгон келишимдикиндей эле мүнөздөмөлөрү бар жаңы келишим үчүн белгилене турган тарифти белгилөөгө мүмкүнчүлүк бербеген чектөөлөр жок болсо, же анда пайдалардын көлөмүн, алар анын тарифине ылайык келиш үчүн, өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү болсо, ишкананын ошондой иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүгү бар болот. Ошондой эле, эгерде ишкана, ар бир конкреттүү камсыздандыруу полисин кармоочу үчүн белгиленген тариф ушул камсыздандыруу полисин кармоочу боюнча тобокелдиктин өзгөрүүсүн чагылдырбаса да, камсыздандыруу келишимдеринин портфели боюнча тобокелдиктердин жалпы өзгөрүүлөрүн чагылдыргандай кылып, бар болгон келишим боюнча тарифти кайра карай алса, ишканада тарифти белгилөөгө мындай иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүк бар болот. Ишканада келишим боюнча же келишимдердин портфели боюнча бардык тобокелдиктерди чагылдырган тарифти белгилөөгө иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүктүн бар болушун аныктоодо, ал калган камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мөөнөтүнө узартуу күнүнө карата ошондой келишимдерге кол коюуда эсепке ала турган бардык тобокелдиктерди эсепке алышы керек. Отчеттук мезгилдин аягына карата келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосун аныктоодо ишкана,

жагдайлардын өзгөрүүлөрүнүн анын чыныгы укуктарына жана милдеттерине таасир этүүсүн эсепке алуу үчүн, камсыздандыруу келишиминин алкактарын кайрадан баалашы керек.

B65. Камсыздандыруу келишиминин алкагындагы акча каражаттарынын агымдары – суммаларын же мөөнөттөрүн ишкана өз ыктыяры боюнча аныктаган акча каражаттарынын агымдарын кошуп, келишимди аткаруу менен түздөн-түз байланыштуу акча каражаттарынын агымдары. Камсыздандыруу келишиминин алкагындагы акча каражаттарынын агымдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) камсыздандыруу полисин кармоочудан премияларды (премиялардын оңдоп-түзөөлөрүн жана бөлүп төлөнгөн премияларды кошуп) жана мындай премияларды төлөөнүн натыйжасында пайда болгон кандай болбосун кошумча акча каражаттарынын агымдарын;

(b) алар тууралуу билдирилген, бирок төлөнүп бериле элек дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) (башкача айтканда, билдирилген дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын)), болуп өткөн, бирок дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) али билдириле элек окуяларга карата пайда болгон дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын), ошондой эле аларга карата ишкананын чыныгы милдети бар болгон бардык келечектеги дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) кошуп, камсыздандыруу полисин кармоочунун пайдасына (же анын атынан) төлөмдөрдү (34-пунктту караңыз);

(c) камсыздандыруу полисин кармоочунун пайдасына (же анын атынан), өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу болгон төлөмдөрдү;

(d) камсыздандыруу полисин кармоочунун пайдасына (же анын атынан), туунду инструменттер менен, мисалы, ошол опциондор жана кепилдиктер камсыздандыруу келишиминен бөлүп чыгарылбаса, келишимге камтылган опциондор жана кепилдиктер менен шартталган төлөмдөрдү (11(a)-пунктун караңыз);

(e) ушул келишим таандык болгон портфелге таандык аквизициялык акча каражаттарынын агымдарын бөлүштүрүүнү;

(f) дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) жөнгө салууга чыгымдарды (башкача айтканда, юристтердин жана дооматтардын (камсыздандыруу чыгымдарынын) баалоочу эксперттерине сыйакыларын кошуп, бар болгон камсыздандыруу келишимдери боюнча дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) иликтөө, иштетүү жана жөнгө салуу процессинде ишкана тарта турган чыгымдарды, ошондой эле дооматтарды (камсыздандыруу чыгымдарын) иликтөөгө жана камсыздандыруу дооматтары боюнча төлөмдөрдү иштетүүгө чыгымдарды);

(g) келишимде каралган, натуралай формасында төлөп берилген пайдаларды берүүдө ишкана тарта турган чыгымдарды;

(h) премияларды төлөөгө эсептерди көрсөтүүгө жана полистердин өзгөрүүлөрүн жол-жоболоштурууга чыгымдар (мисалы, конвертациялоолор жана аракеттерди кайра баштоолор) сыяктуу, полистерди жүргүзүүгө жана тейлөөгө чыгымдарды. Мындай чыгымдар, эгерде конкреттүү камсыздандыруу полисин кармоочу камсыздандыруу келишиминин алкагында премияларды төлөөнү уланта берсе, ортомчуларга төлөнө тургандыгы күтүлгөндөй, туруктуу комиссияларды да камтыйт;

(i) операцияларга байланыштуу салыктарды (премияга салык, кошумчаланган наркка салык жана товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салык сыяктуу),

жана бар болгон камсыздандыруу келишимдерине түздөн-түз байланыштуу же болбосо, аларга негиздүү жана ырааттуу кошулушу мүмкүн болгон милдеттүү төлөмдөрдү (өрт коопсуздугун камсыз кылууга жыйымдар жана кепилдик фондуна төгүмдөр сыяктуу);

(j) камсыздандыруу полисин кармоочу тарабынан өзүнө алынган салыктык милдеттенмелерди аткаруу үчүн ишенимдүү өкүл катары камсыздандыруучу тарабынан жүзөгө ашырылган төлөмдөрдү;

(k) бар болгон камсыздандыруу келишимдери менен жабылган келечектеги дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) боюнча ордун толтуруулар менен байланыштуу потенциалдуу акча каражаттарынын киришин (мисалы, жарактуу калдыктарды сатуу жана суброгация), ошондой эле өткөн мезгилдердин дооматтары (камсыздандыруу чыгымдары) боюнча, аларды өзүнчө активдер катары таануу үчүн алар критерийлерге ылайык келбеген деңгээлде ордун толтурууга байланыштуу потенциалдуу акча каражаттарынын киришин;

(l) камсыздандыруу келишимин аткаруу менен түздөн-түз байланыштуу бекитилген жана өзгөрүлмө кошумча чыгашаларды бөлүштүрүүнү (бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө, персоналды башкарууга, маалыматтык-технологиялык камсыз кылууга, имараттарды амортизациялоого, ижарага, техникалык тейлөөгө жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгымдар сыяктуу). Белгиленген кошумча чыгашалар окшош мүнөздөмөлөрү бар бардык чыгымдарга карата ырааттуу колдонулган системалуу жана рационалдуу ыкмаларды колдонуу менен топтор боюнча бөлүштүрүлөт;

(m) келишимдин шарттарына ылайык камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөнүүгө жатат деп өзгөчө белгиленген бардык башка чыгымдарды.

B66. Төмөндө белгиленген бардык акча каражаттарынын агымдары бар болгон камсыздандыруу келишими ишкана тарабынан аткарылган сайын пайда боло турган акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоосуна киргизилбеши керек:

(a) инвестициялык киреше. Инвестициялар өзүнчө таанылат, бааланат жана берилет;

(b) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери менен байланыштуу пайда болгон акча каражаттарынын агымдары (төлөмдөр же түшүүлөр). Кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери өзүнчө таанылат, бааланат;

(c) келечектеги камсыздандыруу келишимдери боюнча пайда болушу мүмкүн болгон акча каражаттарынын агымдары, башкача айтканда бар болгон келишимдердин алкагынан тышкары болгон акча каражаттарынын агымдары (34 – 35-пункттарды кара);

(d) ушул келишим таандык болгон камсыздандыруу келишимдеринин портфелине түздөн-түз киргизүүгө мүмкүн эмес болгон чыгымдар, мисалы, продукцияны иштеп чыгууга чыгымдар жана окутууга чыгымдар менен байланыштуу акча каражаттарынын агымдары. Мындай чыгымдар алар пайда болгон учурда пайданын же зыяндын курамында таанылат;

(e) келишимди аткаруу максатында колдонулган, эмгектик жана башка ресурстардын нормативден тышкары чыгашалары менен байланыштуу пайда болгон акча каражаттарынын агымдары. Мындай чыгымдар алар пайда болгон учурда пайданын же зыяндын курамында таанылат;

(f) камсыздандыруучу ишенимдүү өкүл катары эмес төлөп берген жана алган пайда салыгынын төлөмдөрү жана түшүүлөрү. Мындай төлөмдөр жана

түшүүлөр *"Пайда салыктары"* ФОЭС (IAS) 12ге ылайык, өзүнчө таанылат, бааланат жана берилет;

(g) отчет берүүчү ишкананын камсыздандыруу полистерин кармоочулардын фонддору жана акционерлердин фонддору сыяктуу ар кандай бөлүктөрүнүн ортосундагы акча каражаттарынын агымдары, эгерде ошондой акча каражаттарынын агымдары камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөнүп бериле турган суммаларды өзгөртпөсө;

(h) камсыздандыруу келишиминен бөлүнүп чыккан жана башка колдонулчу стандарттарды колдонуу менен эсепке алынган компоненттер боюнча пайда болгон акча каражаттарынын агымдары (10 – 13-пункттарды караңыз).

*Башка келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочулардын пайдасына акча каражаттарынын агымдарына таасир эткен же алардын таасирине кабылган акча каражаттарынын агымдарын камтыган келишимдер*

B67. Айрым камсыздандыруу келишимдери, төмөнкүлөрдү талап кылып, башка келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочуларга тиешелүү болгон акча каражаттарынын агымдарына таасир этет:

(a) белгилүү базалык беренелердин бир эле пулунан түшкөн кирешелер белгиленген камсыздандыруу полисин кармоочунун жана башка келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочулардын ортосунда бөлүштүрүлүшүн; жана

(b) экөөнүн ичинен бирөөнү:

(i) ушул пулда ошондой эле үлүшү бар башка келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочуларга, ошол башка келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочуларга берилген кепилдиктер менен шартталган төлөмдөрдү кошуп, төлөмдөр менен байланыштуу базалык беренелер боюнча кирешелерде белгиленген камсыздандыруу полисин кармоочу өзүнүн үлүшүнүн азайтуусуна кабылгангандыгы үчүн; же болбосо

(ii) ошол камсыздандыруу полисин кармоочуга берилген кепилдиктер менен шартталган төлөмдөрдү кошуп, белгиленген камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөмдөр менен байланыштуу базалык беренелер боюнча кирешелерде башка келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочулар өздөрүнүн үлүшүнүн азайтуусуна кабылгандыгы үчүн.

B68. Кээ бирде мындай келишимдер башка топтордогу келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочуларга тиешелүү болгон акча каражаттарынын агымдарына таасир этет. Ар бир топтун келишимдерин аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары топтун келишимдери ушул топтогу камсыздандыруу полистерин кармоочулардын же башка топтогу камсыздандыруу полистерин кармоочулардын пайдасына ишкананы күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарынын таасирине канчалык деңгээлде кабылтканын чагылдырат. Мындан улам, топтогу келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары:

(a) бар болгон же келечектеги полистердин кармоочуларына мындай төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу күтүлөөрүнө карабастан, башка топтордогу келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочулардын пайдасына, бар болгон келишимдердин шарттарына байланыштуу пайда болгон төлөмдөрдү камтыйт; жана

(b) (а) пунктчасына ылайык, башка топтун келишимдерин аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын курамына киргизилген келишимдердин тобундагы камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөмдөрдү жокко чыгарат.

B69. Мисалы, бир топтун камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөмдөр базалык беренелердин кирешелүүлүгүндө үлүштүн 350 а.б. тартып 250 а.б. чейин азаюусунун эсебинен, башка топтун камсыздандыруу полистерин кармоочуларга кепилденген сумманы төлөп берүүгө байланыштуу, биринчи топтун келишимдерин аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары 100 а.б. өлчөмүндөгү төлөмдөрдү камтыйт (башкача айтканда, 350 а.б. түзөт), ал эми экинчи топтун келишимдерин аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын курамынан кепилденген сумманын 100 а.б. чыгарып салынат.

B70. Башка топтордогу келишимдер боюнча камсыздандыруу полистерин кармоочулардын пайдасына акча каражаттарынын агымдарына таасир эткен же алардын таасирине кабылган ар кандай топтордун келишимдерин аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын аныктоо үчүн ар кандай практикалык ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Айрым учурларда ишкана базалык беренелердин өзгөрүүсүн жана мунун натыйжасында пайда болгон акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүн топко караганда кыйла жогору агрегациялоо деңгээлинде идентификациялоого жөндөмдүү болот. Мындай учурларда ишкана базалык беренелердин өзгөрүүсүнүн натыйжасын системалык жана рационалдык негизде ар бир топко киргизиши керек.

B71. Бир топтун келишимдери боюнча камсыздандыруу төлөмүн толук бергенден кийин келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары башка топтордогу камсыздандыруу полистерин кармоочуларга же келечектеги камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берүүсү күтүлгөн суммаларды мурдакыдай эле камтыган жагдай болуп калышы мүмкүн. Ишкана мындай акча каражаттарынын агымдарын бөлүштүрүүнү улантууга милдеттүү эмес, анын ордуна ал бардык топтор боюнча пайда болгон ушундай акча каражаттарынын агымдарына карата милдеттенмени таанышы жана баалашы мүмкүн.

## Дисконттоо ставкалары (36-пункт)

B72. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда дисконттоонун төмөнкүдөй ставкаларын колдонушу керек:

(a) келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын баалоо үчүн – 36-пунктка ылайык дисконттоонун учурдагы ставкаларын;

(b) 44(b)-пунктуна ылайык, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржага чегерилген пайыздарды аныктоо үчүн, тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдери үчүн – 36-пунктка ылайык келишимдердин тобун баштапкы таануу күнүнө карата аныкталган, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес номиналдуу акча каражаттарынын агымдарына карата колдонулчу дисконттоо ставкаларын;

(c) B96(a) - B96(c)-пункттарында белгиленген келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн, тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдери үчүн – баштапкы таанууда аныкталган, 36-пунктка ылайык дисконттоо ставкаларын;

(d) премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулган жана каржылоонун олуттуу компонентин камтыган, 56-пунктка ылайык, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин балланстык наркын оңдоп-түзөө

максатында - баштапкы таанууда аныкталган, 36-пунктка ылайык дисконттоо ставкаларын;

(e) эгерде пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын көлөмүн аныктоо үчүн ишкана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды дезагрегациялоо жана аларды пайданын же зыяндын курамында жана башка жыйынды кирешенин (88-пунктту караңыз) курамында көрсөтүү чечимин кабыл алса:

(i) финансылык тобокелдикке байланыштуу божомолдордогу өзгөрүүлөр, B131-пунктка ылайык, камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берилүүчү суммаларга олуттуу таасир этпеген камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн – 36-пунктка ылайык, келишимдердин тобун баштапкы таануу күнүнө карата аныкталган, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес номиналдуу акча каражаттарынын агымдарына карата колдонулчу дисконттоо ставкаларын;

(ii) финансылык тобокелдикке байланыштуу божомолдордогу өзгөрүүлөр, B132(a)(i)-пунктуна ылайык, камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берилүүчү суммаларга олуттуу таасир эткен камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн – калган кайталап каралган күтүлгөн финансылык кирешелерди же чыгашаларды келишимдердин тобунун иштөөсүнүн калган күнүнө карата туруктуу ставка боюнча бөлүштүрүлгөн дисконтоо ставкаларын; жана

(iii) 59(b) жана B133-пункттарга ылайык, премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулган келишимдердин топтору үчүн – 36-пунктка ылайык, камсыздандыруу чыгымы пайда болгон күнгө карата аныкталган, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес болгон номиналдуу акча каражаттарынын агымдарына карата колдонулчу дисконттоонун ставкаларын.

B73. B72(b) - B72(e)-пункттарында белгиленген келишимдердин топторун баштапкы таануу күнүнө карата дисконттоо ставкаларын аныктоо үчүн ишкана, топтогу келишимдер чыгарылган жана 22-пунктка ылайык, бир жылдан ашык эмес мезгил ичинде дисконттоо ставкаларынын орточо алынган маанисин колдонушу мүмкүн.

B74. Дисконттоо ставкаларын баалоолор кош эсепке алуудан же каталык кетирүүдөн оолак болуу үчүн, камсыздандыруу келишимдерин баалоо үчүн колдонулган башка эсептик баалоолор менен шайкеш келиши керек, мисалы:

(a) өзгөрүлмөлүүлүгү кандай болбосун базалык беренелерге байланыштуу эмес акча каражаттарынын агымдары мындай өзгөрүлмөлүүктү чагылдырбаган ставкалар боюнча дисконттолушу керек;

(b) өзгөрүлмөлүүлүгү кандай болбосун беренелерге байланыштуу акча каражаттарынын агымдары төмөнкүлөргө тийиш:

(i) мындай өзгөрүлмөлүүлүктү чагылдырган ставкаларды колдонуу менен дисконттолууга; же

(ii) мындай өзгөрүлмөлүүлүктүн таасир этүүсүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөлүүгө жана жүргүзүлгөн оңдоп-түзөөнү чагылдырган ставка боюнча дисконттолууга;

(c) номиналдык акча каражаттарынын агымдары (башкача айтканда, инфляциянын таасир этүүсүн эсепке алган) инфляциянын таасир этүүсүн эсепке алган ставка боюнча дисконттолушу керек; жана

(d) реалдуу акча каражаттарынын агымдары (башкача айтканда, инфляциянын таасир этүүсүн жокко чыгарган) инфляциянын таасир этүүсүн жокко чыгарган ставка боюнча дисконттолушу керек.

B75. B74(b)-пункту өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу болгон акча каражаттарынын агымдарын мындай өзгөрүлмөлүүлүктү чагылдырган ставкаларды колдонуу менен дисконттоону, же болбосо мындай өзгөрүлмөлүүлүктүн таасир этүүсүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөөнү же жүргүзүлгөн оңдоп-түзөөнү чагылдырган ставка боюнча дисконттоону талап кылат. Өзгөрүлмөлүүлүк, ал келишимдик шарттардын натыйжаларында же акча каражаттарынын агымдарына карата ишкана өз ыктыярын колдонгондугун натыйжасында пайда болгондугуна карабастан, жана ишкана базалык беренелерди кармап тургандыгына карабастан, жөндүү фактор болуп саналат.

B76. Өзгөрүлмөлүүлүгү кирешелүүлүгү өзгөрүлмө базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу, бирок аларга карата минималдуу кирешелүүлүк кепилдиги каралган акча каражаттарынын агымдары, кепилденген сумма базалык беренелерден күтүлгөн кирешеден төмөн болсо дагы, базалык кирешелердин кирешелүүлүгүнө гана байланыштуу деп эсептөөгө болбойт. Ошентип, ишкана базалык беренелердин кирешелүүлүгүнүн өзгөрүлмөлүүлүгүн чагылдырган ставканы, кепилденген сумма базалык беренелерден күтүлгөн кирешеден төмөн болсо дагы, ушул кепилдиктин натыйжасына оңдоп-түзөтүшү керек.

B77. ФОЭС (IFRS) 17 ишкана эсептик акча каражаттарынын агымдарын өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу акча каражаттарынын агымдарына, жана өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес акча каражаттарынын агымдарына бөлүштүрүүсүн талап кылбайт. Эгерде ишкана эсептик акча каражаттарынын агымдарын ушундай түрдө бөлүштүрбөсө, ишкана, жалпысынан эсептик акча каражаттарынын агымдары үчүн ылайыктуу дисконттоо ставкаларын колдонушу керек; мисалы, тобокелдикке карата нейтралдуу стохастикалык моделдөө методдорун же баалоо методдорун колдонуп.

B78. Дисконттоо ставкалары жөндүү факторлорду гана, башкача айтканда, акчалардын убакыт ичиндеги наркы, акча каражаттарынын агымдарынын мүнөздөмөлөрү жана камсыздандыруу келишимдеринин ликвиддүүлүгү менен шартталган факторлорду эсепке алышы керек. Мындай дисконттоо ставкалары түздөн-түз рынокто байкоо жүргүзүлүүчү боло албашы мүмкүн. Мындан улам, мүнөздөмөлөрү окшош инструмент үчүн байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук ставкалар жеткиликтүү болуп, бирок мында мындай инструментти камсыздандыруу келишимдеринен айырмалаган факторлорду өз-өзүнчө идентификациялоо мүмкүн эмес болсо, ишкана эсептик жол менен тийиштүү ставкаларды баалашы керек. ФОЭС (IFRS) 17 дисконттоо ставкаларын аныктоо үчүн конкреттүү методдорду караштырбайт. Баалоо методун колдонууда ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу түрдө колдонуп (B44-пунктту караңыз), ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү, рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр жөнүндө бардык негизделген жана ырасталган, тышкы да, ички да маалыматты (B49-пунктту караңыз) чагылдырууга. Тактап айтканда, колдонулуп жаткан дисконттоо ставкалары кандай болбосун жеткиликтүү жана жөндүү рыноктук маалыматтарга карама-каршы келбеши керек, жана бардык колдонулуп жаткан рыноктук эмес өзгөрүлмөлөр байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук өзгөрүлмөлөргө карама-каршы келбеши керек;

(b) учурдагы рыноктук шарттарды рыноктун катышуучусунун позициясынан чагылдырууга;

(c) бааланып жаткан камсыздандыруу келишиминин мүнөздөмөлөрүнүн жана байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баалар бар болгон инструменттин мүнөздөмөлөрүнүн ортосундагы окшоштуктук даражасын баалоо үчүн ой-пикирлерди колдонуп, алардын ортосундагы айырманы чагылдыруу үчүн ушул бааларды оңдоп-түзөөгө.

B79. Өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын агымдарына карата, дисконттоонун ставкасы, кармоочуну кредиттик тобокелдикке кабылтпаган же болбосо, алар боюнча мындай тобокелдик ыктымалдыгы өтө аз болуп саналган инструмент үчүн тийиштүү валютадагы кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын чагылдырат. Кирешелүүлүктүн мындай өзгөрүү сызыгы камсыздандыруу келишимдеринин тобунун ликвиддүүлүгүнүн мүнөздөмөлөрүн чагылдыруу үчүн оңдоп-түзөтүлөт. Ушул оңдоп-түзөө камсыздандыруу келишимдеринин тобунун ликвиддүүлүгүнүн мүнөздөмөлөрүнүн жана кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын аныктоо үчүн колдонулган активдин ликвиддүүлүгүнүн мүнөздөмөлөрүнүн ортосундагы айырманы чагылдырышы керек. Кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыктары активдүү рыноктордо жүгүртүлгөн, алардын кармоочусу, адатта, аларды кайсы болбосун убакта олуттуу чыгымдарсыз эркин сата алган активдерди чагылдырат. Ошол эле убакта, айрым камсыздандыруу келишимдерине ылайык, ишкананы төлөмдөрдү камсыздандыруу учуру келгиче же келишимде белгиленген күндөн эрте жүзөгө ашырууга милдеттендирүү мүмкүн эмес.

B80. Ошентип, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын агымдары үчүн ишкана, рынокто байкоо жүргүзүлүүчү ставкалардын негизинде жаткан финансылык инструменттердин ликвиддүүлүгүнүн мүнөздөмөлөрүнүн жана камсыздандыруу келишимдеринин мүнөздөмөлөрүнүн ортосундагы айырманы чагылдыруу үчүн ликвиддүү тобокелдиксиз кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын оңдоп-түзөө аркылуу дисконттоо ставкаларын аныктай алат («төмөндөн жогору карай» ыкмасы).

B81. Альтернатива катары ишкана, активдердин базалык портфелинин адилет наркынын баалоосуна салынган кирешелүүлүктүн учурдагы рыноктук ченемдерин чагылдырган кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгынан улам, камсыздандыруу келишимдери үчүн тийиштүү дисконттоо ставкаларын аныкташы мүмкүн («жогорудан төмөн карай» ыкмасы). Ишкана, камсыздандыруу келишимдери үчүн жөндүү болуп саналбаган кандай болбосун факторлорду жок кылуу үчүн ушул кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын оңдоп-түзөтүшү керек, бирок кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын камсыздандыруу келишимдеринин жана базалык портфелдин мүнөздөмөлөрүнүн айырмачылыктарын эсепке алуу менен оңдоп-түзөтпөшү керек.

B82. B81-пунктта сыпатталган кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын баалоодо:

(a) эгерде активдүү рыноктордо базалык портфелдин активдерине карата байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баалар бар болсо, ишкана мындай бааларды колдонушу керек (ФОЭС (IFRS) 13түн 69-пунктуна ылайык);

(b) эгерде рынок активдүү болуп саналбаса, ишкана, алар бааланып жаткан активдерге карата рыноктук баалар менен салыштырууга мүмкүн болушу үчүн ошол сыяктуу активдерге карата рыноктук бааларды оңдоп-түзөтпөшү керек (ФОЭС (IFRS) 13түн 83-пунктуна ылайык);

(c) эгерде базалык портфелдин активдери үчүн рынок жок болсо, ишкана баалоо методун колдонушу керек. Мындай активдер үчүн (ФОЭС (IFRS) 13түн 83-пунктуна ылайык) ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(i) түзүлгөн кырдаалдарда жеткиликтүү бардык маалыматты колдонуп, байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды түзүүгө. Мындай

© ФОЭС Фонду

баштапкы маалыматтар ишкананын өздүк маалыматтарын камтыйт, жана, ФОЭС (IFRS) 17нин контекстинде, ишкана кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөрүнө караганда, узак мөөнөттүү бааларга көбүрөөк маани бериши мүмкүн; жана

(ii) негизделген түрдө жеткиликтүү болгон, рыноктун катышуучуларынын божомолдору жөнүндө бардык маалыматты чагылдыруу үчүн ушул маалыматтарды оңдоп-түзөөгө.

B83. Кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын оңдоп-түзөтүүдө ишкана мүнөздөмөлөрү окшош инструменттер менен жакынкы операцияларга карата байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук ставкаларды операциянын күнүнөн тартып рыноктук факторлордун өзгөрүүлөрүнө карата оңдоп-түзөтүшү керек, жана бааланып жаткан инструменттин жана операциянын байкоо жүргүзүлүүчү баалары бар инструменттеринин ортосундагы айырманын даражаларын чагылдыруу үчүн байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук ставкаларды оңдоп-түзөтүшү керек. Өзгөрүлмөлүүлүгү базалык портфелдеги активдердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес камсыздандыруу келишимдери акча каражаттарынын агымдары үчүн мындай оңдоп-түзөөлөр төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) портфелдеги активдер боюнча акча каражаттарынын агымдарынын суммаларынын, пайда болуу мөөнөттөрүнүн жана айкын эместигин жана камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын агымдарынын суммаларынын, пайда болуу мөөнөттөрүнүн жана айкын эместигинин ортосундагы айырманы эсепке алуу менен оңдоп-түзөөнү; жана

(b) базалык портфелге киргизилген активдер үчүн гана жөндүү болгон, кредиттик тобокелдик үчүн рыноктук премияларды жокко чыгарууну.

B84. Негизинен, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык портфелдеги активдердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын агымдары үчүн акча каражаттарынын агымдарынын суммаларына жана пайда болуу мөөнөттөрүнө карата бардык айкын эместикти жокко чыгарган бирдиктүү ликвиддүү эмес тобокелдиксиз кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы бар болуш керек. Бирок иш жүзүндө «жогорудан төмөн карай» ыкмасын жана «төмөндөн жогору карай» ыкмасын колдонуунун натыйжасында алынган кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыктары, алар бир валютада берилсе дагы, айырмаланышы мүмкүн. Бул ар бир ыкмага ылайык оңдоп-түзөөлөрдү баалоого мүнөздүү чектөөлөр, жана «жогорудан төмөн карай» ыкмасында ликвиддүүлүктүн ар кандай мүнөздөмөлөрүн эсепке алуу үчүн оңдоп-түзөөлөрдүн жок болуу мүмкүндүгү менен шартталган. Ишкана, ал тараптан тандалган ыкмага ылайык аныкталган дисконттоо ставкасынын, жана башка ыкманы колдонууда аныкталган дисконттоо ставкасынын салыштырып текшерилүүсүн жүргүзүүгө милдеттүү эмес.

B85. ФОЭС (IFRS) 17нин B81-пунктту колдонууда пайдаланылган активдердин базалык портфелине карата кандайдыр бир чектөөлөрдү белгилебейт. Бирок активдердин базалык портфелинде камсыздандыруу келишимдерине окшош мүнөздөмөлөрү бар болгон учурда, камсыздандыруу келишимдери үчүн жөндүү болуп саналбаган факторлорду четтетүү үчүн азыраак оңдоп-түзөтүүлөр талап кылынышы мүмкүн. Мисалы, эгерде камсыздандыруу келишимдери боюнча акча каражаттарынын агымдарынын көлөмү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес болуп, ишкана башталгыч нокоту катары үлүштүк инструменттерди эмес, карыздык инструменттерди колдонсо, азыраак оңдоп-түзөөлөр талап кылынат. Карыздык инструменттер болгон учурда, максат кредиттик тобокелдиктин жана камсыздандыруу келишимдери үчүн жөндүү болуп саналбаган башка факторлордун таасир этүүсүн облигациялар боюнча жалпы кирешелүүлүктөн чыгарып салууда турат. Кредиттик тобокелдиктин таасир этүүсүн баалоонун

методдорунун бири тигил же бул кредиттик туунду инструменттин рыноктук баасын ориентир катары колдонууда турат.

### Финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү (37-пункт)

B86. Финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүү камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон, финансылык тобокелдик болуп саналбаган тобокелдикке таандык болот. Финансылык тобокелдик келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын же акча каражаттарынын агымдарын оңдоп-түзөө үчүн колдонулган дисконттоо ставкаларынын эсептик баалоосуна киргизилет. Финансылык тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү менен камтылган тобокелдиктер камсыздандыруу тобокелдигин жана, келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн кыскартылышынын тобокелдиги жана жогорулатылган чыгашалардын тобокелдиги сыяктуу, башка финансылык эмес тобокелдиктерди камтыйт (B14-пунктту караңыз).

B87. Камсыздандыруу келишимдери үчүн финансылык тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү, ишкана өзү үчүн төмөнкүлөрдүн ортосундагы тандоону бир мааниде кылуу үчүн талап кыла турган компенсациялоонун өлчөмүн аныктайт:

(a) финансылык эмес тобокелдик менен шартталган мүмкүн болуучу натыйжалардын бир катары каралган милдеттенмени аткаруунун; жана

(b) камсыздандыруу келишиминдей эле, ошондой эле күтүлгөн келтирилген нарк менен бекитилген акча каражаттарынын агымдарын жараткан милдеттенмени аткаруунун.

Мисалы, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү, финансылык эмес тобокелдиктин натыйжасында 90 а.б. барабар болот деген 50%дык ыктымалдуулук, жана 110 а.б. барабар болот деген 50%дык ыктымалдуулук бар болгон милдеттенмени аткаруунун жана өлчөмү бекитилген жана 100 а.б. түзгөн милдеттенмени аткаруунун ортосунда ишкананын тандоосун теңдештирүү үчүн ишканага талап кылына турган компенсациялоонун өлчөмүн аныктайт. Ошентип, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү отчеттуулуктун пайдалануучуларына акча каражаттарынын агымдарынын суммасына жана пайда болгон мөөнөттөрүнө карата финансылык эмес тобокелдик менен шартталган айкын эместик үчүн ишкана чегерген сумма жөнүндө маалыматты берет.

B88. Финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү акча каражаттарынын агымдарынын суммасынын жана пайда болуу мөөнөттөрүнүн айкын эместиги менен шартталган финансылык эмес тобокелдикти ишкана өзүнө алуу үчүн зарыл компенсациялоонун өлчөмүн чагылдыргандыктан, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү ошондой эле төмөнкүлөрдү да чагылдырат:

(a) ушул тобокелдикти өзүнө алуу үчүн зарыл компенсациялоону аныктоодо ишкана эсепке алган диверсификациялоодон түшкөн пайдалардын деңгээлин; жана

(b) ишкана тарабынан тобокелдикти кабыл албоо деңгээлин чагылдыргандай кылып, жагымдуу да, жагымсыз да натыйжаларды.

B89. Ушул финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн максаты болуп камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон акча каражаттарынын агымдарынын, финансылык эмес болуп саналган тобокелдик менен шартталган айкын эместигинин таасир этүүсүн баалоо саналат. Мындан улам, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү камсыздандыруу келишимдери менен байланыштуу бардык финансылык эмес тобокелдиктерди чагылдырышы керек. Ал камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда

болбогон, жалпы операциялык тобокелдик сыяктуу тобокелдиктерди чагылдырууга тийиш эмес.

B90. Финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүү баалоого ачык түрдө киргизилбеши керек. Финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүү негизинен келечектеги акча каражаттарынын агымдарын жана ошол акча каражаттарынын агымдарын оңдогон дисконттоонун ставкаларын эсептик баалоодон өзүнчө жүргүзүлөт. ишкана финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүнүн кош эсепке алынуусуна, мисалы, келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын жана дисконттоонун ставкаларынын эсептик баалоолорун аныктоодо финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүнү кыйыр жол менен бир убакта киргизүү жолу менен, жол бербеши керек. 120-пунктка ылайык алар тууралуу маалымат ачып көрсөтүлгөн дисконттоонун ставкалары эч кандай божомолдонгон финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүлөрүн камтыбашы керек.

B91. ФОЭС (IFRS) 17 финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү аныктоо үчүн баалоонун конкреттүү методу (методдору) каралган эмес. Бирок, өзүнө финансылык эмес тобокелдикти өткөрүп алуу үчүн ишканага талап кылына турган компенсациянын өлчөмүн чагылдыруу үчүн финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүлөрдүн төмөнкүдөй мүнөздөмөлөрү болушу керек:

(a) оордугу төмөн даражадагы тез-тез пайда болгон тобокелдиктерге караганда, оордугу жогору даражадагы чанда пайда болгон тобокелдиктер финансылык эмес тобокелдикке кыйла жогору тобокелдик түзөтүүлөрүнө алып келет;

(b) окшош тобокелдиктер болгон учурда, колдонуу мөөнөтү кыйла узак келишимдер, колдонуу мөөнөтү азыраак келишимдерге караганда, финансылык эмес тобокелдикке кыйла жогору тобокелдик түзөтүүлөрүнө алып келет;

(c) ыктымалдуулуктарды бөлүштүрүү диапазону кыйла кеңири тобокелдиктер бөлүштүрүү диапазону азыраак кеңири тобокелдиктерге караганда, финансылык эмес тобокелдикке кыйла жогору тобокелдик түзөтүүлөрүнө алып келет;

(d) учурдагы эсептик баалоо жана анын өзгөрүү тенденциялары жөнүндө канчалык азыраак маалымат болсо, ошончолук финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүү жогору болот; жана

(e) пайда болгон жаңы маалыматтар акча каражаттарынын агымдарынын суммасына жана пайда болгон мөөнөттөрүнө карата айкын эместикти азайткан сайын, финансылык эмес тобокелдикке тобокелдик түзөтүүлөр азаят, жана тескерисинче.

B92. Ишкана финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү баалоонун ылайыктуу методун аныктоодо божомолдорду колдонушу керек. Ишкана, оң жүгүртүүлөрдү колдонуп, ошондой эле, ушул методдун колдонулушу финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынын башка ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары менен салыштырмалуу талдоосун жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген кыска жана көрсөтмөлүү маалыматтын ачып көрсөтүлүшүн камсыз кылаарын талдап чыгышы керек. 119-пунктка ылайык, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүлөрдү аныктоо үчүн ишеним ыктымалдыгынын деңгээлине негизделген методдон айырмаланган методду колдонгон ишкана колдонулган метод жана мындай методдун натыйжаларына ылайык келген ишеним ыктымалдыгынын деңгээли жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүшү керек.

© ФОЭС Фонду

### Камсыздандыруу келишимдерин өткөрүп берүүнү жана бизнестерди бириктирүүнү баштапкы таануу (39-пункт)

B93. Бизнести түзбөгөн камсыздандыруу келишимдерин өткөрүп берүү боюнча операциянын алкагында же бизнестерди бириктирүү боюнча операцияда ишкана чыгарылган камсыздандыруу келишимдерин же кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерин алганда, ишкана, ошол келишимдерди операцияны жүзөгө ашыруу күнүнө карата түзгөндөй болуп, алынган келишимдердин топторун идентификациялоо үчүн 14-24-пункттарды колдонушу керек.

B94. Ишкана, алынган премиялардын болжолдуу мааниси катары, келишимдер үчүн алынган же төлөп берилген ордун толтурууну колдонушу керек. Келишимдер үчүн алынган же төлөп берилген ордун толтуруу ошол эле операциянын алкагында алынган кандай болбосун башка активдер же милдеттенмелер үчүн алынган же төлөп берилген ордун толтурууну камтыбайт. Бизнестерди бириктирүү учурунда, алынган же төлөп берилген ордун толтуруу ошол күнгө карата келишимдердин адилет наркы болуп саналат. Ушул адилет наркты аныктоодо ишкана ФОЭС (IFRS) 13түн 47-пунктунун жоболорун (талап боюнча төлөөнүн шарттарына тийиштүү) колдонбошу керек.

B95. Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмелерге карата 55 - 59-пункттарда сыпатталган, премияны бөлүштүрүү ыкмасы колдонулганда, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа, чыгарылган камсыздандыруу келишимдерине карата - 38-пунктка ылайык жана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерине карата – 65-пунктка ылайык, алынган келишимдерди баштапкы таанууда эсептелинет, мында ошол келишимдер үчүн алынган же төлөп берилген ордун толтуруу баштапкы таануу күнүнө карата алынган же төлөп берилген премиялардын индикативдик мааниси катары колдонулат. Камсыздандыруу келишимдери тарабынан чыгарылган болуп саналган алынган келишимдер, 47-пунктка ылайык, оордотулган болуп саналса, ишкана келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары алынган же төлөп берилген ордун толтуруудан ашык болгон сумманы гудвиллдин бөлүгү же бизнестерди бириктирүүдөн алынган келишимдер үчүн пайдалуу сатып алуудан түшкөн пайда, же өткөрүп берүүнүн алкагында алынган келишимдер үчүн пайданын же зыяндын курамындагы зыян катары таанышы керек. Белгиленген ашып кетүүгө карата ишкана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентин аныктап, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы кийинки өзгөрүүлөрдүн бир бөлүгүн зыяндын ушул компонентине кошуу үчүн 49 - 52-пункттарды колдонушу керек.

### Тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдери боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын баланстык наркынын өзгөрүүлөрү (44-пункт)

B96. Тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдерине карата 44(c)-пункту камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүнө карата оңдоп-түзөтүлүшүн талап кылат. Мындай өзгөртүүлөргө төмөнкүлөр таандык:

(a) келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык премияларга карата, ошондой эле, B72(c)-пунктунда белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен эсептелген аквизициялык акча каражаттарынын агымдары жана премияга салыктар сыяктуу, алар менен байланыштуу акча

каражаттарынын агымдарына байланыштуу пайда болгон тажрыйбанын негизиндеги оңдоп-түзөөлөр;

(b) В72(c)-пунктунда белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен эсептелген, В97(a)-пунктунда белгиленген өзгөртүүлөрдөн тышкары, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенме боюнча келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркынын эсептик баалоолорунун өзгөртүүлөрү;

(c) ушул мезгилде төлөнөөрү күтүлгөн инвестициялык компоненттин жана ушул мезгилде төлөнүүгө жаткан иш жүзүндөгү инвестициялык компоненттин ортосундагы, В72(c)-пунктунда белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен эсептелген айырмалар; жана

(d) келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүлөрдүн өзгөртүүлөрү.

В97. Ишкана тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарындагы төмөнкүдөй өзгөрүүлөргө оңдоп-түзөй албайт, анткени алар келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык эмес:

(a) акчалардын убакыт ичиндеги наркынын жана акчалардын убакыт ичиндеги наркынын өзгөрүүлөрүнүн таасир этүүсүнө, ошондой эле финансылык тобокелдиктин жана финансылык тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнүн таасир этүүсүнө (башкача айтканда, бар болгондо, эсептик келечектеги акча каражаттарынын агымдарына таасир этүүгө;

(b) пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмеге киргизилген келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолорундагы өзгөртүүлөргө; жана

(c) В96(a)-пунктунда белгиленгендерден тышкары, тажрыйбанын негизиндеги оңдоп-түзөөлөргө.

В98. Айрым тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдеринин шарттары ишканага камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берилүүгө жаткан акча каражаттарынын агымдарын өз ыктыяры боюнча аныктоого укук берет. Дискрециялык акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүсү келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу болуп саналат, жана, мындан улам, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөйт. Дискрециялык акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүн кантип идентификациялоо керектигин аныктоо үчүн ишкана келишим күчүнө кирген учурга карата ал өзүнө келишим боюнча алган милдеттенмени аныктоону анын негизинде пландаштырып жаткан базаны белгилеши керек; мисалы, бекитилген пайыздык ставканын негизинде же белгилүү активдин кирешелүүлүгүнө байланыштуу вариацияланган кирешелүүлүктүн негизинде.

В99. Ишкана ушинтип аныкталган базаны өзүнө алган милдеттенме боюнча финансылык тобокелдикке карата божомолдордогу өзгөрүүлөрдөн болгон натыйжаны (келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөбөгөн) жана өзүнө алган милдеттенменин ишкананын ыктыяры боюнча жүзөгө ашырылган өзгөрүүлөрүнөн болгон натыйжаны (келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөгөн) айырмалашы керек.

В100. Эгерде ишкана келишим күчүнө кирген учурда ушул келишим боюнча өзүнүн милдеттенмеси катары эмнени эсептегендигин, ал эми эмнени өз ыктыярына калтыргандыгын аныктай албаса, ал анын милдеттенмеси болуп ал күчүнө кирген учурга карата келишимди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын

эсептик баалоосуна салынган, финансылык тобокелдикке таандык учурдагы божомолдорду чагылдыруу максатында жаңыртылган кирешелүүлүк саналаарынан улам аракет кылышы керек.

## Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдерине карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын баланстык наркынын өзгөрүүлөрү (45-пункт)

B101. Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери – маңызы боюнча, алардын шарттарына ылайык ишкана базалык беренелер боюнча инвестициялык кирешелүүлүктү убада кылган инвестицияларды жүзөгө ашыруу менен байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрүн берүүгө келишимдер болуп саналган камсыздандыруу келишимдери. Ошентип, алар камсыздандыруу келишимдери катары аныкталат, алар боюнча:

(a) базалык беренелердин так аныкталган пулунун үлүшүндө камсыздандыруу полисин кармоочунун катышуусу келишимдик шарттарда каралган (B105 - B106-пункттарды караңыз);

(b) ишкана базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсүнөн болгон кирешелердин олуттуу үлүшүнө тең сумманы камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берүүнү күтүүдө (B107-пунктту караңыз); жана

(c) ишкана, камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берилүүгө жаткан суммалардын кандай болбосун өзгөрүүсүнүн олуттуу бөлүгү базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүлөрүнө байланыштуу өзгөрүлө тургандыгын күтүүдө (B107-пунктту караңыз).

B102. Ишкана, келишим күчүнө кирген учурга карата өзүнүн күтүүлөрүн колдонуу менен, B101-пункттагы шарттар аткарылып жаткандыгына талдоо жүргүзүп, 72-пунктка ылайык, келишимди модификациялоо учурларынан тышкары, ушул шарттарды кайра карабашы керек.

B103. Бир топтогу камсыздандыруу келишимдери башка топтордогу камсыздандыруу полистерин кармоочуларга тийиштүү акча каражаттарынын агымдарына таасир этсе (B67 - B71-пункттарды кара), ишкана, камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берүүнү күтүп жаткан жана B68 - B70-пункттарга ылайык аныкталган акча каражаттарынын агымдарын эске алып, B101-пункттун шарттары аткарылып жаткандыгына талдоо жүргүзүшү керек.

B104. B101-пункттун шарттары тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери, алар боюнча ишкананын камсыздандыруу полисин кармоочунун алдындагы милдети төмөнкүдөй нетто-натыйжасын билдирген келишимдер болуп саналаарын тастыктайт:

(a) камсыздандыруу полисин кармоочуга базалык беренелердин адилет наркына тең сумманы төлөп берүү милдетинин; жана

(b) ишкана, келечектеги мезгилдерде камсыздандыруу келишими боюнча бериле турган кызмат көрсөтүүлөрүнө алмашып, (a) пунктчасында белгиленген суммадан алып сала турган өзгөрүлмө сыйакыларынын (B110 - B118-пункттарды караңыз), алар төмөнкүлөрдү билдирет:

(i) базалык беренелердин адилет наркындагы ишкананын үлүшүн; төмөнкүнү алып салганда

(ii) өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес болгон келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын.

© ФОЭС Фонду

B105. B101(a)-пунктунда айтылган үлүш ишканада камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берилүүчү суммаларды өз ыктыяры боюнча өзгөртүүгө укугунун бар болушун чектетпейт. Бирок базалык беренелерге байланыштыруу юридикалык жактан корголгон болууга тийиш (2-пунктту караңыз).

B106. B101(a)-пунктунда айтылган базалык беренелердин пулу кандай болбосун беренелерди, алар келишимде так белгиленсе, камтышы мүмкүн, мисалы, активдердин базалык портфелин, ишкананын таза активдерин же ишкананын таза активдеринин белгилүү кичи тобун. Ишкана базалык беренелердин идентификацияланган пулун кармап турууга милдеттүү эмес. Бирок, төмөнкүдөй болсо, базалык беренелердин ачык белгилүү болгон пулу жок болуп саналат:

(a) ишкана ишкананын милдеттенмелеринин өлчөмүн аныктаган базалык беренелерин ретроспективдик түрдө өзгөртө алса; же

(b) жалпысынан ишкананын ишмердүүлүгүнүн жалпы натыйжаларын жана анын күтүүлөрүн, же болбосо ишкана тарабынан кармалып турган активдердин кичи топтору боюнча ишмердүүлүктүн натыйжаларын жана күтүүлөрдү чагылдырган киреше камсыздандыруу полисин кармоочуга камсыз кылынса дагы, идентификацияланган базалык беренелер жок болсо. Мындай кирешенин мисалы катары кирешени чегерүү ставкасы же алар таандык болгон отчеттук мезгилдин аягына карата белгиленген дивиденддерди төлөп берүү чыгат. Мындай учурда камсыздандыруу полисин кармоочунун алдындагы милдет кирешени чегерүү ставкасын жана ишкана тарабынан белгиленген дивиденддердин суммаларын чагылдырат, жана идентификацияланган базалык беренелерди чагылдырбайт.

B107. B101(b)-пунктуна ылайык, ишкана, базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсүнөн болгон кирешелердеги олуттуу үлүш камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берилээрин күтүшү керек, жана B101(c)-пунктуна ылайык, ишкана, камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берилүүгө жаткан сумманын кандай болбосун өзгөрүүлөрүнүн олуттуу бөлүгү базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсү менен бирге өзгөрүлүп тураарын күтүшү керек. Ишкана:

(a) аларга ылайык ишкана инвестицияларды жүзөгө ашыруу менен байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрүн берген жана ошондой кызмат көрсөтүүлөрү үчүн базалык беренелерге байланыштуу аныкталган сыйакы катары компенсациялоо алган келишимдер болуп саналган тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин максатынын контекстинде эки пунктта тең «олуттуу» деген түшүнүктү чечмелөөгө; жана

(b) B101(b) жана B101(c)-пункттарында белгиленген сумманын өзгөрүлмөлүүлүгүн баалоого тийиш:

(i) камсыздандыруу келишимдеринин тобунун колдонуу мөөнөтүнүн ичинде; жана

(ii) эң жакшы же эң начар натыйжанын негизинде эмес, ыктымалдуулукту эсепке алуу менен алынган орточо келтирилген нарктын негизинде (B37 - B38-пункттарды караңыз).

B108. Мисалы, эгерде ишкана, кепилденген минималдуу кирешени эсепке алуу менен, базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсүнөн болгон кирешелердин олуттуу бөлүгүн төлөп берүүнү күткөн болсо, төмөнкүдөй сценарийлер орун алат:

(a) өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес болгон кепилденген киреше жана башка акча каражаттарынын агымдары базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсүнөн болгон кирешеден ашпагандыктан, ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга

төлөп берүүнү күткөн акча каражаттарынын агымдары базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсү менен бирге алмашат; жана

(b) өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес болгон кепилденген киреше жана башка акча каражаттарынын агымдары базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсүнөн болгон кирешеден ашыкча болгондуктан, ишкана камсыздандыруу полисин кармоочуга төлөп берүүнү күткөн акча каражаттарынын агымдары базалык беренелердин адилет наркынын өзгөрүүсү менен бирге алмашпайт.

Мындай жагдайларда B101(c)-пунктунда белгиленген өзгөрүлмөлүүлүктүн ишкана тарабынан бааланышы бардык сценарийлер боюнча, ыктымалдуулукту эсепке алуу менен алынган орточо келтирилген наркты чагылдырат.

B109. ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу максатында, чыгарылган кайра камсыздандыруу келишимдери жана кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери боло албайт.

B110. Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери үчүн келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа сыйакынын өзгөрүлмө мүнөзүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөтүлөт. Ошентип, B104-пунктта белгиленген суммалардын өзгүрүүлөрү B111-B114-пункттарда белгиленген тартипте эсепке алынат.

B111. Камсыздандыруу полисин кармоочуга базалык беренелердин адилет наркына тең сумманы төлөп берүү милдетинин өзгөрүүлөрү (B104(a)-пункту) келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык эмес жана келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөтпөйт.

B112. Базалык беренелердин адилет наркындагы ишкананын үлүшүнүн өзгөрүүлөрү (B104(b)(i)-пункту) 45(b)-пунктуна ылайык келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык жана келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөйт.

B113. Өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелердин кирешелүүлүгүнө байланыштуу эмес келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрү (B104(b)(ii)-пункту) өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) (b) пунктчасында белгиленген өзгөрүүлөрдөн тышкары, келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолорундагы өзгөрүүлөрдү. Ишкана, ошол өзгөрүүлөр келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө канчалык таандык экендигин аныктоо, жана 45(c)-пунктуна ылайык келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөө үчүн, тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдерине ылайык, B96-B97-пункттарды колдонушу керек. Бардык оңдоп-түзөөлөр дисконттоонун учурдагы ставкаларын колдонуу менен эсептелинет;

(b) базалык беренелерге байланыштуу эмес акчалардын убакыт ичиндеги наркынын жана финансылык тобокелдиктердин таасир этүүсүнүн өзгөрүүсүн; мисалы финансылык кепилдиктердин таасир этүүсүн. Ушул өзгөрүүлөр келечектеги мезгилдерге таандык жана 45(c)-пунктуна ылайык, B115-пункт колдонулган учурлардан тышкары, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөтөт.

B114. Ишкана B112 жана B113-пункттарда талап кылынган, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын оңдоп-түзөөлөрүн өз-өзүнчө идентификациялоого милдеттүү эмес. Анын ордуна айрым же бардык оңдоп-түзөөлөр үчүн жалпы сумма аныкталышы мүмкүн.

### *Тобокелдикти төмөндөтүү*

© ФОЭС Фонду

B115. Ишкана 116-пункттун шарттарын канааттандырганда, ал финансылык тобокелдиктин базалык беренелерде ишкананын үлүшүнө таасир этүүсүнүн айрым же бардык өзгөртүүлөрүн (B112-пунктту караңыз) же B113(b)-пунктунда белгиленген келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын чагылдыруу үчүн келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын курамында тигил же бул өзгөртүүнү таанылбоо чечимин кабыл алышы мүмкүн.

B116. B115-пунктту колдонуу үчүн ишкананын, камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон финансылык тобокелдикти төмөндөтүү үчүн тобокелдиктерди башкаруунун мурда документ менен жол-жоболоштурулган максаты жана туунду инструменттерди колдонуу стратегиясы болушу керек, жана мындай максат менен стратегияны колдонууда:

(a) камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон финансылык тобокелдикти төмөндөтүү үчүн ишкана туунду инструментти колдонот;

(b) камсыздандыруу келишимдеринин жана ушул туунду инструменттин ортосунда экономикалык жактан компенсациялоочу натыйжа бар, башкача айтканда, камсыздандыруу келишимдеринин наркы жана туунду инструменттин наркы, адатынча, карама-каршы багыттарда өзгөрүлөт, себеби алар ишкана төмөндөтүүгө аракет кылып жаткан тобокелдиктин өзгөрүүлөрүнө ошентип жооп кайтарат. Экономикалык өз ара чегеришүүнү баалоодо ишкана бухгалтердик баалоодогу айырманы эсепке албашы керек;

(c) кредиттик тобокелдик экономикалык өз ара чегеришүүгө үстөмдүк кылуучу таасир этпейт.

B117. Ишкана B115-пункт колдонулган, топко киргизилген келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарын ар бир отчеттук мезгилде бир түрдүү аныкташы керек.

B118. B116-пункттагы шарттардын бири канааттандырылбай калса, ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) ушул күндөн тартып B115-пунктун колдонууну токтотууга; жана

(b) мурда пайданын же зыяндын курамында таанылган өзгөртүүлөргө карата эч кандай оңдоп-түзөөлөрдү жүргүзбөөгө.

## Пайданын же зыяндын курамындагы келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны таануу

B119. Камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын бөлүгү ар бир отчеттук мезгилде пайданын же зыяндын курамында, тийиштүү мезгилде камсыздандыруу келишимдеринин ушул тобу боюнча берилген кызмат көрсөтүүлөрүн чагылдырган өлчөмдө таанылат (44(е), 45(е) жана 66(е)-пункттарын караңыз). Ушул өлчөм төмөнкүлөр аркылуу аныкталат:

(a) ушул топтогу камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктерин идентификациялоо. Топтогу камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктеринин саны ушул топко киргизилген келишимдер боюнча берилген камсыздандыруу төлөмдөрүнүн көлөмүн билдирет, ал келишим боюнча берилген пайдалардын өлчөмүнүн ар бир келишими боюнча талдоосунун жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн күтүлгөн узактыгынын негизинде аныкталат;

(b) мезгилдин аягына карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны (мезгилде берилген кызмат көрсөтүүлөрүн чагылдыруу үчүн анын кандайдыр бир суммаларын пайданын же зыяндын курамында таанууга

чейин) учурдагы мезгилде берилген жана келечекте берилиши күтүлгөн камсыздандыруу төлөмдөрүнүн ар бир бирдигине тең үлүшкө бөлүштүрүү;

(c) ушул мезгилде берилген камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктерине бөлүштүрүлгөн көлөмдү пайданын же зыяндын курамында таануу.

## Камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше (83 жана 85-пункттар)

B120. Камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча түшкөн кирешенин жалпы көлөмү келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөрү үчүн ордун толтурууну, башкача айтканда, ишканага төлөп берилген премиялардын суммасын билдирет:

(a) каржылоодон болгон натыйжаны эсепке алуу менен оңдоп-түзөлгөн; жана

(b) бардык инвестициялык компоненттерди жокко чыгарган.

B121. 83-пункт мезгил үчүн таанылган камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешенин көлөмү убадаланган кызмат көрсөтүүлөрүнүн өткөрүп берүүсүн, ишкана ушул кызмат көрсөтүүлөрүнүн ордуна аларга карата укук алууну күткөн ордун толтурууну чагылдырган суммада чагылдыруусун талап кылат. Келишимдердин тобу боюнча ордун толтуруунун жалпы көлөмү төмөнкүдөй суммаларды камтыйт:

(a) кызмат көрсөтүүлөрүн берүүгө байланыштуу суммаларды, анын ичинде:

(i) камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамында зыяндын компонентине кошулган суммалардан тышкары, камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашаларды;

(ii) камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамында зыяндын компонентине кошулган суммалардан тышкары, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү; жана

(iii) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны;

(b) аквизициялык акча каражаттарынын агымдарына таандык суммаларды.

B122. B121(a)-пунктунда сыпатталган суммалар менен байланыштуу, мезгил үчүн камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше B123 - B124-пункттарда белгиленген тартипте аныкталат. B121( b)-пунктунда сыпатталган суммалар менен байланыштуу, мезгил үчүн камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше B125-пункттарда белгиленген тартипте аныкталат.

B123. ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык, ишкана кызмат көрсөткөндө, ал мындай кызмат көрсөтүүлөргө карата аткарууга жаткан милдеттенмени таанууну токтотуп, түшкөн кирешени тааныйт. Буга ылайык, ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда, ишкана мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөрүн бергенде, ал камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени берилген кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүнө азайтат жана камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени тааныйт. Камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешеге алып келген, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени азайтуу ишкана тарабынан алынган ордун толтуруу менен жабылаары күтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык эмес милдеттенменин өзгөрүүсүн жокко чыгарат. Мындай өзгөртүүлөргө төмөнкүлөр таандык:

(a) мезгил ичинде берилген кызмат көрсөтүүлөрү менен байланыштуу эмес өзгөртүүлөр, мисалы:

(i) алынган премиялардан болгон акча каражаттарынын киришинин натыйжасындагы өзгөртүүлөр;

(ii) мезгил ичиндеги инвестициялык компоненттерге таандык өзгөртүүлөр;

(iii) үчүнчү жактардын атынан алынган операцияларга салыктар менен байланыштуу өзгөртүүлөр (премияларга салыктар, кошумча нарк салыгы жана товарларга жана кызмат көрсөтүүлөрүнө салык сыяктуу) (B65(i)-пунктун караңыз);

(iv) камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар;

(v) аквизициялык акча каражаттарынын агымдары (B125-пунктту караңыз); жана

(vi) үчүнчү жакка өткөрүп берилген милдеттенмелерди таанууну токтотуу;

(b) кызмат көрсөтүүлөрүнө байланыштуу, бирок алар үчүн ишкана ордун толтурууну алууну күтпөгөн өзгөрүүлөр, башкача айтканда камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентинин көбөйүүсү же азаюусу (47 – 52-пункттарды караңыз).

B124. Мындан улам, мезгил үчүн камсыздандыруу үчүн түшкөн киреше да, алар үчүн ишкана ордун толтурууну алууну күткөн кызмат көрсөтүүлөр менен байланыштуу, ушул мезгилде камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин жалпы көлөмү катары аныкталышы мүмкүн. Мындай өзгөрүүлөргө төмөнкүлөр таандык:

(a) төмөнкүлөрдөн тышкары, мезгилдин ичинде тартылган камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашалар:

(i) 51(a)-пунктуна ылайык, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентине кошулган суммалардан;

(ii) инвестициялык компоненттерды төлөмдөрдөн;

(iii) үчүнчү жактардын атынан алынган операцияларга салыктар менен байланыштуу суммалардан (премияга салык, кошумча нарк салыгы жана товарлар жана кызмат көрсөтүүлөргө салыктар сыяктуу) (B65(i)-пунктун караңыз); жана

(iv) камсыздандыруу боюнча аквизициялык чыгашалардан (B125-пунктту караңыз);

(b) төмөнкүлөрдөн тышкары, финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүсүнүн өзгөрүүсү:

(i) 87-пунктка ылайык камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге же чыгашаларга киргизилген өзгөртүүлөрдөн;

(ii) 44(c) жана 45(c)-пункттарына ылайык, келечектеги мезгилдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык болгондуктан келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны оңдоп-түзөгөн өзгөртүүлөрдөн; жана

(iii) 51(b)-пунктуна ылайык, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентине кошулган суммадан;

(c) 44(e) жана 45(e)-пункттарына ылайык мезгилде пайданын же зыяндын курамында таанылган келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын суммасы.

B125. Ишкана аквизициялык акча каражаттарынын агымдары менен байланыштуу камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени, мындай акча каражаттарынын агымдарын калыбына келтирүү үчүн арналган премиянын бир бөлүгүн ар бир отчеттук мезгилге кошуу жолу менен, системалык негизде убакыттын агымына

© ФОЭС Фонду

пропорционалдуу аныкташы керек. Ишкана ушундай эле сумманы камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чыгашалар катары таанышы керек.

B126. Эгерде ишкана 55-58-пункттарда сыпатталган премияны бөлүштүрүү ыкмасын колдонсо, мезгил үчүн камсыздандыруу боюнча түшкөн киреше ушул мезгилге кошулган премиялардын күтүлгөн түшүүлөрүнүн суммасын билдирет (56-пунктка ылайык, колдонулушу мүмкүн болсо, инвестициялык компонентти жокко чыгарган жана акчалардын убакыт ичиндеги наркын жана финансылык тобокелдиктин таасир этүүсүн эсепке алуу менен оңдоп-түзөлгөн). Ишкана премиялардын күтүлгөн түшүүлөрүн камсыздандыруу төлөмдөрүнүн ар бир мезгилине карата бөлүштүрүшү керек:

(a) убакыттын агымына пропорционалдуу; бирок

(b) камсыздандыруу төлөмдөрүнүн мезгилинин ичинде тобокелдиктин бошонуу схемасы убакыттын агымын чагылдырган схемадан олуттуу түрдө айырмаланса, камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча тартылган чыгашаларды таануунун күтүлгөн мөөнөттөрүнүн негизинде.

B127. Ишкана фактыларды жана жагдайларды өзгөртүүдө B126(a) жана B126(b)-пункттарында белгиленген варианттардын ортосунда бөлүштүрүү методун тийиштүү түрдө өзгөртүшү керек.

## Камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер жана чыгашалар (87 – 92-пункттар)

B128. 87-пунктка ылайык, ишкана финансылык тобокелдикке байланыштуу божомолдордогу өзгөртүүлөрдүн таасир этүүсүн камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге же чыгашаларга киргизиши керек. ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуунун максаттары үчүн:

(a) баалардын же ставкалардын индексине же кирешелүүлүгү инфляцияга байланган активдерге карата бааларга негизделген инфляцияга карата божомолдор финансылык тобокелдик менен байланыштуу божомолдор болуп саналат; жана

(b) ишкананын белгилүү баалардын өзгөрүүлөрү жөнүндө күтүүлөрүнө негизделген инфляцияга карата божомолдор финансылык тобокелдик менен байланыштуу божомолдор болуп санлабайт.

B129. 88-89-пункттар талап кылгандай, ишкана мезгил ичинде камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди жана чыгашаларды пайданын же зыяндын жана башка жыйынды кирешенин курамында өз-өзүнчө берүү үчүн дезагрегациялагандыгына карата эсеп саясатын тандап алышы керек. Ишкана ал тандаган эсеп саясатын камсыздандыруу келишимдеринин портфелине карата колдонушу керек. "*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*" ФОЭС (IAS) 8дин 13-пунктуна ылайык, камсыздандыруу келишимдеринин портфели үчүн ылайыктуу эсеп саясатын аныктоодо ишкана ар бир портфелге карата ал кармап турган активдерди жана ошол активдер кантип эсепке алынып жаткандыгын талдашы керек.

B130. Эгерде 88(b)-пункту колдонулуп жатса, ишкана камсыздандыруу келишимдеринин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде камсыздандыруу боюнча күтүлгөн финансылык кирешелердин же чыгашалардын жалпы суммасын системалык бөлүштүрүү методун колдонуу менен аныкталган сумманы пайданын же зыяндын курамына киргизиши керек. Ушул контекстте системалык бөлүштүрүү – бул камсыздандыруу келишимдеринин тобу боюнча күтүлгөн финансылык кирешелердин же чыгашалардын жалпы суммасын ошол топтун колдонуу мөөнөтүнүн ичинде бөлүштүрүү, ал:

(a) келишимдер боюнча пайда болушу күтүлгөн акча каражаттарынын агымдарына таасир этпеген факторлорду эсепке алуусуз келишимдердин мүнөздөмөлөрүнө негизделген. Мисалы, финансылык кирешелерди же чыгашаларды бөлүштүрүү, эгерде ошондой күтүлгөн таанылган кирешелер топтогу келишимдер боюнча акча каражаттарынын агымдарына таасир этпесе, активдер боюнча күтүлгөн таанылган кирешелерге негизделбеши керек;

(b) келишимдердин тобу күчүндө болгон мөөнөттүн ичинде башка жыйынды кирешенин курамында таанылган сумма нөлгө барабар болушуна алып келет. Кандай болбосун күнгө карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жыйынды сумма камсыздандыруу келишимдеринин тобунун балансттык наркынын жана системалык бөлүштүрүү колдонулган учурда топ баалана турган сумманын ортосундагы айырманы билдирет.

B131. Финансылык тобокелдикке байланыштуу божомолдордогу өзгөрүүлөр камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берилген суммаларга олуттуу таасир этпеген камсыздандыруу келишимдеринин топторуна карата системалык бөлүштүрүү B72(e)(i)-пунктунда белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен аныкталат.

B132. Финансылык тобокелдикке байланыштуу божомолдордогу өзгөрүүлөр камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берилген суммаларга олуттуу таасир эткен камсыздандыруу келишимдеринин топторуна карата:

(a) келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын эсептик баалоолору менен шартталган финансылык кирешелерге же чыгашаларга карата системалык бөлүштүрүү төмөнкүдөй ыкмалардын бири менен аныкталышы мүмкүн:

(i) кайталап каралган күтүлгөн финансылык кирешелердин же чыгашалардын калган бөлүгүн келишимдердин тобун колдонуунун калган мөөнөтүнө туруктуу ставка боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүнчүлүк берген ставканы колдонуу менен; же болбосо

(ii) камсыздандыруу полистерин кармоочуларга төлөп берилүүгө жаткан суммаларды аныктоо үчүн кирешелерди чегерүү ставкасы колдонулган келишимдер үчүн, - ушул мезгилде чегерилген жана келечектеги мезгилдерде чегерилиши күтүлгөн кирешенин суммаларына негизделген бөлүштүрүүнү колдонуу менен;

(b) финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүү менен шартталган финасылык кирешелерге же чыгашаларга карата системалык бөлүштүрүү, 81-пунктка ылайык, алар финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн башка өзгөрүүлөрүнөн өзүнчө берилген учурда, келечектеги акча каражаттарынын агымдарына байланыштуу пайда болгон финансылык кирешелерди же чыгашаларды бөлүштүрүү үчүн колдонулган методго ылайык келген методдун негизинде аныкталат;

(c) келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа менен шартталган финансылык эмес кирешелерге же чыгашаларга карата системалык бөлүштүрүү төмөнкүдөй аныкталат:

(i) тикелей катышуу шарттарын камтыбаган камсыздандыруу келишимдери үчүн, - B72(b)-пунктунда белгиленген дисконттоо ставкаларын колдонуу менен; жана

(ii) тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери үчүн, - келечектеги акча каражаттарынын агымдарына байланыштуу пайда болгон финансылык кирешелерди же чыгашаларды бөлүштүрүү үчүн колдонулган методго ылайык келген методдун негизинде.

© ФОЭС Фонду

B133. 53-59-пункттарда сыпатталган камсыздандыруу келишимдерине карата премияларды бөлүштүрүүнүн негизиндеги ыкманы колдонууда, ишкана пайда болгон дооматтар боюнча милдеттенмени дисконттоого милдеттүү болушу мүмкүн же аны өз ыктыяры боюнча дисконттойт. Мындай учурларда ал 88(b)-пунктуна ылайык, камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды дезагрегациялоого укуктуу. Эгерде ишкана мындай чечим кабыл алса, ал пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды, B72(e)(iii)-пунктунда белгиленген дисконттоо ставкасын колдонуу менен аныкташы керек.

B134. 89-пункт ишкана өз ыктыяры боюнча, же болбосо талаптарга ылайык тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери боюнча базалык беренелерди кармап турган учурларда колдонулат. Эгерде ишкана 89(b)-пунктуна ылайык, камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды дезагрегациялоо чечимин кабыл алса, ал базалык беренелер боюнча пайданын же зыяндын курамына киргизилген суммага толугу менен туура келген кирешелердин же чыгашалардын суммасын пайданын же зыяндын курамына киргизиши керек, мунун натыйжасында эки өз-өзүнчө берилген беренелердин таза суммасы нөлгө барабар болот.

B135. Ишкана, ал базалык беренелерди кармап турушуна же турбашына жараша, 89-пунктта каралган эсеп саясатын тандоо үчүн талаптарга айрым мезгилдерде ылайык келиши, башка учурларда ылайык келбеши мүмкүн. Эгерде мындай өзгөртүү болсо, ишканага жеткиликтүү эсеп саясатын тандоо 88-пунктта берилген варианттан, 89-пунктта белгиленген вариантка өзгөрүлөт, жана тескерисинче. Ошентип, ишкана өзүнүн эсеп саясатын 88(b)-пунктунда белгиленген варианттын жана 89(b)-пунктунда белгиленген варианттын ортосунда өзгөртүшү мүмкүн. Мындай өзгөртүүнү жүзөгө ашырууда ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) мурда башка жыйынды кирешенин курамында өзгөртүүнүн күнүнө чейин таанылган топтолгон сумманы кайра классификациялоочу оңдоп-түзөө катары өзгөртүү болгон мезгилде, жана келечектеги мезгилдерде пайданын же зыяндын курамына төмөнкүдөй кылып киргизиши керек:

    (i) эгерде ишкана мурда 88(b)-пунктун колдонсо – ишкана, түздөн-түз мындай өзгөртүүнүн алдында колдонулган божомолдордон улам, 88(b)-пунктуна ылайык каралган ыкманы колдонууну уланткандай эле, өзгөртүүгө чейин башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон сумманы пайданын же зыяндын курамына киргизиши керек; жана

    (ii) эгерде ишкана мурда 89(b)-пунктун колдонсо - ишкана, түздөн-түз мындай өзгөртүүнүн алдында колдонулган божомолдордон улам, 89(b)-пунктуна ылайык каралган ыкманы колдонууну уланткандай эле, өзгөртүүгө чейин башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон сумманы пайданын же зыяндын курамына киргизиши керек;

(b) өткөн мезгилдер үчүн салыштырмалуу маалыматты кайра эсептебеши керек.

B136. B135(a)-пунктун колдонууда ишкана, мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон сумманы, жаңы дезагрегациялоо дайыма колдонулгандай эле, кайра эсептебейт, ал эми келечектеги мезгилдерде кайра классификациялоо үчүн колдонулган божомолдор өзгөртүү күнүнөн кийин кайра каралбашы керек.

## Аралык финансылык отчеттуулук

B137. Ишкана тарабынан берилген отчеттуулуктун аралыгы анын жыл ичиндеги ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын баалоого таасир этпеши керек деген "*Аралык*

*финансылык отчеттуулук"* ФОЭС (IAS) 34түн талаптарына карабастан, ишкана, кийинки аралык финансылык отчеттуулукта же жылдык отчеттук мезгилде ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда буга чейинки аралык финансылык отчеттуулукта кылынган эсептик баалоолорду эсепке алуу тартибин өзгөртө албайт.

© ФОЭС Фонду

# С тиркемеси

# КҮЧҮНӨ КИРҮҮ КҮНҮ ЖАНА ӨТКӨӨЛ ЖОБОЛОР

*Ушул тиркеме "Камсыздандыруу келишимдери" ФОЭС (IFRS) 17нин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

## Күчүнө кирүү күнү

C1. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни 2021-жылдын 1-январынан тартып же ушул күндөн кийин башталган жылдык отчеттук мезгилдерге карата колдонушу керек. Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек. ФОЭС (IFRS) 17ни алгачкы колдонуу күнүнө же ага чейин "*Финансылык инструменттер*" ФОЭС (IFRS) 9ду жана "*Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше*" ФОЭС (IFRS) 15ти колдонгон ишканалар үчүн мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет.

C2. С1 жана С3 - С33-пункттарынын өткөөл жоболорунун максаттары үчүн:

(a) алгачкы колдонуу күнү болуп ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни алгачкы колдонгон жылдык отчеттук мезгилдин башы саналат; жана

(b) өтүүнүн күнү болуп алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык отчеттук мезгилдин башы саналат.

## Өткөөл жоболор

C3. Ишкана, төмөнкүлөрдөн тышкары, муну практикада колдонууга мүмкүн эмес болгон учурлардан тышкары, ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни ретроспективдүү колдонушу керек:

(a) ишкана, *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8дин 28(f)-пунктунда талап кылынган сандык маалыматты берүүгө милдеттүү эмес; жана

(b) ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни алгачкы колдонуу күнүнө чейинки мезгилдерге карата В115-пунктта каралган тандоо укугун колдоно албайт.

C4. ФОЭС (IFRS) 17ни ретроспективдүү колдонуу үчүн ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) ФОЭС (IFRS) 17 дайыма колдонулгандай эле, камсыздандыруу келишимдеринин ар бир тобун идентификациялоого, таанууга жана баалоого;

(b) ФОЭС (IFRS) 17 дайыма колдонулса, учурда болгон калдыктарды таанууну токтотууга; жана

(c) натыйжада пайда болгон таза айырманы өздүк капиталдын курамында таанууга.

C5. Камсыздандыруу келишимдеринин тобуна карата С3-пункттун ишкана тарабынан колдонулушу практикада мүмкүн эмес болгон учурда гана, ишкана С4(a)-пунктун колдонуунун ордуна төмөнкүдөй ыкмаларды колдонушу керек:

(a) С6(a)-пунктунун талаптарын эске алуу менен, С6 - С19-пункттарда сыпатталган модификацияланган ретроспективдүү ыкма; же болбосо

(b) С20 - С24-пункттарда сыпатталган адилет нарктын негизиндеги ыкма.

## Модификацияланган ретроспективдүү ыкма

C6. Модификацияланган ретроспективдүү ыкманын максаты ашкере чыгымдарсыз же аракеттерсиз жеткиликтүү болгон негизделген жана ырасталган маалыматты колдонууда мүмкүн болгон ретроспективдүү ыкмада алынган натыйжага эң эле

жакын натыйжага жетүүдө турат. Мындан улам, ушул ыкманы колдонууда ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) негизделген жана ырасталган маалыматты колдонууга. Эгерде ишкана модификацияланган ретроспективдүү ыкма үчүн зарыл негизделген жана ырасталган маалыматты ала албаса, ал адилет нарктын негизинде ыкманы колдонушу керек;

(b) толугу менен ретроспективдүү ыкма колдонулганда колдонула турган маалыматты максималдуу түрдө колдонууга, бирок мында ашкере чыгымдарсыз жана аракеттерсиз жеткиликтүү маалыматты гана колдонууга.

C7. C9 - C19-пункттарда төмөнкүдөй аспекттерге карата ретроспективдүү ыкманын мүмкүн болуучу модификациялары сыпатталган:

(a) камсыздандыруу келишимдерине же камсыздандыруу келишимдеринин топторуна карата, алардын колдонулушунун башталуу же баштапкы таануу күнүнө карата жүргүзүлө турган баалоолорго;

(b) тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдерине карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа же зыяндын компоненти менен байланыштуу суммаларга;

(c) тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдерине карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа же зыяндын компоненти менен байланыштуу суммаларга; жана

(d) камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерге же чыгашаларга.

C8. Модификацияланган ретроспективдүү ыкманын максаттарына жетүү үчүн ишканага C9 - C19-пункттардагы ар бир модификациялоону, ишканада ретроспективдүү ыкманы колдонууга негизделген жана ырасталган маалымат жок болгон учурларда гана колдонууга уруксат берилет.

### Колдонулушунун башталуу же баштапкы таануу күнүнө карата баалоолор

C9. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде ишкана өтүүнүн күнүнө карата жеткиликтүү маалыматты колдонуп, төмөнкүдөй маселелерди чечиши керек:

(a) 14 - 24-пункттарга ылайык, камсыздандыруу келишимдеринин топторун кантип идентификациялоону;

(b) B101 - B109-пункттарга ылайык, камсыздандыруу келишими тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берээрин; жана

(c) B98 - B100-пункттарга ылайык, тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдерине карата дискрециялык акча каражаттарынын агымдарын кантип идентификациялоону.

C10. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде ишкана топторду кичи топторго бөлүү үчүн, алар бир жылдан ашык айырма менен чыгарылган келишимдерди камтыбашы үчүн 22-пункттун жоболорун колдонбосо болот.

### Тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны же зыяндын компонентин аныктоо

C11. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде, тикелей катышуу шарттарысыз келишимдер үчүн ишкана, C12 - C16-пункттарына ылайык, өтүү күнүнө карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны же камсыздандыруу

төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентин аныкташы керек (49 - 52-пункттарды караңыз).

C12. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде, ишкана, камсыздандыруу келишимдерин баштапкы таануу күнүнүн жана өтүү күнүнүн (же алда канча эрте күндүн) ортосунда пайда болгондугу белгилүү болгон акча каражаттарынын агымдарына оңдоп-түзөтүлгөн өтүү күнүнө карата (же алда канча эрте күнгө карата, эгерде ошондой алда канча эрте күнгө карата келечектеги акча каражаттарынын агымдарын, C4(a)-пунктуна ылайык, ретроспективдүү аныктоо мүмкүн болсо), келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын көлөмү катары камсыздандыруу келишимдеринин топторун баштапкы таануу күнүнө карата келечектеги акча каражаттарынын агымдарын баалашы керек. Пайда болгондугу белгилүү болгон акча каражаттарынын агымдары өтүү күнүнө чейин өзүнүн бар болуусун токтоткон келишимдер боюнча акча каражаттарынын агымдарын камтыйт.

C13. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде, ишкана камсыздандыруу келишимдеринин тобун баштапкы таануу күнүнө карата (же андан кийин) колдонулган дисконттоо ставкаларын аныкташы керек:

(a) эгерде кирешелүүлүктүн ошондой өзгөрүү сызыгы бар болсо, түздөн-түз өтүү күнүнө чейин жок дегенде үч жылдын ичинде 36 жана B72 - B85-пункттарына ылайык эсептелген кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгына тең болгон байкоо жүргүзүлүүчү кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгын колдонуп;

(b) эгерде (a) пунктчасында белгиленген кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгы жок болсо, баштапкы таануу күнүнө карата (же андан кийин) колдонулган дисконттоо ставкаларын байкоо жүргүзүлүүчү кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгынын жана 36 жана B72 - B85-пункттарга ылайык эсептелген кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгынын ортосундагы орточо спрэдди аныктоо жана ушул спрэдди ушул байкоо жүргүзүлүүчү кирешелүүлүктүн өзгөрүү сызыгына карата колдонуу аркылуу эсептөө. Ушул спрэд түздөн-түз өтүү күнүнө чейинки, жок дегенде, үч жыл үчүн орточо маанини билдириши керек.

C14. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде, ишкана камсыздандыруу келишимдеринин тобун баштапкы таануу күнүнө карата (же андан кийин) финансылык тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү, өтүү күнүнө карата финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнү өтүү күнүнө чейин тобокелдиктин күтүлгөн бошотулушунун өлчөмүнө оңдоп-түзөө жолу менен аныкташы керек. Тобокелдиктин күтүлгөн бошотулушу ишкана өтүү күнүнө карата чыгарган окшош камсыздандыруу келишимдери боюнча тобокелдиктин бошотулушун эсепке алуу менен аныкталышы керек.

C15. Эгерде C12 - C14-пункттардын колдонулушу баштапкы таануу күнүнө карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын пайда болушуна алып келсе, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны аныктоо үчүн өтүү күнүнө карата ишкана төмөнкүлөргө тийиш:

(a) эгерде ишкана баштапкы таанууда колдонулган дисконттоонун ставкаларын баалоо үчүн C13-пунктту колдонсо, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржага пайыздарды кошуп эсептөө үчүн ушул ставкаларды колдонууга; жана

(b) C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде, өтүү күнүнө чейин кызмат көрсөтүүлөрүн өткөрүп берүүнүн натыйжасында пайданын же зыяндын курамында таанылган, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын өлчөмүн, ушул күнгө карата камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бирдиктерин жана өтүү күнүнө чейин келишимдердин тобу боюнча

© ФОЭС Фонду

берилген камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктерин салыштыруу жолу менен аныктоого (B119-пунктту караңыз).

C16. Эгерде C12 - C14-пункттардын колдонулушу баштапкы таануу күнүнө карата камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентинин пайда болушуна алып келсе, ишкана өтүү күнүнө чейин зыяндын компонентине кошулган кандай болбосун суммаларды, C12 - C14-пункттарды колдонуп жана бөлүштүрүүнүн системалык методун колдонуп, аныкташы керек.

## Тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны же зыяндын компонентин аныктоо

C17. C8-пунктта уруксат берилген деңгээлде, ишкана тикелей катышуу шарттары менен келишимдер үчүн өтүү күнүнө карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны же камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентин төмөнкүлөр катары аныкташы керек:

(a) ошол күнгө карата базалык беренелердин жалпы адилет наркы;

(b) минус ошол күнгө келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдары;

(c) плюс же минус төмөнкүлөргө оңдоп-түзөө:

(i) ушул күнгө чейин камсыздандыруу полистерин кармоочулар тарабынан төлөнгөн суммаларга (базалык беренелерден алып салынган суммаларды кошуп);

(ii) ушул күнгө чейин төлөнгөн, өзгөрүлмөлүүлүгү базалык беренелерге байланыштуу болбогон суммаларга;

(iii) ошол күнгө чейин тобокелдиктин бошотулушу менен келтирилген финансылык эмес тобокелдикке карата тобокелдик түзөтүүнүн өзгөртүүсүнө. Ишкана ушул сумманы ишкана өтүү күнүнө карата чыгарган окшош камсыздандыруу келишимдери боюнча тобокелдиктин бошотулушун эсепке алуу менен эсептеши керек;

(d) эгерде (a) – (c) пунктачаларын колдонуунун натыйжасында келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржа пайда болсо – ошол күнгө чейин берилген кызмат көрсөтүүлөрүнө таандык, келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын өлчөмүн кемитүү. (a) – (c) пунктачаларынын жалпы суммасы келишимдердин ушул тобунда каралган, башкача айтканда берилген кызмат көрсөтүүлөр үчүн суммалар пайданын же зыяндын курамында таанылганга чейин, бардык кызмат көрсөтүүлөрүнө карата келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржанын жалпы өлчөмүнүн чамалуу мааниси саналат. Ишкана берилген кызмат көрсөтүүлөрү үчүн пайданын же зыяндын курамында таанылган суммаларды өтүү күнүнө карата камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бирдиктерин жана өтүү күнүнө чейин келишимдердин тобу боюнча берилген камсыздандыруу төлөмдөрүнүн бирдиктерин салыштыруу аркылуу аныкташы керек; же болбосо

(e) (a) - (c) пунктчаларын колдонуунун натыйжасында зыяндын компоненти пайда болсо – зыяндын компонентин нөлгө чейин оңдоп-түзөө жана зыяндын компонентин жокко чыгарган, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенмени ошондой эле суммага көбөйтүү.

## Камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар

C18. C10-пунктка ылайык, бир жылдан ашык айырма менен чыгарылган келишимдерди камтыган камсыздандыруу келишимдеринин топторуна карата:

(a) ишканага, B72(b) - B72(e)(ii)-пункттарында белгиленген топторду баштапкы таануу күнүнө карата дисконттоо ставкаларын жана B72(e)(iii)-пунктунда белгиленген, камсыздандыруу боюнча дооматтар пайда болгон күнгө карата дисконттоо ставкаларын баштапкы таануу күнүнүн ордуна өтүү күнүнө же камсыздандыруу боюнча дооматтар пайда болгон күнгө карата аныктоого уруксат берилет;

(b) эгерде ишкана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган суммаларга жана 88(b) же 89(b)-пункттарына ылайык башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган суммаларга дезагрегациялоо чечимин кабыл алса, ишкана 91(a)-пунктун келечектеги мезгилдерде колдонуу үчүн өтүү күнүнө карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын жыйынды суммасын аныкташы керек. Ишканага ушул жыйынды айырманы же C19(b)-пунктуна ылайык, же төмөнкүлөргө ылайык аныктоого уруксат берилет:

(i) (ii) пунктчасын колдонуу учурларынан тышкары, нөл катары; жана

(ii) B134-пункт колдонулган тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдери үчүн, базалык беренелерге карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жыйынды суммага барабар катары.

C19. Бир жылдан ашык айырма менен чыгарылган келишимдерди камтыбаган камсыздандыруу келишимдеринин топторуна колдонуу:

(a) эгерде баштапкы таануу күнүнө карата (же андан кийин) колдонулган дисконттоо ставкаларын аныктоо үчүн ишкана C13-пунктту колдонсо, ал ошондой эле, C13-пунктка ылайык, B72(b) - B72(e)-пункттарында белгиленген дисконттоо ставкаларын да аныкташы керек; жана

(b) эгерде ишкана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган суммаларга жана 88(b) же 89(b)-пункттарына ылайык башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган суммаларга дезагрегациялоо чечимин кабыл алса, ишкана 91(a)-пунктун келечектеги мезгилдерде колдонуу үчүн өтүү күнүнө карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелердин же чыгашалардын жыйынды суммасын аныкташы керек. Ишкана ушул жыйынды айырманы аныкташы керек:

(i) ишкана B131-пунктта белгиленген системалык бөлүштүрүү методдорун колдоно турган камсыздандыруу келишимдери үчүн, эгерде ишкана C13-пунктту баштапкы таануу күнүнө карата дисконттоонун ставкаларын аныктоо үчүн колдонсо – ошондой эле C13-пунктту колдонуп, баштапкы таануу күнүнө карата колдонулган дисконттоонун ставкаларын колдонуу менен;

(ii) ишкана B132-пунктта белгиленген системалуу бөлүштүрүү методун колдоно турган камсыздандыруу келишимдери үчүн, - финансылык тобокелдикке таандык жана баштапкы таануу күнүнө карата колдонулган божомолдор болуп өтүү күнүнө карата колдонулган божомолдор саналган негизде, башкача айтканда нөлгө барабар катары;

(iii) ишкана B133-пунктта белгиленген системалуу бөлүштүрүү методун колдоно турган камсыздандыруу келишимдери үчүн, эгерде ишкана C13-пунктту баштапкы таануу күнүнө карата (же андан кийин)

дисконттоо ставкаларын аныктоо үчүн колдонсо, - ошондой эле С13-пунктту колдонуп, камсыздандыруу чыгымы пайда болгон күнүнө карата колдонулган дисконттоо ставкаларын колдонуу менен; жана

(iv) В134-пункт колдонулган тикелей катышуу шарттары менен келишимдер үчүн – базалык беренелерге карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жыйынды суммага барабар катары.

## Адилет нарктын негизиндеги ыкма

С20. Адилет нарктын негизинде ыкманы колдонуу үчүн ишкана келишимде каралган кызмат көрсөтүүлөрү үчүн маржаны же өтүү күнүнө карата камсыздандыруу төлөмдөрүнүн калган бөлүгү боюнча милдеттенменин курамындагы зыяндын компонентин ошол күнгө карата камсыздандыруу келишимдеринин тобунун адилет наркынын жана ошол күнгө эсептелген келишимдерди аткаруу боюнча акча каражаттарынын агымдарынын ортосундагы айырма катары аныкташы керек. Адилет наркты аныктоодо ишкана "*Адилет наркты баалоо*" ФОЭС (IFRS) 13түн 47-пунктунун талаптарын (талап боюнча төлөө шарттарына тийиштүү) колдонбойт.

С21. Адилет нарктын негизинде ыкманы колдонууда ишкана С22-пунктту төмөнкүлөрдү аныктоо үчүн колдонушу мүмкүн:

(a) 14-24-пункттарга ылайык, камсыздандыруу келишимдеринин топторун кантип идентификациялоо керектигин;

(b) В101 - В109-пункттарга ылайык, камсыздандыруу келишими тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишиминин аныктамасына жооп берээрин; жана

(c) В98 - В100-пункттарга ылайык, тикелей катышуу шарттарысыз камсыздандыруу келишимдери боюнча дискрециялык акча каражаттарынын агымдарын кантип идентификациялашы керектигин.

С22. Ишкана, 21-пунктта белгиленген аспекттерди төмөнкүлөрдү колдонуу менен аныктоо чечимин кабыл алууга укуктуу:

(a) Ишкана, жагдайга жараша, колдонулушунун башталуу же баштапкы таануу күнүнө карата келишимдин шарттарын жана рыноктук шарттарды эске алып, аныктагандыгына карата негизделген жана ырасталган маалыматты; же болбосо

(b) өтүү күнүнө карата жеткиликтүү негизделген жана ырасталган маалыматты.

С23. Адилет нарктын негизинде ыкманы колдонууда ишкана 22-пунктту колдонууга милдеттүү эмес жана бир жылдан ашык айырма менен чыгарылган келишимдерди топко кошууга укуктуу. Ишкана, анда мындай бөлүүгө негизделген жана ырасталган маалыматы бар болсо, келишимдердин топторун бир жылдын ичинде (же андан кем) чыгарылган келишимдерди гана камтыгандарга бөлүшү керек. Ишкана 22-пунктту колдонгондугуна карабастан, ага, өтүү күнүнө карата баштапкы таануу же камсыздандыруу чыгымы пайда болгон күнүнүн ордуна, В72(b) - В72(e)(ii)-пункттарында белгиленген, келишимдердин тобун баштапкы таануу күнүнө карата дисконттоо ставкаларын, жана В72(e)(iii)-пунктунда белгиленген, камсыздандыруу чыгымы пайда болгон күнгө карата дисконттоо ставкаларын аныктоого уруксат берилет.

С24. Адилет нарктын негизинде ыкманы колдонууда, эгерде ишкана камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелерди же чыгашаларды пайданын же зыяндын курамында чагылдырылган суммаларга жана башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган суммаларга дезагрегациялоо чечимин кабыл алса, ага камсыздандыруу боюнча кирешелердин же чыгашалардын, өтүү күнүнө карата

башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жыйынды суммасын аныктоого уруксат берилет:

(a) ретроспективдүү – бирок анда ушул үчүн негизделген жана ырасталган маалымат бар болгондо гана; же болбосо

(b) нөлдүк өлчөмдө – (c) пунктчасы колдонулган учурлардан тышкары; жана

(c) B134-пункт колдонулган тикелей катышуу шарттары менен келишимдер үчүн, - базалык беренелерге карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жыйынды суммага барабар сумма катары.

## Салыштырмалуу маалымат

C25. C2(b)-пунктунда камтылган, баштапкы колдонуу күнүнө чейинки жылдык отчеттук мезгилге көрсөтмөлөргө карабастан, ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ишкана көрсөтүлгөн алда канча эрте мезгилдер үчүн оңдоп-түзөтүлгөн салыштырмалуу маалыматты берүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилдер үчүн оңдоп-түзөтүлгөн салыштырмалуу маалыматты берсе, анда C2(b)-пунктундагы «баштапкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык отчеттук мезгилдин башталышына» бардык көрсөтмөлөр «көрсөтүлгөн оңдоп-түзөлгөн салыштырмалуу мезгилдердин эң эртесинин башталышына» көрсөтмө катары каралышы керек.

C26. Ишкана баштапкы колдонуу күнүнө чейинки жылдык отчеттук мезгилдин башталышына чейин берилген, 93-132-пункттарда белгиленген, кандай болбосун мезгилге карата маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес.

C27. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилдер үчүн оңдоп-түзөтүлбөгөн салыштырмалуу маалыматты берсе, ал оңдоп-түзөтүлбөгөн маалыматты так идетификациялап, мындай маалымат башка негизде даярдалгандыгын белгилеши жана мындай маалыматты даярдоонун негизине карата түшүндүрмөлөрдү бериши керек.

C28. Ишкана, ФОЭС (IFRS) 17ни алгачкы колдонгон жылдык отчеттук мезгил аяктаганга чейин беш жыл мурда пайда болгон дооматтар (камсыздандыруу чыгымдары) жөнүндө мурда жарыяланбаган маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес. Бирок, ишкана ушул маалыматты ачып көрсөтпөсө да, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керк.

## Ишкананын каалоосу боюнча финансылык активдердин классификациясынын өзгөрүүсү

C29. ФОЭС (IFRS) 17ни алгачкы колдонууга чейин жылдык отчеттук мезгилдерге карата ФОЭС (IFRS) 9ду колдонгон ишкана ФОЭС (IFRS) 17нин алгачкы колдонуу күнүнө карата:

(a) тиешелүү критерийлерге ылайык келген финансылык актив ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2(a)-пунктундагы же 4.1.2A(a)-пунктундагы шартка жооп бергендигине кайталап талдоо жүргүзүүгө укуктуу. Финансылык актив, эгерде ушул финансылык актив ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдер менен байланыштуу эмес ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн кармалып турбаса, критерийлерге ылайык келген болуп саналат. Кайталаган талдоо үчүн критерийлерди канааттандырбаган финансылык активдердин мисалдары болуп банктык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн кармалып турган финансылык активдер, же ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык эмес инвестициялык келишимдер менен байланыштуу фонддордун алкагында кармалып турган финансылык активдер саналат;

(b) эгерде ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуунун натыйжасында ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.5-пунктунун шарты башка аткарылбай калса, финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары өз ыктыяры боюнча классификациялоо жөнүндө буга чейинки чечимин жокко чыгарышы керек;

(c) эгерде ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.5-пунктунун шарты аткарылып жатса, финансылык активди пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары өз ыктыяры боюнча классификациялоого укуктуу;

(d) ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык, үлүштүк инструментке инвестицияны башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары өз ыктыяры боюнча классификациялоого укуктуу;

(e) ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.5-пунктуна ылайык, үлүштүк инструментке инвестицияны башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары өз ыктыяры боюнча классификациялоо жөнүндө буга чейинки чечимин жокко чыгарууга укуктуу.

C30. Ишкана, ФОЭС (IFRS) 17нин алгачкы колдонуу күнүнө карата бар болгон фактылардан жана жагдайлардан улам C29-пунктту колдонушу керек. Ишкана өз ыктыяры боюнча классификациялоо жөнүндө чечимдерди жана талап кылынган классификацияларды ретроспективдик колдонушу керек. Мында ишкана ФОЭС (IFRS) 9да каралган бардык жөндүү өтмө талаптарды колдонушу керек. Ушул максат үчүн алгачкы колдонуу күнү катары ФОЭС (IFRS) 17нин алгачкы колдонуу күнү саналышы керек.

C31. C29-пунктту колдонгон ишкана мындай өзгөртүүлөрдү өз ыктыяры боюнча классификациялоодо же талап кылынган классификациялоодо чагылдыруу үчүн өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептөөгө милдеттүү эмес. Эгерде мындай кайра эсептөө мындан кийинки маалыматты колдонуусуз мүмкүн болгон учурда гана ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептөөнү жүргүзө алат. Эгерде ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептесе, анда кайра эсептелген финансылык отчеттуулук мындай эсептелген финансылык активдерге карата ФОЭС (IFRS) 9дун бардык талаптарын чагылдырышы керек. Эгерде ишкана өткөн мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептебесе, ал алгачкы колдонуу күнүнө карата баштапкы бөлүштүрүлбөгөн пайданын (же, жагдайга жараша, өздүк капиталдын башка компонентинин) курамында төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы таанышы керек:

(a) ушул финансылык активдердин мурдагы балanстык наркынын; жана

(b) алгачкы колдонуу күнүнө карата ушул финансылык активдердин баланстык наркынын.

C32. Эгерде ишкана C29-пунктту колдонсо, ал жылдык отчеттук мезгилде финансылык активдердин классы боюнча төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) C29(a)-пункту колдонулса – критерийлерге ылайык келген финансылык активдерди аныктоо үчүн негизди;

(b) C29(a) - C29(e)-пункттарынын бири колдонулса:

(i) ФОЭС (IFRS) 17нин алгачкы колдонуу күнүнүн алдында аныкталган эсептелген финансылык активдердин баалоо категориясын жана баланстык наркын; жана

(ii) C29-пунктту колдонуудан кийин аныкталган эсептелген финансылык активдердин жаңы баалоо категориясын жана баланстык наркын;

(d) эгерде C29(b)-пункту колдонулса - ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.5-пунктуна ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары ишкананын ыктыяры боюнча мурда классификацияланган жана башка минтип

классификацияланбаган, финансылык абал жөнүндө отчеттогу финансылык активдердин балanстык наркын.

C33. Эгерде ишкана C29-пунктту колдонсо, ишкана жылдык отчеттук мезгилде финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына төмөнкүлөрдү түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген сыпаттоочу маалыматты ачып көрсөтүшү керек:

(a) ФОЭС (IFRS) 17ни алгачкы колдонууда классификациясы өзгөргөн финансылык активдерге карата ал C29-пунктту кантип колдонгондугун;

(b) ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.5-пунктуна ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары өз ыктыяры боюнча классификациялоонун же мындай классификациялоону жокко чыгаруунун себептери кандай экендигин; жана

(b) ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2(a) же 4.1.2A(a)-пункттарына ылайык жаңы баалоодо эмне үчүн ишкана башка корутундуларга келгендигин.

## ФОЭСтин башка стандарттарынын колдонулушун токтотуу

C34. ФОЭС (IFRS) 17 2016-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен, "*Камсыздандыруу келишимдери*" ФОЭС (IFRS) 4тү алмаштырат.

## D тиркемеси

## ФОЭСтин БАШКА СТАНДАРТТАРЫНА ТҮЗӨТҮҮЛӨР

*Ушул тиркемеде «Камсыздандыруу келишимдери» ФОЭС (IFRS) 17 үстүндө жумуш аяктагандан кийин Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеши тарабынан киргизилген башка стандарттарга түзөтүүлөр сыпатталган. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу менен бир убакта колдонушу керек.*

*Ишканага "Финансылык инструменттер" ФОЭС (IFRS) 9ду жана "Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше"* ФОЭС (IFRS) 15ти колдонгонго чейин ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууга уруксат берилбейт (C1-пунктту караңыз). *Мындан улам, башкасы белгиленбесе, ушул тиркемедеги түзөтүүлөр ФОЭС (IFRS) 9 жана ФОЭС (IFRS) 15 тарабынан киргизилген өзгөртүүлөр менен 2017-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген стандарттардын текстинин негизинде берилген.*

## *"Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу"* ФОЭС (IFRS) 1

39AE-пункту киргизилсин.

### Күчүнө кирүү күнү

39AE 2017-жылдын майында чыгарылган *"Камсыздандыруу келишимдери"* ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан B1 жана D1-пункттарына түзөтүүлөр киргизилген, D4-пункттун алдында аталыш жана D4-пункт алып салынган жана B12-пункттан кийинки аталыш жана B13-пункт кошулган. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу менен бир убакта колдонушу керек.

*B тиркемесиндеги B1-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. B12-пункттан кийин аталыш жана B13-пункт кошулган.*

## B тиркемеси

## Башка ФОЭСтерди ретроспективдүү колдонуудан өзгөчө учурлар

B1 Ишкана төмөнкүдөй өзгөчө учурларды колдонушу керек:

(a) …

(f) камтылган туунду инструменттерди (B9-пункт);

(g) мамлекеттик зайымдарды (B10 – B12-пункттар); жана

(h) камсыздандыруу келишимдерин (B13-пункт).

### Камсыздандыруу келишимдери

B13. ФОЭС (IFRS) 17ге карата C1 – C24 жана C28-пункттарынын өткөөл жоболорун C тиркемесиндеги ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимге

карата колдонуу керек. ФОЭС (IFRS) 17деги ошол пункттардагы шилтемелерди ФОЭСке өтүү күнү катары окуу керек.

D тиркемесинде D1-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген, ал эми D4-пункт жана тийиштүү аталыш алып салынган. Жаңы тексттин алды сызылып коюлат, ал эми алып салынган текст чийип салынган.

## D тиркемеси.

## Башка ФОЭСтерден бошотуулар

...

D1 Ишкана бир же бир нече төмөнкүдөй бошотууларды тандап алышы мүмкүн:

(a) …

(b) [алып салынган]

(c) …

## Камсыздандыруу келишимдери – Алып салынган

D4 [Алып салынган]

© ФОЭС Фонду

## *«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3

| |
|---|
| 17, 20, 21 жана 35-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы текстин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 31-пункттан кийин аталыш жана 31А-пункту кошулган. 64N-пункту кошулган. |

*Бизнести бириктирүүдө идентификацияланууучу сатып алынган активдерди жана кабыл алынган милдеттенмелерди классификациялоо же аныктоо*

...

17. Ушул ФОЭС 15-пунктта баяндалган принциптен өзгөчө учурду карайт:

(a) «*Ижара*» ФОЭС (IAS) 17ге ылайык, ижара келишимдерин же операциялык ижара, же финансылык ижара катары классификациялоо;

(b) [алып салынган].

Сатып алуучу келишимдин колдонулушунун башында келишимдик шарттардын жана факторлордун негизинде ушул келишимдерди классификациялашы керек (же, эгерде келишимдин шарттары, сатып алуунун күнү болушу мүмкүн болгон модификациялоо учуруна карата анын классификациясын өзгөрткөндөй кылып, модификацияланса).

### Баалоо принциби

20. 24–31А-пункттары, ушул ФОЭСте баалоо принцибинен чектелген өзгөчө учурлар каралган беренелерди камтыган идентификацияланууучу активдердин жана милдеттенмелердин типтерин аныктайт.

### Таануу же баалоо принциптеринен өзгөчө учурлар

21. Ушул ФОЭСте таануу жана баалоо принциптеринен чектелген өзгөчө учурлар көрсөтүлгөн. 22–31А-пункттарында өзгөчө учурлар каралган конкреттүү беренелер да, ушул өзгөчө учурлардын мүнөзү да белгиленген. Сатып алуучу 22-31А-пункттарынын талаптарын колдонуп, ушул беренелерди эсепке алышы керек, анын натыйжасында айрым беренелер:

...

### Камсыздандыруу келишимдери

31А. Сатып алуучу «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык, бизнести бириктирүүдө сатып алынган келишимдердин тобун, сатып алуу күнүнө карата ФОЭС (IFRS) 17нин 39 жана В93 – В95-пункттарына ылайык милдеттенме же актив катары баалашы керек.

### Пайдалуу сатып алуулар

35. Пайдалуу сатып алуу, мисалы, сатуучу мажбурлоо боюнча аракет кылган мажбурлоо менен сатып алууну билдирген бизнести бириктирүүдө, болуп өтүшү мүмкүн. Бирок, 22–31А-пункттарда талкууланган белгилүү беренелер үчүн таанууга жана баалоого карата өзгөчө учурлар да пайдалуу сатып алууда пайданы таанууга (же таанылган пайданын суммасынын өзгөрүүсүнө) алып келиши мүмкүн.

….

© ФОЭС Фонду

### Күчүнө кирүү күнү

…..

64N 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 17, 20, 21, 35 жана B63-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген, ал эми 31-пункттан кийин аталыш жана 31A-пункту кошулган. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

В тиркемесинде B63-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган.

## Кийинки баалоо жана эсепке алуу боюнча колдонмону камтыган башка ФОЭСтер (54-пунктту колдонуу)

B63. Бизнести бириктирүүдө сатып алынган активдерди жана кабыл алынган же жүктөлгөн милдеттенмелерди кийинки баалоо жана эсепке алуу боюнча колдонмо берилген башка ФОЭСтердин мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) …

(b) [алып салынган]

(c) …

© ФОЭС Фонду

## *«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3 (ФОЭС (IFRS) 16га түзөтүүлөр)

17, 20, 21 жана 35-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 31-пункттан кийин аталыш жана 31А-пункту кошулган. 64N-пункту кошулган.

*Бизнести бириктирүүдө идентификацияланууучу сатып алынган активдерди жана кабыл алынган милдеттенмелерди классификациялоо же аныктоо*

17. Ушул ФОЭСте 15-пунктта баяндалган принциптен өзгөчө учур каралган:

(a) сатып алынуучу ишкана ижарага берүүчү болуп саналган ижара келишимин, *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16га ылайык, операциялык ижара же финансылык ижара катары классификациялоо;

(b) [алып кылынган]

Сатып алуучу ушул келишимдерди келишимдин колдонулушунун башталышында келишимдик шарттардын жана башка факторлордун негизинде классификациялашы керек (же, эгерде келишимдин шарттары, сатып алуунун күнү болушу мүмкүн болгон модификациялоо учуруна карата анын классификациясын өзгөрткөндөй кылып, модификацияланса).

…

### Баалоо принциби

…

20. 24-31А-пункттары, ушул ФОЭСте каралган баалоо принцибинен чектелген өзгөчө учурлар каралган беренелерди камтыган идентификацияланууучу активдердин жана милдеттенмелердин типтерин аныктайт.

### Таануу же баалоо принциптеринен өзгөчө учурлар

21. Ушул ФОЭСте таануу жана баалоо принциптеринен чектелген өзгөчө учурлар берилген. 22–31А-пункттарында өзгөчө учурлар каралган конкреттүү беренелер да, ушул өзгөчө учурлардын мүнөзү да белгиленген. Сатып алуучу 22–31А пункттарынын талаптарын колдонуп, ушул беренелерди эсепке алышы керек, анын натыйжасында айрым беренелер:

...

### Камсыздандыруу келишимдери

31А. Сатып алуучу, *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык, бизнести бириктирүүдө сатып алынган келишимдердин тобун сатып алуу күнүнө карата, ФОЭС (IFRS) 17нин 39 жана B93 – B95-пункттарына ылайык, милдеттенме же актив катары баалашы керек.

…

### Пайдалуу сатып алуулар

35. Пайдалуу сатып алуу, мисалы, сатуучу мажбурлоо боюнча аракет кылган мажбурлоо менен сатып алууну билдирген бизнести бириктирүүдө, болуп өтүшү мүмкүн. Бирок 22 – 31А-пункттарында талкууланган белгилүү беренелер үчүн таанууга жана баалоого карата өзгөчө учурлар да пайдалуу сатып алууда пайданы таанууга (же таанылган пайданын суммасынын өзгөрүүсүнө) алып келиши мүмкүн.

### Күчүнө кирүү күнү

…

64N 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 17, 20, 21, 35 жана B63-пункттарына түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

*В тиркемесиндеги B63-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган.*

## Кийинки баалоо жана эсепке алуу боюнча колдонмону камтыган башка ФОЭСтер (54-пунктту колдонуу)

B63. Бизнести бириктирүүдө сатып алынган активдерди жана кабыл алынган же жүктөлгөн милдеттенмелерди кийинки баалоо жана эсепке алуу боюнча колдонмо берилген башка ФОЭСтердин мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) …

(b) [алып салынган]

(c) …

## *«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5

5-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 44М-пункту кошулган.

## Колдонуу чөйрөсү

...

5. Баалоо боюнча ушул ФОЭСтин жоболору [сноска түшүрүлгөн] келтирилген ФОЭСтерде камтылган төмөнкүдөй активдерге карата, өзүнчө активдер катары да, чыгып жаткан топтун бөлүгү катары да колдонулбайт:

(a) …

(f) *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдердин топтору.

## Күчүнө кирүү күнү

…

44М. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 5-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

***«Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 7**

3, 8 и 29-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. 30-пункт алып салынган. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 44DD-пункту кошулган.

## Колдонуу чөйрөсү

3 Ушул ФОЭС төмөнкүлөрдөн тышкары, финансылык инструменттердин бардык типтерине карата бардык ишканалар тарабынан колдонулушу керек:

(a) …

(d) *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерден. Бирок, ушул ФОЭС төмөнкүлөргө карата колдонулат:

(i) эгерде ФОЭС (IFRS) 9 ишкана аларды өз-өзүнчө эсепке алышын талап кылса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге камтылган туунду инструменттерге; жана

(ii) эгерде ФОЭС (IFRS) 17 ушундай бөлүштүрүүнү талап кылса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерден бөлүнгөн инвестициялык компоненттерге.

Андан тышкары, *финансылык кепилдик келишимдерин* чыгарган тарап, эгерде ал мындай келишимдерди таанууда жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 9ду колдонсо, бирок ушул тарап ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууга тийиш болсо, эгер ФОЭС (IFRS) 17нин 7(е)-пунктуна ылайык, ФОЭС (IFRS) 17ге ылайык аларды таануу жана баалоо боюнча чечим кабыл алса, бул келишимдерге карата ушул ФОЭСти колдонууга тийиш.

(e) …

### Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин категориялары

8. ФОЭС (IFRS) 9 белгиленгендей, төмөнкүдөй категориялардын ар биринин баланстык наркы же финансылык абал жөнүндө отчетто же эскетүүлөрдө ачып көрсөтүлүшү керек:

(a) (i) ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.1-пунктуна ылайык, баштапкы таанууда же андан кийин ошондой болуп аныкталгандарды, (ii) ФОЭС (IFRS) 9дун 3.3.5-пунктуна ылайык, ошондой болуп баалангандарды, (iii) ФОЭС (IAS) 32нин 33А-пунктуна ылайык, ошондой болуп баалангандарды, жана (iv) ФОЭС (IFRS) 9га ылайык, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча милдеттүү түрдө баалангандарды өзүнчө көрсөтүп, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдерди.

(b) …

## Адилет нарк

…

29. Адилет наркты ачып көрсөтүү төмөнкүлөргө талап кылынбайт:

(a) …

(c) [алып салынган]

(d) [алып салынган]

30. [алып салынган]

## Күчүнө кирүү күнү жана жаңы стандарттарга өтүү

...

44DD. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 3, 8 жана 29-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизген жана 30-пунктту алып салган. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонгондо ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

## *«Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 7 (ФОЭС (IFRS) 16га киргизилген түзөтүүлөр менен)

3, 8 жана 29-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. 30-пункт алып салынган. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 44DD-пункту кошулган.

## Колдонуу чөйрөсү

3. Ушул ФОЭС, төмөнкүлөрдөн тышкары, финансылык инструменттердин бардык типтерине карата бардык ишканалар тарабынан колдонулушу керек:

(a) …

(d) *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерден. Бирок ушул ФОЭС төмөнкүлөргө карата колдонулат:

(i) эгерде ФОЭС (IFRS) 9 ишкана аларды өз-өзүнчө эсепке алышын талап кылса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге камтылган туунду инструменттерге; жана

(ii) эгерде ФОЭС (IFRS) 17 ушундай бөлүштүрүүнү талап кылса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуусуна кирген келишимдерден бөлүнгөн инвестициялык компоненттерге.

Андан тышкары, *финансылык кепилдик келишимдерин* чыгарган тарап, эгерде ал мындай келишимдерди таанууда жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 9ду колдонсо, бирок ушул тарап ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууга тийиш болсо, эгер ФОЭС (IFRS) 17нин 7(е)-пунктуна ылайык, ФОЭС (IFRS) 17ге ылайык аларды таануу жана баалоо боюнча чечим кабыл алса, бул келишимдерге карата ушул ФОЭСти колдонууга тийиш.

(e) …

### Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин категориялары

8. ФОЭС (IFRS) 9 белгиленгендей, төмөнкүдөй категориялардын ар биринин балanстык наркы же финансылык абал жөнүндө отчетто же эскетүүлөрдө ачып көрсөтүлүшү керек:

(a) (i) ФОЭС (IFRS) 9дун 6.7.1-пунктуна ылайык, баштапкы таанууда же андан кийин ошондой болуп аныкталгандарды, (ii) ФОЭС (IFRS) 9дун 3.3.5-пунктуна ылайык, ошондой болуп баалангандарды, (iii) ФОЭС (IAS) 32нин 33А-пунктуна ылайык, ошондой болуп баалангандарды, жана (iv) ФОЭС (IFRS) 9 ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча милдеттүү түрдө баалангандарды өзүнчө көрсөтүп, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган финансылык активдерди.

(b) …

## Адилет нарк

...

29. Адилет наркты ачып көрсөтүү төмөнкүлөргө талап кылынбайт:

(a) балансtык нарк адилет наркка жөндүү жакындатуу болуп саналганда, мисалы, кыска мөөнөттүү соода боюнча дебитордук карыз жана кредитордук карыз сыяктуу финансылык инструменттер үчүн;

(b) [алып салынган]

(c) [алып салынган]

(d) ижара боюнча милдеттенмелер үчүн.

30. [алып салынган].

## Күчүнө кирүү күнү жана жаңы стандарттарга өтүү

…

44DD. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 3, 8 жана 29-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизген жана 30-пунктту алып салган. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонгондо ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9

| |
|---|
| 2.1-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 3.3.5 жана 7.1.6-пункттары толукталган. |

## 2-глава. Колдонуу чөйрөсү

**2.1 Ушул стандарт, төмөнкүлөрдөн тышкары, финансылык инструменттердин бардык типтерине карата бардык ишканалар тарабынан колдонулушу керек:**

**(а) …**

**(е) «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу чөйрөсүнө кирген келишим боюнча пайда болгон, финансылык кепилдик келишиминин аныктамасына ылайык келген камсыздандыруу келишими боюнча пайда болгон эмитенттин укуктарынан жана милдеттенмелеринен тышкары, укуктар жана милдеттер. Бирок ушул стандарт, эгерде туунду инструменттин өзү ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүндөгү келишим болуп саналбаса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген (i) келишимге камтылган туунду инструментке карата, жана <u>(ii) эгерде ФОЭС (IFRS) 17 мындай бөлүнүүнү талап кылбаса, ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимден бөлүнүүчү инвестициялык компонентке карата колдонулат.</u> Анын үстүнө, финансылык кепилдик келишимдеринин эмитенти, ал ушул келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катары карагандыгы жөнүндө мурда ачык жарыялаcard, жана камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулчу эсепке алууну колдонсо, эмитент финансылык кепилдиктин ушул келишимдерине карата ушул стандартты же ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн (B2.5 – B2.6-пункттарын караңыз). Эмитент ушул шайлоо келишимин келишим боюнча түзүшү мүмкүн, бирок ар бир келишимди тандап алуу чакыртып алуусуз болуп саналат.**

## 3.3 Финансылык милдеттенмелерди таанууну токтотуу

3.3.5 Айрым ишканалар, инвесторлорго фонддогу пайлар менен аныкталган пайдаларды алып келген ички же тышкы инвестициялык фонддорду башкарат. Ошондой эле, айрым ишканалар тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топторун чыгарат, жана ошол ишканалар тийиштүү беренелерге ээлик кылат. Ошондой фонддордун айрымдары же базалык беренелер ишкананын финансылык милдеттенмесин камтыйт (мисалы, чыгарылган корпоративдик облигацияларды). Финансылык милдеттенмелерди таанууну токтотууга карата ушул стандарттын башка талаптарына карабастан, ишкана ушундай фонд боюнча өзүнүн финансылык милдеттенмесин сатып алганда гана, ишкана ушундай фондго киргизилген же базалык берене болуп саналган өзүнүн финансылык милдеттенмесин токтотпоону чечиши мүмкүн. Анын ордуна ишкана ушул инструментти финансылык милдеттенме катары эсепке алууну улантууну чечип, инструмент финансылык актив болгондой эле, сатып алынган инструментти эсепке алышы жана аны ушул стандартка ылайык, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалашы мүмкүн. Ушул тандоо чакыртып алуусуз болуп саналат жана ар бир инструмент үчүн өз-өзүнчө кылынат. Ушул тандоонун максаттары үчүн камсыздандыруу келишимдери дискрециялык катышуу шарттары менен

инвестициялык келишимдерди камтыйт. (Ушул пунктта колдонулган, ушул стандартта аныкталган терминдерди ФОЭС (IFRS) 17де караңыз.)

…

## 7.1 Күчүнө кирүү күнү

…

7.1.6 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 2.1, B2.1, B2.4, B2.5 жана B4.1.30-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизген жана 3.3.5-пунктту кошкон. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

| |
|---|
| В тиркемесинде B2.1, B2.4, B2.5 жана B4.1.30-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тесттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. |

## Колдонуу чөйрөсү. (2-глава)

B2.1 Айрым келишимдер климаттык, геологиялык же башка физикалык өзгөрүлмөлөрдүн негизинде төлөөнү талап кылат. (Климаттык өзгөрүлмөлөргө негизделген келишимдерди кээ бирде «метеорологиялык туунду инструменттер» деп аташат). Эгерде ушул келишимдер *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17ни колдонуу чөйрөсүнө кирбесе, алар ушул стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирет.

…

B2.4 Ушул стандарт, 2.1(е)-пунктунда алып салынган укуктардан жана милдеттенмелерден тышкары, камсыздандыруучулардын финансылык активдерине жана финансылык милдеттенмелерине карата колдонулат, анткени алар ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдер боюнча пайда болот.

B2.5 Финансылык кепилдик келишимдери кепилдик, аккредитивдердин айрым түрлөрү, кредиттик дефолт келишими жана камсыздандыруу келишими сыяктуу ар кандай юридикалык формаларда болушу мүмкүн. Алардын бухгалтердик эсеби алардын юридикалык формасына байланыштуу. Төмөндө тийиштүү иштетүүнүн мисалдары келтирилген (2.1(е)-пунктун караңыз):

(a) Финансылык кепилдик келишими ФОЭС (IFRS) 17деги камсыздандыруу келишиминин аныктамасына ылайык келсе дагы (ФОЭС (IFRS) 17нин 7(е)-пунктун караңыз), өткөрүлүп берилген тобокелдик олуттуу болуп саналса, эмитент ушул стандартты колдонот. Ага карабастан, эгерде эмитент мурда мындай келишимдерди камсыздандыруу келишимдери катары карагандыгы тууралуу ачык жарыяласа, жана камсыздандыруу келишимдерине карата колдонулчу эсепке алууну колдонсо, эмитент мындай финансылык кепилдик келишимдерине карата ушул стандартты же ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууну тандап алса болот. ...

(b) Айрым кредиттик кепилдиктер төлөмдүн алдын ала шарты катары кармоочу тобокелдикке кабылгандыгын жана карызкордун белгиленген мөөнөттө кепилденген актив боюнча төлөмдөрдү төлөөгө мүмкүнчүлүгү жок болгондугуна байланыштуу зыян тарткандыгын талап кылбайт. Мындай кепилдиктин мисалы болуп белгилүү кредиттик рейтингдин же кредиттик индекстин өзгөрүүсүнө жооп кайтаруу катары төлөмдөрдү талап кылган кепилдик саналат. Мындай кепилдиктер ушул стандартта аныкталгандай, финансылык кепилдик келишимдери болуп саналбайт, жана ФОЭС (IFRS) 17де аныкталгандай, камсыздандыруу келишимдери болуп саналбайт.

Мындай кепилдиктер туунду финансылык инструмент болуп саналат жана эмитент аларга карата ушул стандартты колдонот.

(c) …

## Багыттоо эсептеги шайкеш эместикти четтетет же олуттуу кыскартат

**…**

B4.1.30 Төмөндөгү мисалдар ушул шарт качан аткарылышы мүмкүн болгондугун көрсөтөт. Бардык учурларда ишкана ушул шартты финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди, бул 4.1.5 же 4.2.2(a)-пункттарында баяндалган принципке ылайык келсе, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган катары классификациялоо үчүн колдонушу мүмкүн:

(a) ишканада ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдери бар болсо (бааланышы учурдагы маалыматты жана, байланыштуу деп санаган жана, башкача болгондо, башка жыйынды киреше аркылуу же амортизацияланган нарк боюнча баалана турган финансылык активдерди камтыган).

(b) …

© ФОЭС Фонду

## *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15

5-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган.

### Колдонуу чөйрөсү

5. Ишкана ушул стандартты, төмөнкүлөрдөн тышкары, бардык сатып алуучулар менен келишимдерге карата колдонушу керек:

(a) …

(b) *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерден; бирок ишкана ушул стандартты, негизги максаты болуп ФОЭС (IFRS) 17нин 8-пунктуна ылайык, бекитилген сыйакы үчүн кызмат көрсөтүүлөрүн берүү саналган камсыздандыруу келишимдерине карата колдонууну тандашы мүмкүн.

(c) …

С тиркемесине С1С-пункту кошулган.

### Күчүнө кирүү күнү

...

С1С. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 5-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

# *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1

| |
|---|
| 7, 54 жана 82-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 139R-пункту кошумчаланган. |

## Аныктамалар

7 …

***Башка жыйынды киреше*** **башка ФОЭС тарабынан талап кылынгандай же уруксат берилгендей, пайданын же зыяндын курамында таанылбаган кирешелердин жана чыгашалардын беренелерин камтыйт (кайра классификациялоодогу оңдоп-түзөөлөрдү кошуп).**

Башка жыйынды кирешенин компоненттери төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) …

(g) …;

(h) …;

(i) ФОЭС (IFRS) 17нин 88(b)-пунктун колдонуу менен системалык бөлүштүрүү менен аныкталган сумманы пайдага же зыянга же ФОЭС (IFRS) 17нин 89(b)-пунктуна ылайык базалык беренелер боюнча келип чыккан финансылык кирешелер жана чыгашалар менен эсептик шайкеш эместикти четтеткен суммага кошуу үчүн камсыздандыруу боюнча жалпы финансылык кирешелер жана чыгашалар дезагрегацияланганда, пайданын же зыяндын курамынан чыгарып салынган, *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17нин алкагында түзүлгөн келишимдер боюнча камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер жана чыгашалар; жана

(j) ФОЭС (IFRS) 17нин 88(b)-пунктун колдонуу менен системалык бөлүштүрүү менен аныкталган сумманы пайдага же зыянга кошуу үчүн камсыздандыруу боюнча жалпы финансылык кирешелер жана чыгашалар дезагрегацияланганда, пайданын же зыяндын курамынан чыгарып салынган, кармалып турган камсыздандыруу келишимдери боюнча финансылык кирешелер жана чыгашалар.

## Финансылык абал жөнүндө отчетто берилүүгө тийиш болгон маалымат

**54. Финансылык абал жөнүндө отчет төмөнкүдөй суммаларды билдирген беренелерди камтышы керек:**

**(a) ...**

**(da) ФОЭС (IFRS) 17нин 78-пунктунун талаптарына ылайык дезагрегацияланган активдерди билдирген, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдердин топторун;**

**(e) …**

**(ma) ФОЭС (IFRS) 17нин 78-пунктунун талаптарына ылайык дезагрегацияланган милдеттенмелерди билдирген, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө таандык келишимдердин тобун;**

**(n) …**

### **Пайдалар жана зыяндар жөнүндө бөлүмдө же пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчетто берилүүгө тийиш болгон маалымат**

**82. Башка ФОЭСтер тарабынан талап кылынган беренелерге кошумча катары, пайдалар жана зыяндар жөнүндө бөлүм же пайда же зыян жөнүндө отчет мезгил үчүн төмөнкүдөй суммаларды билдирген беренелерди камтышы керек:**

**(a) өзүнчө берилген түшкөн кирешени:**

**(i) натыйжалуу пайыздык ставка методун колдонуу менен эсептелген пайыздык түшкөн кирешени; жана**

**(ii) камсыздандыруу боюнча түшкөн кирешени (ФОЭС (IFRS) 17ни караңыз);**

**(aa) …**

**(ab) ФОЭС (IFRS) 17нин алкагында түзүлгөн келишимдер боюнча камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнө карата чыгашалар (ФОЭС (IFRS) 17ни караңыз);**

**(ac) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдери боюнча кирешелер же чыгашалар (ФОЭС (IFRS) 17ни караңыз);**

**(b) …**

**(bb) ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген чыгарылган келишимдерге байланыштуу пайда болгон камсыздандыруу боюнча финансылык кирешелер же чыгашалар (ФОЭС (IFRS) 17ни караңыз);**

**(bc) кармалып турган кайра камсыздандыруу келишимдерине байланыштуу пайда болгон финансылык кирешелер же чыгашалар (ФОЭС (IFRS) 17ни караңыз);**

**(c) …**

## Жаңы стандарттарга өтүү жана күчүнө кирүү күнү

139R 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 7, 54 жана 82-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда колдонушу керек.

## *«Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет» ФОЭС (IAS) 7*

| |
|---|
| 14-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 61-пункт кошулган. |

### Операциялык ишмердүүлүк

...

14. Операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттарынын агымдары негизинен ишкананын негизги киреше алып келген ишмердүүлүгүнө байланыштуу. Мындан улам, алар адатта пайданы же зыянды аныктоодо колдонулган операциялардын жана башка окуялардын натыйжасында пайда болот. Операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттарынын агымдарынын мисалдары:

(a) …

(e) [алып салынган].

(f) …

### Күчүнө кирүү күнү

61. 2017-жылдын майында чыгарылган «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17 14-пунктка түзөтүү киргизген. Ишкана ушул түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16

| |
|---|
| 29A, 29B жана 81M-пункттары кошулган. |

## Таануудан кийинки баалоо

...

29A. Айрым ишканалар, инвесторлорго фонддогу пайлар менен аныкталган пайдаларды алып келген инвестициялык фонддун ички же тышкы фондун башкарат. Ошондой эле, айрым ишканалар тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топторун чыгарат жана базалык беренелерди кармап турат. Айрым ошондой фонддор же базалык беренелер менчик ээси ээлеп турган менчикти камтыйт. Ишкана менчик ээси ээлеп турган, ушундай фондго киргизилген же базалык беренелер болуп саналган кыймылсыз мүлккө карата ФОЭС (IAS) 16ны колдонот. 29-пункттун талаптарына карабастан, ишкана мындай менчикти ФОЭС (IAS) 40ка ылайык адилет нарк боюнча эсепке алуу моделин пайдалануу менен баалоо чечимин кабыл алууга укуктуу. Ушундай чечимди кабыл алуу максаттары үчүн камсыздандыруу келишимдерине дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер кирет. (Ушул стандартта аныкталган, ушул пунктта колдонулган терминдер үчүн «*Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17ни караңыз).

29B Ишкана 29A-пунктун колдонуу менен, менчик ээси ээлеп турган, инвестициялык кыймылсыз мүлктүн адилет нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен бааланган кыймылсыз мүлктү негизги каражаттардын өзүнчө классы катары карашы керек.

…

## Күчүнө кирүү күнү

…

81M. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 29A жана 29B-пункттарын кошкон. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19

8-пункттун сноскасына өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 178-пункт кошулган.

Квалификациялануучу (белгилүү талаптарды канаатандыруучу) камсыздандыруу полиси, «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17де аныкталгандай, милдеттүү түрдө камсыздандыруу келишими болуп саналбайт.

...

## Жаңы стандарттарга өтүү жана күчүнө кирүү күнү

...

178. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 8-пункттун сноскасына түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

## *«Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28

18-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 45F-пункту кошулган.

### Үлүштүк катышуу методун колдонуудан бошотуу

…

18. Эгерде ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялар венчурдук инвестицияларга адистешкен ишканаларга түздөн-түз таандык болсо же инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддорун кошуп алганда, өз ара фонд, пайлык фонд же ушул сыяктуу ишкана болуп саналса же ээлик кылуусу ушундай ишкана аркылуу жүргүзүлсө, анда мындай учурда ишкана бул ассоциацияланган ишканаларга же биргелешкен ишканаларга салынган инвестицияларды ФОЭС (IFRS) 9га ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоону чечиши мүмкүн. Инвестициялык типтеги камсыздандыруу фондунун мисалы болуп тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн базалык беренелер катары ишкана тарабынан кармалып турган фонд саналат. Камсыздандыруу келишимдерине карата мындай чечимди кабыл алуу максаттары үчүн дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер таандык. (Ушул пунктта колдонулган жана анда аныкталган терминдерди «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17де караңыз.)

## Күчүнө кирүү күнү жана жаңы стандарттарга өтүү

…

45F. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 18-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

***«Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28 («ФОЭС стандарттарын жыл сайын жакшыртуу, 2014–2016 –жылдар аралыгы» документи тарабынан киргизилген түзөтүүлөр менен)**

| |
|---|
| 18-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 45F-пункту кошулган. |

### Үлүштүк катышуу методун колдонуудан бошотуулар

...

18. Эгерде ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялар венчурдук инвестицияларга адистешкен ишканаларга түздөн-түз таандык болсо же инвестициялык типтеги камсыздандыруу фонддорун кошуп алганда, өз ара фонд, пайлык фонд же ушул сыяктуу ишкана болуп саналса же ээлик кылуусу ушундай ишкана аркылуу жүргүзүлсө, анда мындай учурда ишкана бул ассоциацияланган ишканаларга же биргелешкен ишканаларга салынган инвестицияларды ФОЭС (IFRS) 9га ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоону чечиши мүмкүн. Инвестициялык типтеги камсыздандыруу фондунун мисалы болуп тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топтору үчүн базалык беренелер катары ишкана тарабынан кармалып турган фонд саналат. Камсыздандыруу келишимдерине карата мындай чечимди кабыл алуу максаттары үчүн дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер таандык. Ишкана мындай ассоциацияланган ишкана же биргелешкен ишкана баштапкы таанылган учурда ассоциацияланган ишкананын же биргелешкен ишкананын ар бири үчүн өзүнчө ушундай чечим кабыл алышы керек. (Ушул пунктта колдонулган жана анда аныкталган терминдерди «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17де караңыз.)

## Күчүнө кирүү күнү жана жаңы стандарттарга өтүү

45F 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 18-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32

| |
|---|
| 4-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 33А жана 97Т-пункттары кошулган. |

## Колдонуу чөйрөсү

4. **Ушул стандарт, төмөнкүлөрдөн тышкары, финансылык инструменттердин бардык типтерине карата бардык ишканалар тарабынан колдонулушу керек:**

**(a) …**

**(d) *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерден. Бирок, ушул стандарт төмөнкүлөргө колдонулат:**

**(i) эгерде ФОЭС (IFRS) 9 ишкана аларды өз-өзүнчө эсепке алышын талап кылса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге камтылган туунду инструменттерге; жана**

**(ii) эгерде ФОЭС (IFRS) 17 ушундай бөлүштүрүүнү талап кылса, ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерден бөлүнгөн инвестициялык компоненттерге.**

**Андан тышкары, эгерде эмитент келишимдерди таануу жана баалоо үчүн ФОЭС (IFRS) 9ду колдонсо, эмитент ушул ФОЭСти *финансылык кепилдик келишимдерине* карата колдонушу керек, бирок, эгерде эмитент, аларды таанууда жана баалоодо, ФОЭС (IFRS) 17нин 7(е)-пунктуна ылайык, ФОЭС (IFRS) 17ни тандап алса, ФОЭС (IFRS) 17ни колдонушу керек.**

**(e) [алып салынган]**

**(f) …**

### Кайра сатып алынган өздүк акциялар (ошондой эле AG36-пунктту караңыз)

…

33А. Айрым ишканалар, инвесторлорго фонддогу пайлар менен аныкталган пайдаларды алып келген ички же тышкы инвестициялык фонддорду башкарат жана ошол инвесторлорго төлөнүүгө жаткан суммаларга карата финансылык милдеттенмелерди тааныйт. Ошондой эле, айрым ишканалар тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдеринин топторун чыгарат, жана ошол ишканалар базалык беренелерге ээлик кылат. Ошондой айрым фонддор же базалык беренелер ишканалардын кайра сатып алынган өздүк акцияларын камтыйт. 33-пунктка карабастан, ишкана ошондой фондго киргизилген же базалык берене болуп саналган кайра сатып алынган үлүштү капиталдан алып салбоо чечимин кабыл алышы мүмкүн, ошондо гана ишкана ушундай максаттар үчүн өзүнүн өздүк үлүштүк инструментин сатып алат. Анын ордуна ишкана мындай кайра сатып алынган өздүк үлүштүк акцияларын капитал катары эсепке алуусун улантуу, а кайра сатып алынган инструментти, инструмент финансылык актив болгондой эле, эсепке алуу жана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык, аны пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоо чечимин кабыл алууга укуктуу. Ушул чечим кайра чакыртылып алынбайт жана жеке тартипте жол-жоболоштурулат. Ушул чечимди кабыл алуу максаттары үчүн камсыздандыруу келишимдерине дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдер кирет. (Ушул пунктта

© ФОЭС Фонду

колдонулган, ушул стандартта аныкталган терминдерди ФОЭС (IFRS) 17де караңыз.)

## Күчүнө кирүү күнү жана жаңы стандартка өтүү

...

97T. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 4 жана AG8-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизген жана 33А-пунктту кошкон. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

Пайдалануу боюнча колдонмонун AG8-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган.

## Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер

...

AG8. Келишимдик укукту ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү же келишимдик милдеттенмени аткаруу талабы абсолюттук болушу мүмкүн же келечектеги окуя келип чыгышына байланыштуу болушу мүмкүн. Мисалы, финансылык кепилдик – бул зайым алуучу өз милдеттенмелерин аткарбаган учурда кредитордун кепил берүүчүдөн акча каражаттарын алууга келишимдик укугу жана кепил берүүчүнүн кредиторго төлөмдү жүргүзүүгө келишимдик милдеттенмеси. Келишимдик укук жана милдеттенме, кредитордун өз укугун жана кепил берүүчүнүн өз милдеттенмесин аткарууну талап кылууну ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү зайым алуучу тараптан милдеттенмелерди келечекте аткарбоосуна байланыштуу болсо дагы, өткөн операция же окуя (кепилдикти кабыл алуу) үчүн бар болот. Шарттуу укуктар жана милдеттенмелер, ошондой активдер жана милдеттенмелер финансылык отчеттуулукта дайыма эле таанылбаса дагы, финансылык активдин жана финансылык милдеттенменин аныктамасына шайкеш келет. Ушул шарттуу уктардын жана милдеттенмелердин айрымдары ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдер болушу мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

## *«Активдердин наркынын түшүшү»* ФОЭС (IAS) 36

*2-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 140N-пункту толукталган.*

## Колдонуу чөйрөсү

2. **Ушул стандарт, төмөнкүлөрдөн тышкары, бардык активдердин наркынын түшүшүн эсепке алууда колдонулушу керек:**

   **(a) …**

   **(h) «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген, актив болуп саналган келишимдерден; жана**

   **(i) …**

## Өткөөл жоболор жана күчүнө кирүү күнү

…

140N. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 тарабынан 2-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37

5-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 103-пункт кошулган.

### Колдонуу чөйрөсү

…

5. Башка стандарт баалоо милдеттенмесинин, шарттуу милдеттенменин же шарттуу активдин белгилүү тиби менен байланыштуу болгондо, ишкана ошол стандартты ушул стандарттын ордуна колдонот. Мисалы, жоболордун айрым типтери Стандарттарда төмөнкүлөр боюнча каралат:

(a) …

(e) *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген камсыздандыруу келишимдери жана башка келишимдер;

(f) …

### Күчүнө кирүү күнү

…

103. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 5-пунктка түзөтүү киргизген. Ишкана ФОЭС 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38

3-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 130М-пункту кошулган.

## Колдонуу чөйрөсү

…

3. Эгерде башка стандарт материалдык эмес активдин белгилүү түрүн эсепке алууну талап кылса, ишкана ушул стандарттын ордуна ошол стандартты колдонот. Мисалы, ушул Стандарт төмөнкүлөргө жайылтылбайт:

(a) …

(g) «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17нин колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимдерге.

(h) ...

## Өткөөл жоболор жана күчүнө кирүү күнү

130М. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 3-пунктка түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

## *«Инвестициялык кыймылсыз мүлк»* ФОЭС (IAS) 40

32В-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган. 85Н-пункту кошулган.

### Эсеп саясаты

32В. Айрым ишканалар, инвесторлорго фонддогу пайлар менен аныкталган пайдаларды алып келген ички же тышкы инвестициялык фонддорду башкарат. Ошондой эле, айрым ишканалар негизинде инвестициялык кыймылсыз мүлк жаткан тикелей катышуу шарттары менен камсыздандыруу келишимдерин берет. 32А-32В-пункттарынын максаттары үчүн гана камсыздандыруу келишимдери дискрециялык катышуу шарттары менен инвестициялык келишимдерди камтыйт. 32А-пункту ишканага фонддун ээлигинде турган мүлктү (же базалык объект болуп саналган мүлктү) жарым-жартылай баштапкы наркы боюнча, жарым-жартылай адилет нарк боюнча баалоого уруксат бербейт. (Ушул пунктта колдонулган жана анда аныкталган терминдерди «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17де караңыз.)

## Күчүнө кирүү күнү

85Н. 2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 32В-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду

***"Ижаранын юридикалык формасына ээ операциялардын маңызын аныктоо"* ТТК (SIC) 27**

Маалымдама пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган.

## Шилтемелер

...

• «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 17

7-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган, ал эми алып салынган текст чийип салынган.

## Консенсус

7. Мөөнөтүнөн мурда бузууда пайда болгон кандай болбосун берилген кепилдиктерди жана милдеттенмелерди кошуп, макулдашуу боюнча башка милдеттенмелер, шарттарга байланыштуу, ФОЭС (IAS) 37ге, ФОЭС (IFRS) 9га же ФОЭС (IFRS) 17ге ылайык эсепке алынышы керек.

Күчүнө кирүү күнүнүн абзацына өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы тексттин алды сызылып коюлган.

## Күчүнө кирүү күнү

...

2017-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 17 7-пунктка түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 17ни колдонууда ушул түзөтүүнү колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду